**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:37:378:378.4:94(575.2)**

**АБДИЕВ ЖЭЭНБЕК СЕЙТАЛИЕВИЧ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ТАРЫХЫ (1991-2010-жж.)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчи: Абдырахманов Төлөбек Абылович**
**тарых илимдеринин доктору, профессор**

**БИШКЕК - 2025**

МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ................................................................................................ 3**
**I Бап. ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ............................................. 9**
**II Бап. ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ....................................................... 28**
2.1. Изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы.......................... 28
2.2. Изилдөөнүн булактык негиздери.............................................................. 42
**III Бап. МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК ЖОЖдордун ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГУ.................................................. 48**
3.1. Мамлекеттик каржылоо............................................................................ 48
3.2. Жергиликтүү жана жеке менчиктик каржылоого негизделген жогорку билим берүү.................................................................................................. 83
**IV Бап. ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК ФОРМАСЫНДАГЫ ЖОЖдордун ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ............................ 93**
4.1. Мамлекеттик жана чет өлкөлүк каржылоо............................................. 93
4.2. Жогорку кесиптик окуу жайлардын эл аралык экономикалык ишмердүүлүгү.............................................................................................. 103
**КОРУТУНДУ.......................................................................................... 126**
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ.......................................................................................... 130**

# КИРИШҮҮ

**Изилденүүчү теманын актуалдуулугу.** Тарыхый учур тастыктагандай XXI кылымдын негизги өндүрүш күчү катары адамдын ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, коомчулуктун алдындагы эң башкы маселелердин бири катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Ошондуктан каралып жаткан маселени ар тараптуу илимий изилдөө менен анын турмушта колдонулуучу жактарын тактап кеңири пайдалануу, терс жактарын четке кагуу дүйнөлүк деңгээлдеги актуалдуу маселе ирэтинде коюлууда.

Ал эми өнүгүү ресурстары чектелүү болгон Кыргызстан үчүн жогорку билимдүү адистерди бүгүнкү замандын талабына ылайыктуу даярдоо маселеси маанилүү болууда. Мындай тарыхый шартты эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти С. Н. Жапаров “Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөр бардык иш-аракеттеринде билимге таянуу менен алдыга илгерилеп барат. Мына ошондой кезекте өлкөбүздө билим берүү тармагына өзгөчө басым жасоо зарылдыгын баса белгилеп айтып келем. Мамлекетибиздин негизги ресурсу – интеллектуалдык көрөңгөсү бай, идеялары оргуштаган демилгелүү жаштар. Өлкө жетекчилиги мамлекетти өнүктүрүүгө салым кошом деген жигердүү, демилгелүү, аракетчил, мекенчил жаштардын акыл ресурстарына инвестиция кылуу ийгилигибиздин ачкычы экенин жакшы билебиз” – деп баса белгилеген. Изилденип жаткан маселенин постсоветтик Кыргызстандын тарыхындагы абдан актуалдуу тема экендигин баса көрсөтүп келген дагы бир жагдай – билим берүүнүн, өзгөчө кесиптик жогорку билим берүүнүн өтө маанилүү экенине карабастан каралып жаткан жылдарда ал маселе ар- тараптуу изилдөөгө алынбай келгендиктен анын илимий негиздеги оптималдуу өнүгүү багыттарын сунуштоо зарылчылыгына байланыштуу экендигинде.

Чындыгында, диссертацияда каралып жаткан мезгил аралыгында Кыргызстандын билим берүү тармагы өлкөнүн башка чөйрөлөрүнөн

айырмаланып өтө эле көп реформаланган. Бул жылдары бир нече министрлер алмашып, болжол менен ар кандай өңүттөгү, маанидеги, деңгээлдеги жана мүнөздөгү көптөгөн аракеттер жасалган. Натыйжада, билим берүү тармагы кээ бир жаңылыктарга жана жетишкендиктерге ээ болгон. Айрым көрсөткүчтөр боюнча чөлкөмдүк жана дүйнөлүк деңгээлдеги жетишкендиктер да болгон. Бирок Кыргызстандын билим берүүсү, анын ичинде кесиптик жогорку билим берүү тармагында олуттуу жетишпестиктер кездешет. Натыйжада, бул чөйрө XX кылымдын 90-жылдарында кандай абал, мүнөз жана багытта иштеп келсе XXI кылымдын башында деле олуттуу өзгөрүүлөрсүз эскиче кала берген. Муну менен жогорку окуу жайларды өнүктүрө турган негизги базасы, бүгүнкү замандын талабына ылайыкташтырууга, өнүгүүгө муктаж. Азыркы учурда өлкөнүн баардык тармактары олуттуу реформалык кыймылга келип, коом өзгөрүп жатканда биз изилдөөгө алган маселе дагы андан артта калбоосу керек. Ошондуктан, бул маселе Кыргызстандын коомдук илимдеринин, анын ичинде тарых илиминин учурдагы актуалдуу маселелеринен экендиги талашсыз.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын рыноктук шартка өтүшүнө байланыштуу анын жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө болуп эсептелет. Алдыга коюлган изилдөөнүн максатына жетүү үчүн темада камтылган баардык маселелерди терең изилдөө менен кеңири ачып берүүгө байланышкан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

1. диссертациялык иштин илимий жактан негиздүү жана ынанымдуу болушу үчүн маселени изилдөөнүн теориялык концепцияларын оптималдуу аныктоо, аларды чыгармачылык менен колдонуу;

2. изилдөөчүлүк аракеттердин талаптагыдай жүрүшүнө жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнө тема боюнча мурда жарык көргөн илимий эмгектерди тыкыр изилдөө, аларга объективдүү баа берүү;

3. илимий иштин максатына жетүүдө изилдөөнүн объектиси менен предметин туура жана так аныктап анын негизине карата изилдөөлөрдү жүргүзүү;

4. диссертацияны ийгиликтүү аткарууда жана анын натыйжаларын илимий негиздүүлүк менен сунуштоодо изилдөөнүн методологиясын туура тандоо, аларды илимий шартта колдоно билүү. Изилдөөнүн булактык базасынын кенендигин жана маанилүүлүгүн аларды пайдалана билүү жөндөмдүүлүктү аныктоо;

5. постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын каржылоону чукул реформалоо тарыхын кароодо бул иштин нормативдик-укуктук жана саясий-директивалык негиздерин изилдеп, иргеп, анализдеп колдонуу;

6. эмгектин негизги бөлүгү менен изилдөөнүн маанилүү багыты катары бул жылдары Кыргызстандын жогорку билим берүү системасына киргизилген мамлекеттик-жеке менчик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк (мамлекет) каржылоо тарыхын изилдөө;

7. Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагында жеке менчиктик жана чет өлкөлүк жеке менчиктик каржылоодогу жогорку окуу жайлардын пайда болушу өзгөчө тарыхый мааниде болгондуктан булардын экономикалык тарыхы изилдөөгө татыйт;

8. Тарыхый фактыларга таянуу менен илимий-теориялык негизде жыйынтыкталган диссертациянын корутундусу жасалыш керек.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Мурда жарыяланган эмгектердин негизинде, архивдик маалыматтарга таянуу менен Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн экономикалык тарыхы изилдөөгө алынды жана бул маселеге байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилди.

2. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын көз карандысыздыгын алгандан кийинки мезгилдеги жогорку окуу жайларды каржылоодогу өзгөрүүлөр, окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүнө

түздөн-түз тийешеси бар мамлекеттик-укуктук актылар менен ЖОЖдордун финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча топтолгон тарыхый булактык база тарыхыйлуулуктун негизинде илимий анализге алынды.

3. Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө алып келген трансформацияланую мезгилиндеги мамлекеттик эмес жогорку билим берүүчү окуу жайлардын калыптануусунун тарыхый өбөлгөлөрүнө жана алардын рыноктук мамилелердин негизиндеги ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынды.

4. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусундагы экономикалык кызматташуусунун ЖОЖдордун экономикалык абалына тийгизген таасирине илимий баа берилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөө жүргүзүү мезгилинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги диссертациянын жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча талдоо жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү системасы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү маселелерин изилдөө иштеринде кеңири колдонууга сунушталат.

**Коргоого алып чыккан диссертациянын негизги жоболору төмөнкүлөр:**

1. Илимдин жетишкендиктерине негизделген акыл эмгегинин коомдун өнүгүшүндөгү өзгөчө орду жана коомдук өнүгүүнүн мындай потенциалын өркүндөтүп туруучу инвестициянын зарылчылыгы тууралу дүйнөлүк жана ата мекендик концепциялар жетишээрлик. Алардын тиешелүүлөрү диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык таянычы болду.

2. Маселенин актуалдуулугуна жараша бул изилдөөгө арналган эмгектер

коомдук илимдерде бир топ. Алардын ичинде окумуштуу тарыхчылардын эмгектери арбын. Бирок, жогорку билим берүү тармагынын финансылык маселелери өзүнчө тема менен жеткиликтүү деңгээлде изилденип, так баасын ала элек.

3. Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так жана оптималдуу аныктап алуу диссертациялык иштин талаптагыдай аткарылышына чоң өбөлгө түзүлдү.

4. Тарых илиминде кеңири колдонулуп келе жаткан илимий изилдөөнүн бир нече методдору менен концепцияларынын негизинде пайдаланылган методологиялык база диссертациянын илимий деңгээлине олуттуу негиз болуп берди.

5. Эгемендүү Кыргызстандын өз алдынча жогорку билим берүү тармагынын калыптанышында жана анын башка принциптерге таянган жаңы экономикалык негиздерин түзүүдө Конституция баш болгон бир нече мыйзамдар менен токтомдордун кабыл алынышы, буйруктардын чыгышы чоң мааниге ээ болгон.

6. Постсоветтик реформалардын жүрүшүндө калыптанып жашап кеткен Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагы үчүн өтө маанилүү маселе – анын эффективдүү экономикалык базасын түзүү болгон. Бул багытта бир нече экономикалык моделдер кабыл алынып, ишке ашырылган.

7. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын негизги финансылоосу катары мамлекеттик - жеке менчиктик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк каржылоо модели ишке ашырылган.

8. Дүйнөлүк жогорку билим берүүгө татыктуу интеграциялануу, чет өлкөлүк инвестицияларды активдүү тартуу жана жаштарды дүйнөлүк жогорку билим берүүгө кеңири аралаштыруу максатында киргизилген ар кандай мүнөздөгү жеке менчик экономикалык моделинин негизинде ачылган чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар дагы өз ордуларын таба алышты.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Изилдөө ишинин процессинде ЖОЖдордун экономикалык-финансылык ишмердүүлүгүнө байланышкан КР

БМА, аймактык архивдердеги, Борбордук статистика башкармалыгынын, ЖОЖдордун архивиндеги документтерге, маалыматтарга тарых илиминде кеңири колдонуучу ыкмалардын негизинде илимий анализ жасалып, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын 1991-2010-жылдардагы экономикалык тарыхы изилдөөгө алынып, илимий тыянактар чыгарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда жарыяланышынын толуктугу.** Диссертациядагы илимий жыйынтыктар жана практикалык рекомендациялар изденүүчүнүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына туура келген илимий басмаларга чыккан 12 илимий макаласында чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 129 бет.

# I БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

Кыргызстандын эгемен доорундагы жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө деңгээли кыргыз тарыхнаамасында изилдөө иштеринин объектисине карата каралып келинген. Изилдөө ишинин жүрүшүндө байкалгандай биз изилдөөгө алган мезгил боюнча жогорку окуу жайлардын экономикалык тарыхы жөнүндө илимий изилдөө болбогонун байкадык. Бирок Кыргызстандын көз карандысыздык мезгилиндеги трансформациялануу мезгилиндеги коомдук-саясий, социалдык-экономикалык башкаруу институттарынын калыптанышы, өнүгүү абалына бир катар изилдөөлөр арналгандыгын белгилегибиз келет.

Изилдөөнүн объектиси жана предметине ылайык изилдөө иши тарыхый дагы жана экономикалык дагы өңүттө болгондуктан колдонулган адабияттарды үч топко бөлүп кароого болот. Биринчи топтогу эмгектерге түздөн-түз кыргыз тарыхнаамасындагы билим берүү анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүнүн эгемен доорундагы маселелерге арналган эмгектер түздү. Изилдөөнүн жүрүшүндө экинчи топтогу эмгектер жогорку кесиптик билим берүүнүн экономикалык ишмердүүлүктөрүнө арналган эмгектер. Үчүнчү топтогу эмгектерге Кыргызстандын трансформацияланган эгемен доорундагы билим берүүсүнүнө таасир эткен коомдук-саясий өбөлгөлөргө байланышкан изилдөөлөр кирди.

Жогоркудагы топтордогу изилдөөнүн тарыхнаамалык базасы биздин оюбузча изилдөө ишинин тарыхнаамалык изилдөөлөргө таандык ыкмаларынын, принциптеринин сакталышына жана изилдөө ишинин объективдүү жүрүшүнө өбөлгө түзөөрүн аныктамакчы.

**Биринчи топтогу эмгектерге** түздөн-түз кыргыз тарыхнаамасындагы билим берүү анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүнүн эгемен доорундагы маселелерине арналган эмгектер кирди.

Ушул жерде, Совет мезгилиндеги кыргыз тарыхнаамасына кайрылып, Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагынын, педагогика илиминин,

жалпы эле билим берүү тармагынын өсүшүнө жана өнүгүшүнө көңүл буруп изилдеп келген эмгектерге кайрылып карай кетүүнү туура көрдүк.

Совет бийлиги жылдарындагы биздин республиканын жогорку окуу жайларынын өнүгүшүнө А. К. Каниметовдун, К. К. Каракеевдин, И. А. Соктоевдин, Р. Р. Айнекеновдун эмгектери арналган.[75;76; 77; 96] Бул эмгектерде – республикадагы жогорку билим берүүнүн калыптаныш тарыхы, заманбап абалы, өнүгүү маселелери жана келечектери чагылдырылган.

Биздин көз карашыбызда С. С. Данияров, С. А. Токтогонов, З. Токмергенов, Е. Т. Усубалиевдердин [65;99; 100; 101; 105] элге билим берүүнүн калыптанышына анын өнүгүшүнө, маданий тарыхына багытталган эмгектери, ошондой эле бир катар коллективдүү эмгектер терең кызыкчылыкты туудурат. Бул эмгектерде мурдагы СССРдин республикаларынын жана шаарларынын Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын уюштурулушуна жана калыптанышына, алардын материалдык-техникалык базасынын чыңдалышына жана илимий-педагогикалык кадрлар менен камсыз болушуна жардам бериши, жогорку квалификациядагы адистердин даярдалышы жана жалпы эле жогорку жана орто билим берүүнүн өнүгүшү жөнүндө бир катар маалыматтар чагылдырылган.

Бир окуу жайдын тарыхын изилдөөгө арналган эмгектердин арасында көрүнүктүү орунду СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхына арналган тарых илимдеринин доктору С. Т. Табышалиевдин эмгеги ээлеп турат [97]. Бул эмгегинде автор окуу жайдын архивинен топтолгон документтердин негизинде университеттин уюштурулушу, калыптанышы жана өнүгүшү боюнча кеңири маалымат берет. Университеттин эмгек жамаатынын тыным албаган эмгегинин натыйжасында республиканын эл чарбасы жогорку квалификациядагы адистер менен камсыз болуп жаткандыгын бул университеттин материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы, окуу жана илимий иштин өнүгүшүндө экендигин кеңири көргөзгөн.

В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер институтунун тарыхына арналган тарых илимдеринин доктору Ж.С. Татыбекованын эмгеги да ушундай мүнөздөгү эмгектерге таандык[98]. Автор эмгегинде совет мезгилиндеги кыз-келиндерди илим-билимге тартуунун кыскача тарыхынан баштап désinstituттун түзүлүү жана өнүгүү тарыхын караган. Эмгекте педагогикалык институттун структурасы толук бойдон изилдөөгө алынган. Ошону менен бирге эле окуу жайдын окуу-методикалык иштери, илимий изилдөө иштери, педагогикалык практика жана башка маселелер кеңири баяндалган.

Эгемен доорундагы жогорку окуу жайларында чет тилдери боюнча жогорку кесиптеги адистерди даярдоого кеңири көнүл бурула баштаган. Мындай окуу жайлардын бири болгон Кыргызстанда араб тилин үйрөтүүчү атайын окуу жайы Кыргыз-Кувейт  университетинин ишмердүүлүгү жөнүндө толук маалыматты  университеттин алгачкы ректору тарых илимдеринин доктору, профессор А. С. Ормушев “Кыргыз-Кувейт байланыштары” аттуу эмгегинде берет.[89]

Республиканын эл чарбасына жана маданиятына жогорку квалификациядагы адистерди даярдоонун жүрүшүн түздөн-түз чагылдырууга Ч.Ш. Жакыпованын монографиясы арналган.[70] Анда автор республикадагы баардык окуу жайлардын деңгээлинде (ПТУдан тартып ЖОЖго чейин) адистерди даярдоо маселелерин: окуу жайдын материалдык-техникалык базасынын жана окуу-тарбия иштеринин абалын, адистерди даярдоодогу социалдык-экономикалык факторлордун таасирин, акыбалын жана кыйынчылыктарына анализдөө жүргүзгөн.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү системасынын өсүп-өнүгүшү жөнүндө кызыктуу маалыматтарды ичине камтыган эмгектердин катарына авторлордун коллективи тарабынан даярдалып (башкы редактору А. Джуманалиев) 2016-жылы жарык көргөн үч томдук Кыргызстандын тарыхы (III том) да кирет.[82]

Кыргызстандын эгемендик мезгилдеги жогорку окуу жайлары жана алардын ишмердүүлүктөрүнө байланышкан изилдөө иштери тарых

илимдеринин доктору Т. А. Абдырахманов тарабынан бир кыйла кеңири каралган.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы билим берүү системасындагы, анын ичинде жогорку окуу жайларындагы реформалар, тенденциялар, проблемалар боюнча профессор Т. А. Абдырахмановдун бир канча эмгектери жарык көргөн: «Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита» (2010), «Переходные процессы и особенности демократического транзита Кыргызстана» (2013), «Кыргызстандын жана дүйнөнүн билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, тенденциялар, проблемалар» (2013) ж.б. Автор Кыргызстандын заманбап билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн көп тепкичтүү окутуу ыкмасынын толук кандуу ишке ашышы менен өлкөнүн билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке интеграциялануусундагы билим берүү долбоорлорунун, илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларына артыкчылык берүү менен интеллектуалдык ресурсту туура пайдаланууну приоритеттүү багыт катары белгилейт.45

Аталган эмгектерде негизинен Кыргызстандын совет мезгилинен кийинки билим берүү тармагындагы мамлекеттик реформаларга байланышкан маселелер көтөрүлүп, дүйнөлүк заманбап билим берүүнүн абалына илимий талдоо жүргүзгөн. Автор бул процесстердин оң натыйжалары окуу жайдын келечектеги билим берүүнүн дүйнөлүк интеграциясына кошулушуна түздөн-түз таасир этүүчү шарттардан экендигин белгилейт.

Т. А. Абдырахмановдун “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита” монографиясында жогорку билим берүү окуу жайларынын өнүгүүсүндө мамлекеттин тышкы саясатынын маанилүү багыты катары, билим берүүнү дүйнөлүк уюмдардын, донор өлкөлөрдүн көмөгү аркылуу интеграцияланышынын приоритеттүүлүгүн белгилеген. Автор Бириккен улуттар уюмунун алты уюмуна жана Европа союзунун Кыргызстан сыяктуу өнүгүп келе жаткан мамлекеттер үчүн билим берүүгө багытталган ар кандай программаларды, долбоорлорду иштеп чыгып, финансылык жардам көрсөтүүгө жасаган кадамдарына токтолгон. Ошондой долбоорлордун бири

болгон ТАСИС программасы 1991-2004 - жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасына ар кандай проектилерди ишке ашыруу үчүн 85 млн. евро бөлгөндүгүн белгилеген. [45]

Автордун эмгектеринен постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү боюнча тажрыйба алмашышын, мугалимдердин, студенттердин алмашып, окутуп иштөө боюнча программаларды жана зарыл болгон документтерди алмаштыруу боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окуу пландарынын түзүлүшү боюнча кызыктуу, пайдалуу маалыматтар камтылган.

Автор Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын дүйнөлүк укуктук кызматташууга зарыл болгон көйгөйлөрүн да белгилеген. Ошондой эле, Кыргызстандын билим берүү тармагынын интеграцияланышын, дүйнөлүк билим берүүнүн ар кайсы тармактарына интеграция болушун акырындап жана бир канча багытта болгондугун аныктаган.

Автордун ою боюнча эгемендүү Кыргызстандын алгачкы ийгиликтүү жана маанилүү I - кадамы катары анын Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги өлкөлөрүнүн билим берүү тармагына интеграция болушу;

Кыргызстандын билим берүү тармагынын эл аралык интеграциялык ишмердигинин II – багыты анын регионалдык уюмдар Евразиялык экономикалык биримдик (ЕврАзЭс) жана Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) менен болгон кызматташтыгы;

Кыргыз Республикасынын III – вектору анын Болон процессинин алкагындагы Европалык билим мейкиндигине интеграцияланышы. [45, с.110]

Профессор Т. А. Абдырахмановдун эгемен доордогу билим берүү тармагы, анын ичинде жогорку окуу жайларындагы экономикалык каржылык абал, реформалар жөнүндө башка постсоветтик мамлекеттердин билим берүү тармагы менен салыштырып анализ жүргүзгөн эмгектеринин бири «Кыргызстандын жана дүйнөлүк билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, проблемалар» (2013) монографиясы.

Окумуштуу белгилегендей совет доорундагы СССРдин баардык республикаларынын билим берүү системалары толугу менен мамлекеттик бюджет тарабынан каржыланган. СССР кулагандан кийин мурунку постсоветтик республикалардагы билим берүү бир кыйла өзгөрүүлөргө туш болгондугун белгилейт. Ошол эле учурда мурунку союздук республикалардын билим берүү тармагындагы көйгөйлөр менен окшотуктарды анализ кылып “Кыргыз Республикасындагы абал бир топ эле айырмалуу” экендигин белгилеп өткөн. Кыргыз Республикасынын “билим берүү системасын каржылоо иши өлкөдөгү саясий демократия менен экономикалык либерализмдин шартына ылайык болгон каржылоонун көп каналдуулук принциптеринин негизинде” жүргүзүлгөнүн белгилөө менен “мамлекеттик бюджеттин каражаттары үстөмдүк абалга ээ эмес” – деп көрсөтөт. Окумуштуу белгилегендей, эгемен Кыргызстандын тарыхынын алгачкы 20-жылындагы финансылык каржылоодо билим берүү тармагы, анын ичинен жогорку окуу жайларынын пайыздык көрсөткүчү салыштырмалуу башка тармактарга караганда өтө эле аз экендиги изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөттү.

Аталган эмгекте эгемендүү Кыргызстандын билим берүүсүн каржылоо механизмдерин модернизациялоо жана анын негизинде билим берүүнү каржылоону советтик принциптерден постсоветтик рыноктук тартиптерге өткөрүү процесси негизинен эки этапта (1991-2000; 2001-2010) жүргөн деп белгилейт автор. Окумуштуу сунуш кылган жогорку окуу жайлардын рыноктук мамилелерге өтүү мезгилин шарттуу түрдө кабыл алууга негиз бар.

Кыргызстандын билим берүү тармагы жана анын заманбап өнүгүүдөгү трансформацияलануу тарыхы т.и.д., профессор Т. А. Абдырахманов тарабынан изилденгенин окумуштуунун калемине таандык бир нече монография жана ондогон макалалардан көрүнүп турат.

Кыргызстандагы билим берүүнүн, анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүнүн тарыхына, проблемаларына байланышкан изилдөөлөргө болгон кызыгуу эгемендүүлүк жылдарында жанданганын байкасак болот. Профессор Каана Айдаркулдун “Международные отношения кыргызов и Кыргызстана:

история и современность” (2002) деп аталган монографиясында Кыргызстандын илим жана билим берүү жаатындагы Эл аралык байланыштарына илимий талдоо жүргүзүлгөн. Автор республикадагы илимий мекемелер менен жогорку окуу жайларындагы илимий-техникалык байланыштарга токтолуп, айрым жогорку окуу жайларынын мисалында чагылдырган.

Тарыхчы А. А. Акунов “Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021)” (2021) деген эмгегинде “XX кылымдын аягындагы ички жана тышкы мүнөздөгү эки фактор Кыргызстандын билим берүү системасын кескин реформалоого түрткү болгон” [55, 779 б] – деп белгилейт. Билим берүүнү реформалоого муктаж кылган биринчи фактор, автор белгилегендей ошол мезгилдеги “дүйнөлүк билим берүүдөгү кризисттик көрүнүштөр жана бул абалдан чыгуу үчүн жүргүзүлгөн дүйнөлүк масштабдагы реформалар” [55, 779 б.] болгон. Ал эми экинчи ички фактор болсо “советтик билим берүү салттарынан постсоветтик билим берүү системасына карай трансформациялоо маселелери менен байланышкан”. [55, 779 б.]

Окумуштуу белгилегендей: “1990-1991-жылдары, кулаган Советтер Союузунан мураска калган билим берүү системасында өтө артта калуучулук да, терең кризис да, же кандайдыр бир чечилбөөчүдөй көрүнгөн курч маселе да болгон эмес” [55, 778 б.]. Республиканын калкынын билим деңгээли, сабаттуулугу, окуу процессинин натыйжалуулугу, илимий-маданий кудурети “дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттердин катарында” [55, 778 б.] болгон. Кыргызстандагы ЖОЖдордун билим сапаты советтик жогорку билим берүү системасынын билим берүү сапатынан бир кыйла айырмаланып тураарын атайын серепчилер дагы белгилешет. Ошол эле учурда бүгүнкү чейрек кылымдан ашкан эгемендик мезгилдеги ЖОЖдордун базасынын негизин советтик мезгилдеги курулган окуу корпустары, имараттарынан баштап окуу-техникалык жабдыктары түзөт. Биз изилдөөгө алган 2010-жылга чейинки мезгилдеги жогорку окуу жайлардын көрүнүшү ошол советтик мезгилден

мурасталган боюнча, же совет мезгилиндеги имараттарды менчиктештирүү же арендага алуу мамлекеттик эмес жогорку билим берүү жайларында кездешет.

Жогорку окуу жайларынын эгемен доордогу экономикалык ишмердүүлүгүнө профессор А. Акунов төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген: экономикалык либерализмдин алкагындагы каржылоонун жана чарба жүргүзүүнүн көп тармактуулугу орун алган. [55, 793 б.] Окумуштуу белгилегендей “оор кризистик абалды башынан кечирип жаткан Кыргызстандын жогорку билим берүү системасын дал ушул көп булактуу каржылоо, өзгөчө акы төлөп окутуудан түшкөн каражаттар сактап калган” [55, 793 б.].

Тарых илимдеринин доктору Досбол Нур уулу Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын негизги проблемалары катары жогорку окуу жайлардын толук интеграцияланышында эл аралык процесстерге тартылбай жатканын, о.э. жогорку окуу жайлардын иштелип чыккан концептуалдык стратегиясынын чабалдыгын белгилейт. [88]

Профессор Н. У. Курбанова жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатынын төмөндүгүнүн бир себеби катары республиканын жогорку окуу жайларындагы профессордук-окутуучулук курамдын көпчүлүк бөлүгү же улуу муундагы же өтө эле жаш болгондугунан деп белгилейт.79 Окумуштуу айткандай жогорку окуу жайлар, айрыкча мамлекеттик, экономиканын коммерциялык секторуна айланбашы керек. [79, с.72]

Эгемендик мезгилдеги өлкөнүн билим берүү системасынын, анын ичинде жогорку билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгү, билим берүүнү реформалоо проблемаларына байланышкан бир катар илимий макалалар чет өлкөлүк жана Ата Мекендик илимий басылмаларда жарыяланып, талкуу жараткан. Буга Билим берүү мекемелеринин жетекчилери, илимпоздор, жогорку окуу жайлардын окутуучулары катышышкан. Алардын катарында т.и.д. Н. Ж. Эсенкуловдун «Реформирование образования Суверенного Кыргызстана» (2016) аталыштагы макаласы бар. Автор белгилегендей: экономикалык кризистин шартында өлкөнүн жогорку окуу жайлары көп

каналдуу финансылоонун эсебинен иштеп кеткен. Жогорку окуу жайлар мамлекеттик жана жеке каржылыкты тартуунун үстүнөн иштешкен. Өлкөнүн финансылык тартыштыгына карабастан 2001-жылы билим берүүгө ИДПнын 3,9%ы жумшалган, бул мамлекеттик чыгымдын 23,2%ын түзгөн. [108] Жогорку билим берүүгө мамлекет 490,3 млн сом жумшаган, бул мамлекеттик жалпы чыгымдын 17,2 %ын түзгөндүгүн белгилеген.

Илимий макалалардын бир катары экономикалык кирешенин көп багыттуулугу, окуу жайлардын көбөйүшүнө байланыштуу контрактык акы төлөп окуган студенттердин санынын өсүшү ж.б. арналган. Дээрлик илимий макалалардын басымдуу бөлүгүндө жогорку окуу жайларындагы абал баяндама ирээтинде берилип, жүргүзүлгөн реформалардын натыйжалуулугунун төмөндүгүнө, жогорку окуу жайларындагы билим сапатынын начарлыгы, коррупция ж.б. токтолушкан. Ал эми экономикалык жактан өз алдынчалыгын көтөрүүнүн жолдору боюнча конкреттүү сунуш-пикирлер берилген эмес. Ал тургай факталогиялык маалыматтар менен мазмундар дагы үндөшүп турат.

Кыргызстандын тарыхнаамасында жогорку окуу жайлардын экономикалык тарыхына багышталган диссертациялык иликтөө болбогону менен жогорку окуу жайларынын тарыхына байланышкан бир катар диссертациялык иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын жалпы абалы, өнүгүү тенденциялары менен алардын коомдук, социалдык-экономикалык турмушундагы салымы Е. Т. Усубалиев, Ж. А. Сагындыкова, Б. М. Алимова, А. Т. Жанакеева, Б. К. Абытов, Каана Айдаркул, Н. У. Курбанова, И. С. Болжурова, К. К. Райымбекова, Т. А. Абдырахманов, Э. А. Бейшембиев, А, Б, Абдрашев, Е. Г. Хоролец, В. И. Халанский, Т. Ф. Черноус, Ф.И. Рыскулуева, Курманали кызы Мира, Г. К. Алыкулова, Ү. Ж. Атамбаева, Ж. Абдыраева жана башкалардын докторлук жана кандидаттык диссертацияларында изилдөө иштеринин объектисине жараша каралган.

XX кылымдын 70-80-жылдарындагы Кыргызстандагы университеттик билим берүүнүн өнүгүү тарыхы боюнча Э. А. Бейшембиевдин диссертациялык изилдөөсүндө университеттик билим берүүнүн ар тараптуу көйгөйлөрү, өнүгүү

багыттары, университеттин материалдык-техникалык базасы, окуу программалары жана анын сапаттык абалы, студенттик контингенти, жаш адистерди даярдоо жана бөлүштүрүүлөрү, окуу жайдын окутуучулук тутуму иликтенген. Негизинен диссертациянын басымдуу бөлүгүн ошол кездеги Кыргыз мамлекеттик университетинин материалдары түзөт. [114]

Совет мезгилиндеги Кыргызстандын өнөр жайы үчүн жогорку жана ортоңку звенодогу инженер-техникалык адистерди даярдоо боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларынын ишмердигин изилдеген илимий эмгектердин катарына А. Жанакееванын жана Б. Абытовдун диссертациялык изилдөөлөрүн кошсок болот.

Б. Абытовдун “Подготовка рабочих и инженерно-технических кадров для промышленности Кыргызстана во второй половине 60-х годов” деген кандидаттык диссертациясында Фрунзе Политехникалык институтунун мисалында, республиканын өнөр жай ишканалары үчүн жогорку квалификациядагы инженердик-техникалык адистерди даярдоо, окуу жайдын материалдык-техникалык базасынын чыңдалышын жана өнүгүшүн анын каржыланыш маселесинин чечилишин, жаңы окуу корпустарынын, лабораториялардын, мастерскойлордун жана жатаканалардын курулушун конкреттүү материалдарды талдоонун негизинде кеңири изилдөө жүргүзгөн.

Ошону менен бирге эле, автор Фрунзе политехникалык институтунун эмгек жамаатынын, өзгөчө илимий чөйрөсүнүн-окутуучуларынын илимий-техникалык ачылыштарын, новатордук жана рационализатордук сунуштарын өндүрүшкө кеңири киргизүү менен окуу жайдын материалдык-техникалык базасынын чыңдалышына жана өнүгүшүнө кошумча каражаттын пайда болгондугун, ошондой эле илимий иш менен өндүрүштүн ортосундагы тыгыз байланыштын бекемделгендигин белгилеген.[110]

Түз болбосо да, кыйыр түрдөгү Кыргызстандын билим берүү жаатындагы эл аралык байланыштарын изилдеген диссертациялык эмгек, тарых илимдеринин доктору, профессор К. Айдаркулга таандык. Автор көптөгөн

архивдик документтердин негизинде, Кыргызстандын билим берүү жаатындагы эл аралык байланыштарын изилдөөгө алган.112]

Кыргызстандын жогорку мектебинин постсоветтик трансформациясынын теориялык-методологиялык, коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, идеологиялык жана глобализациялык аспектилери биринчи кезекте Кыргыз Республикасындагы өткөөл коомдун теориялык-методологиялык учурлары жана өлкөнүн жогорку мектебин постсоветтик реформалоо маселелери профессор Т. А. Абдырахмановдун докторлук диссертациясында кеңири каралат. Автор каралып жаткан жылдары Кыргызстан коомдук-саясий жактан салыштырмалуу ачыктыгы, жалпы мамлекеттин демократиялуулугу, айрыкча саясий системасы менен айырмаланып тургандыгы менен өзгөчө экендигин баса көрсөтөт.

Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын илимий байланыштары, алардын эффективдүү модели, илимий-техникалык жана инновациялык байланыштар жана алардын келечеги, анын ичиндеги жогорку окуу жайлардын илимий катнаштары, кыргыз-орус илимий байланыштарынын эволюциясы, илимий байланыштардын эгемендүүлүк жылдарындагы өнүгүүсү тууралуу изилдөөлөр тарых илимдеринин кандидаты Е. Г. Хоролецтин диссертациясында чагылдырылган. [122]

Кыргызстандын билим берүү тармагындагы Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги, Россия, Турция, Түштүк Чыгыш Азия, Америка, Европа өлкөлөрү менен эл аралык катнаштары, тарых илимдеринин кандидаты В. И. Халанскийдин диссертациясында изилденген. Студенттерди жана профессордук-окутуучулук курамда тажрыйба алмашуу, биргелешкен окуу жайлардын, факультеттердин, борборлордун ачылышына токтолгон. Диссератацияда Кыргыз улуттук университетинин алдындагы КАФ жана КЕФ, КГУСТА, АУК, МУКта кыргыз-араб жана кыргыз-россия факультеттеринин ачылышы, ОшМУда теология факультетинин, Кыргыз-түрк "Манас", "Ала-Тоо", университеттеринин, Кыргыз-Өзбек университетинин ж.б. филиалдарын ачылышы, Сорос, Евразия, ОПЕК, ЕС, ДЖАЙКА сыяктуу фонддор, МБРР,

ЕБРР, АБР, ИБР, ВБ сыяктуу чет өлкөлүк банктардын инвестициясын тартуу маселелери каралып, анализ жасалган. Диссертацияда аталган иш аракеттер улуттук "Билим" программасынын жана "XXI кылымдын кадрлары» аттуу Президенттик программанын алкагында жүргүзүлгөнүн белгилейт.121

Автор белгилегендей өткөн кылымдын 90-жылдарындагы өлкөдөгү билим берүүнү толугу менен каржылай албастыгынан улам ЖОЖдор инвестициянын жаңы булактарын, зайым табуунун үстүнөн иштешкен. Өкмөттүн билим берүү тармагындагы эл аралык мамилелериндеги негизги приоритеттерге: көп векторлук, ачыктык (айкындык), прагмативдүүлүк, рационалдуулук, динамикалуулук, демократиялуулук, келечекке божомолдоо кирген. [121]

Биздин изилдөөнүн темасына байланышкан изилдөөлөрдүн бири Т. Ф. Черноустун кандидаттык диссертациясы. Диссертацияда 1991-2005-жылдардагы коомдук, социалдык-экономикалык турмуштун өзгөрүү нугундагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын кризистик абалы, алардын эл аралык катнаштары, Болон келишимине кошулушу, жогорку билим берүүдөгү эл аралык тажрыйбалардын колдонулушу, жождорду модернизациялоо, эл аралык абройлуу уюмдар ПРООН, Фонд Сорос, АЙРЕКС, АКСЕЛС, ЮСАИД, ДААД сыяктуулар менен кызматташуу жараяндары иликтенген. [123]

Автор эмгегинде Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын эл аралык интеграциялык процесстерине көңүл буруу менен Кыргыз-Россия Славян университетинин тажрыйбасына таянып илимий талдоо жүргүзгөн. Албетте аталган окуу жайдын тажрыйбасы республиканын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык интеграциялануу процессине кошулуусунда үлгү катары кызмат кыла алган.

Курманали кызы Миранын кандидаттык диссертациялык изилдөөсү жогорку педагогикалык адистерди даярдоодогу маселелер менен анын келечегине арналган. Автор Кыргызстанда 26 жогорку окуу жайында педагогикалык адистер даярдалаарын белгилөө менен аларды салыштырып изилдеген. Мисалы: И. Арабаев атындагы КМУда 26 адисттик боюнча жогорку

билимдүү мугалимдер даярдалса, ОшМУда 17 адистик боюнча даярдалаарын белгилейт. Бирок, ошол эле учурда студенттердин сандык көрсөткүчү боюнча ОшМУда 1691 студент бюджетте, 4103 студент контракт менен окуса, И. Арабаев атындагы КМУда бюджетте 1456, контрактта 1524 студент окуурун белгилеген. Ошондой эле, адистерди даярдоодогу ОшМУнун сандык артыкчылыгына карабастан автор педагогикалык адистерди даярдоодогу башкы жогорку окуу жай катары И. Арабаев атындагы КМУну эсептейт. [119]

**Изилдөөнүн жүрүшүндөгү экинчи топтогу** эмгектер жогорку кесиптик билим берүүнүн экономикалык ишмердүүлүктөрүнө арналган эмгектер.

Республиканын билим берүү мекемелеринин Кыргызстандын көз карандысыздыкты алгандан кийинки экономикалык тарыхы негизинен экономисттер тарабынан изилдөөгө алынган. Алардын катарына академик Т. К. Койчуевди, А. А. Саякбаеваны, Ш. М. Мусакожоевди, А. Асанованы, Т.К. Камчыбековду, Б. А. Токсобаеваны, Э. У. Кулованы, Асан уулу Талантты ж.б. кошсо болот. Бул багыттагы изилдөөлөр экономика илимдеринин докторлору Ч. У. Адамкулова "Формирование механизма организации управления развитием ВУЗа в условиях модернизации сферы высшего образования: теория, методология, практика" (на материалах Кыргызской Республики), Б. Б. Есеналиева "Финансирование образовательных организаций Кыргызстана: теория, практика, проблемы и перспективы", экономика илимдеринин кандидаты Асан уулу Талант "Проблемы функционирования частного высшего образования в Кыргызстане" ж.б. тарабынан жүргүзүлгөн.

Экономика илимдеринин доктору Ч. У. Адамкулова Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында ЖОЖдор өз алдынча чарба жүргүзгөн субъекттерге айлануу менен башкаруу жана финансылык өз алдынчалыкка ээ болгондугун белгилейт. [111] Ошол эле учурда Эгемендик мезгилде республиканын билим берүү тармагы, анын ичинен айрыкча ЖОЖдорго мамлекет тарабынан жетиштүү каражат бөлүнгөн эмес. ЖОЖдордогу ички ресурстарды пайдалануунун негизинде өзүн-өзү каржылоого өткөрүү механизми мамлекеттик башкаруу менен базар

ыкмаларын айкалыштырып билим берүүнү жакшыртууда жаңы ресурстарды тартууга мүмкүнчүлүк түзмөкчү деп эсептейт. [111, с.366-367]

Окумуштуу заманбап Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын модернизацияланышы Болон процессинин принциптерине негизделгенин белгилейт.111

1991-жылдан 2006-жылга чейинки аралыкта мамлекеттин жогорку окуу жайларды каржылоосунда бир кылка өсүү байкалбагандыгы менен инфляциялык шартка жараша каржылоо бир кыйла дурус болгондугун белгилөө менен 2006-жылдан 2010-жылга чейинки аралыкта мамлекеттик каржылоо төмөндөгөндүгүн белгилейт. [111, с.70] 2006-жылы ИДПнын 25.0% түзсө, 2007 -22,3 %, 2008-ж. – 21,4 %, 2009-ж. – 19,6%, 2010-жылы 17,4 % түзгөндүгүн көрсөтөт.

Экономика илимдеринин доктору Б. Б. Есеналиева жалпы билим берүүгө кеткен каражат мамлекеттин чыгымынын 12%ын түзөөрүн белгилөө менен, билим берүү системасын каржылоонун жылдан-жылга өскөндүгүн белгилейт. Бирок эксперттердин берген баасы боюнча бюджеттик каражаттар билим берүүдөгү кызматкерлерге тийиштүү ар кандай кошумчалары менен айлык акы, студенттердин стипендиялары менен пособиялар үчүн бөлүнөт. [116, с. 17] Билим берүү системасында мамлекеттик жеке менчиктик кызматташтык институтун өнүктүрүү жана алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбаны колдонуу менен туруктуу билим берүү процесси Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык коопсуздугун камсыз кылуучу маанилүү сектор боло алмакчы. [116, с.36]

Чоң кызыкчылыкты экономика илимдеринин кандидаты, доцент Асан уулу Таланттын “Проблемы функционирования частного высшего образования в Кыргызстане” деген темадагы диссертациялык изилдөөсү пайда кылат. Анда автор, Кыргызстандын экономикасына рыноктук мамилелердин келип кириши билим берүүнүн товарга, тагыраагы билим берүүдөгү кызмат көрсөтүүгө айланышына шарт түзгөндүгүн, муну менен бирге республиканын жогорку окуу жайлары тарабынан көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарын

өнүктүрүүдө экономикалык маселелердин келип чыккандыгын баса белгилеген. Бул маселе, көбүнчө өлкөнүн ЖОЖдорунда окуу акысын киргизүү жолу менен билим берүү кызматтарын коммерциялаштыруу жана жогорку билим берүүдө жеке менчик формаларынын түзүлүшүнө байланыштуу деп көрсөтөт изилдөөчү.[113]

Э.и.к. Р.Н Джапарованын[130] 1991-2008-жылдар аралыгындагы жогорку билим берүү системасындагы байкалган трансформациялык өзгөрүүлөр менен тенденциялар катары төмөнкүлөрдү белгилеген: 1) билим берүү кызматынын рыногунун пайда болушу, жогорку билим берүү бул студенттердин саны боюнча атаандаштыктын курчтугу; 2) Жогорку билим берүү системасындагы коммерциялык маркетингдин өсүшү; 3) Жогорку билим берүүнүн тездик менен өсүшү – студенттердин 4,2 эсе көбөйүшү, анын ичинен сырттан окуу формасында 8,2 эсе, профессордук-окутуучулук курамдын 2,8 эсе көбөйүшү менен түшүндүрүлөт; 4) Жогорку окуу жайларында окуу процессинин материалдык-техникалык жабдылышынын жакшырышы жана модернизацияланышы; 5) Жогорку окуу жайлардын окуу планынын ашыкча унификацияланышынан баш тартышы, билим берүү программаларынын кеңейиши, жаңы адистиктердин пайда болушу; 6) Жогорку окуу жайлардын эл аралык билим берүү системасына өз алдынча чыгуусу; 7) Билим берүү системасындагы көп баскычтуулук мүнөзү; 8) Жогорку окуу жайлардын жаңы типтеринин пайда болушу; 9) Жогорку окуу жайлардын аймактык кеңейиши (2,3 эсе көбөйгөн).

Окумуштуу экономист о.э. 2004-жылы жогорку билимдүү адистер жалпы адистердин 12,7 %ын түзгөнүн белгилөө менен ал мезгилдеги Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнө жараша адистердин керектөөдөн ашыкча даярдалышын белгилеген.

Жогорку окуу жайлардын экономикалык тарыхы боюнча экономисттердин эмгектерине бир катар илимий макалаларды дагы кошсок болот. Э.и.д. М. Ж. Абдиевдин “Эл аралык интеграциялоо шартында Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасын реформалоо”

макаласында 1998-2005-жылдар аралыгында өлкөнүн билим берүү рыногунда экстенсивдүү өсүш болгондугун белгилеп “бул мезгил жогорку билим берүү системасындагы мамлекеттик жана жеке университеттерден керектөө суроо-талабынын жана сунушунун эң жогорку көрсөткүчтөрү” [42, 115 б] менен айырмаланат деп эсептейт. Окумуштуу белгилегендей бул аралыкта жогорку окуу жайларында контрактык негизде акы төлөп билим алууну каалаган студенттердин саны кескин өскөн. Аталган эмгекте калктын санына жараша жогорку окуу жайлардын катышына анализ берип “Улуу Британияда 1 миллион калкка экиден гана университет туура келсе, Россия Федерациясында алтыдан, Казакстан менен Кыргызстанда 10 университеттен туура” [42, 116 б] келээрин белгилеген.

**Үчүнчү топтогу эмгектерге** Кыргызстандын трансформацияланган эгемен доорундагы билим берүүсүнө таасир эткен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана идеологиялык багыттагы эмгектер кирди.

Мындай маанидеги эмгектердин катарында А. А. Арзыматованын, М. Т. Артыкбаевдин, А.М. Артыкбаевдин, У. Чотоновдун, А.А. Асанкановдун, З. И. Галиеванын, К. К. Иманалиевдин, З. К. Курмановдун, К. М. Муралиевдин, Ж. С. Сааданбековдун, К. О. Оторбаевдин, А. Э. Жоробекованын, А. Б. Бейшеналиевдин ж.б. эмгектери бар.

Акыркы мезгилдеги билим анын ичинде жогорку билим берүү жаатындагы олуттуу изилдөөлөр, өзгөчө педагогика жаатында, педагогика илимдеринин докторлору, профессорлор И. С. Болжурованын, Ж. Каниметовдун, педагогика илимдеринин кандидаттары Ж. Ж. Жакшылыковдун, Ф. Рыскулуеванын, политология илимдеринин доктору А. Б. Абдрашевдин эмгектеринде кездешет. Аталган эмгектерде Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы, анын өнүгүү жараяны, билим берүү тармагын демократиялаштыруу, 1991-2005-жылдардагы өлкөдөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдөгү билим берүүнүн орду жана ролу, ички, тышкы факторлордун билим берүү жаатына тийгизген таасири, жаңы тарыхый контекстин алкагындагы билим берүү саясаты, билим берүү системасындагы

кардиналдык реформалар, билим берүүнүн илимий-теориялык жана практикалык негиздери, өткөөл мезгилдеги Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тармагын интернационалдаштыруу жараяны, билим берүү тармагын реструктиризациялоонун илимий жактан колдонулушу, Кыргызстандын кредит-саат, европалык кредит технология ыкмасына өтүү жараяны, эгемендүүлүк жылдарындагы жогорку билим берүүнүн өнүгүүсү изилденген. [115; 118; 109]

Эгемендик алгандан кийинки  мезгилдеги билим берүү жаатындагы өткөөл мезгилдин тийгизген таасири, реформалар, ага ылайык бул чөйрөдөгү кризистик абалдар, билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары жана да билим берүүнү жаңы дүйнөлүк билим мейкиндигине кошуу аракетиндеги  эл аралык кызматташуу Кыргызстандын бир топ окумуштуулары тарабынан изилдөөгө алынган. Алсак, Ш. Ж. Жусенбаевдин “Мировые тенденции развития высшего образования во второй половине XX века” [71], С. Токтогоновдун “Из истории высшего образования Кыргызстана” [101], И. С. Болжурованын “Образование в Кыргызстане: стратегии и  реалии переходного периода” [63], “Проблемы и перспективы интернационализации высшего образования” [64], Н. У. Курбанованын “Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство” [79], Т. А. Абдырахмановдун “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита” [45], Н. Ж. Эсенкуловдун “Динамика и историческая преемственность суверенного развития [148], А. Б. Абдрашевдин “Эволюция и унификация систем образования в Центральной Азии”[44] , Курманали кызы Миранын “Проблемы и перспективы развития высшего педагогического образования в современном Кыргызстане” эмгектеринде Кыргызстандагы билим берүү реформасы жана өлкөнүн билим берүү саясаты талдоого алынуу менен, билим берүү тармагынын өнүгүүсүндө тышкы байланыштардын ролу мааниге ээ экени белгиленет.

Биз изилдөөгө алган мезгилдеги Жогорку билим берүү системасындагы жетекчилердин эмгектеринде жогорку окуу жайларда Жогорку Билим Берүүнүн Кыргыз Республикасынын эгемен доорунун алгачкы 20 жылындагы

экономикалык реформалар, финансылык башкаруу ишмердүүлүгү менен байланышкан экономикалык тарыхын чагылдырган эмгектер дагы изилдөө ишинин жүрүшүндө өз салымын кошту. Ошондой эмгектердин бири С. Ж. Токтомышевдин “Университет будущего. КГНУ: Прошлое, настоящее, шаги в XXI век” (1997) эмгеги болуп эсептелет. Академик 1992-1998-жылдары КМУУнун ректору, 1998-1999-жылдары Кыргыз Республикасынын Билим берүү илим жана маданият министри болуп иштеген. Албетте, эмгектин аталышы айткандай азыркы Ж. Баласагын атындагы КУУнун 1998-жылга чейинки экономикалык ишмердүүлүгү боюнча анализ кылынган маалыматтар камтылган. КМУУнун финансылоо концепциясы бюджеттик жана бюджеттик эмес бөлүктө турганын белгилөө менен автор жогорку окуу жайлардын финансылык демократиялуулугу, финансылык өз алдынчалыкка өтө башташы, эгемендик жылдардын алгачкы жылдарындагы рыноктук экономиканын билим берүү системасындагы мамилелеринин калыптана башташы жогорку окуу жайлардын өнүгүүсүндөгү, интеграциялануусундагы туура кадамдардан экендигин убакыт өзү тастыктаганын белгилеген. [102, с. 45-46]

Дал ушундай мүнөздөгү эмгектердин бири авторлордун коллективине таандык, алар тарых илимдеринин докторлору, профессорлор Э. Ж. Маанаев, А. А. Асанканов, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Н. С. Усупова. Үчөө биргеликте И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарым кылымдык маарекесин утурлай “Кузница педагогических кадров” аттуу монография чыгарышкан. Авторлор университетке байланыштуу материалдарды кеңири пайдалануу менен жана архивдик материалдарга таянуу менен окуу жайдын уюштурулушу, калыптанышы жана өнүгүшү боюнча кеңири маалымат беришкен.

**Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын эгемен доорундагы экономикалык тарыхынын изилдениши жөнүндө төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот:**

Эгемен Кыргызстандын тарыхындагы коомдук-саясий жана экономикалык өнүгүүлөрдүн алкагында өлкөнүн билим берүүсүндөгү

реформалар менен катар жогорку окуу жайларындагы өзгөрүүлөргө байланыштуу К. Айдаркул, Т. А. Абдырахманов, И. С. Болжурова, Ж. Каниметов, Э. А. Бейшембиев, Б. К. Абытов, А. Т. Жанакеева, Е. Г. Хоролец, В. И. Халанский, Т. Ф. Черноус, Г. Алыкулова ж.б. тарабынан бир катар изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө иштеринин объектиси менен предметине жараша аталган эмгектерде негизинен ааламдашуунун алкагындагы эл аралык мамилелердеги ЖОЖдун кызматташтыгы, билим берүү тармагындагы, анын ичинде ЖОЖгу реформалардын жүрүшү изилдөөгө алынган. Бирок, биз изилдөөгө алган маселелер терең иликтөөгө алынган эмес.

1991-2010-жылдар аралыгындагы республиканын Жогорку окуу жайларынын экономикасынын тарыхы боюнча негизги изилдөө иштери экономисттер тарабынан жүргүзүлүп келинген. Ч. У. Адамкулова, Б. Б. Есеналиевалардын докторлук диссертацияларында жогорку кесиптике даярдоодогу билим берүү тармагындагы пландуу экономиканын жана окуу жайлардын экономикалык өнүгүү абалынын проблемалары каралган. Бул эмгектер экономикалык багыттагы изилдөөлөр болгондуктан, айрым окуу жайлардын (Ч. У. Адамкулова Ж. Баласагын атындагы КУУнун мисалында) же эгемен доорундагы билим берүү тармагындагы ааламдашуунун негизиндеги экономикалык булактардын (Б. Б. Есеналиева) өзгөрүүлөрүнө анализ кылынган.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тармагында финансылык каржылоонун таржымалын толук түрдө илимий негизде изилдөө жүргүзүлө электиги тактыкталды.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ЖАНА БУЛАКТЫК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы

Ондогон жылдар бою пландуу чарба жана тоталитардык саясий системанын алкагында салыштырмалуу туруктуу жана өзгөрүүсүз иштеп келген билим берүү тармагы да, коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн тез жүрүшүндө жана базар экономикасына өтүүдө, мамлекеттик каржылоого таянган бардык уюмдар сыяктуу эле оор абалда калган.

Диссертациялык ***изилдөөнүн объектиси*** – Кыргызстандын эгемен доорундагы жогорку билим берүү тармагынын тарыхы. Жогорку окуу жайлардын рыноктук шарттарга жана ааламдашуунун алкагындагы талаптарга, өзгөрүүлөргө жооп бериши.

Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет болгонго чейинки тарыхындагы жогорку окуу жайлары толугу менен мамлекет тарабынан каржыланып келингени белгилүү. XX кылымдын аягы-XXI кылымдын башында билим берүү тармагы өлкөнүн өнүгүүсүнүн башка тармактарындай эле бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Өлкөнүн экономикалык саясатындагы өзгөрүүлөр дагы жогорку окуу жайларына таасирин тийгизбей койгон эмес.

Эгемендик доордун алгачкы жылдарында эле жогорку окуу жайлар саны боюнча эле эмес, анын түзүлүшү дагы өзгөрүүгө дуушар болгон. Эгерде 1991-жылга чейин республикада 1 университет, 9 институт болсо, ал эми 2010-жылы 33 мамлекеттик, 23 менчик жогорку окуу жайы болгон. [50] ЖОЖдордун ортосундагы атаандаштык (сандык, сапаттык), жаңы функциялык ишмердүүлүк (анын ичинде финансылык дагы бар), структуралык өзгөчөлүктөр, финансы булактарындагы айырмачылыктардын кириши трансформацияланып жаткан билим берүү тармагынын дүйнөлүк агымга кошулууга болгон умтулуусунун негизинде жүргөн. Ааламдашуунун шартында жогорку окуу жайлар ички,

тышкы инвестицияларды тартууга аракет жасай башташкан. Жогорку окуу жайлардын ортосундагы атаандаштыктын эң негизги критерийлеринин дагы бири Эл аралык программалардын алкагындагы долбоорлорго тартылуусунда болгон. Жогорку окуу жайлардын кирешеси эгемен Кыргызстандын экономикасында бир кыйла өзгөрүүнү башынан өткөрдү, б.а. мамлекеттик толук финансылык камсыздоодон, жарым-жартылай камсыздоого өтүү менен бара-бара окуу жайдын өзүнүн кирешесине өтө баштады. Каржылоонун ар түрдүү булактарын ишке ашыра башташтаган Жогорку окуу жайлардын экономикалык тарыхына илимий анализ кылуу зарылдыгы тарых илиминдеги маанилүү маселе.

Эгемен доорунда жогорку кесиптик билим берүү мекемелери (ЖОЖдор) Кыргызстан эле эмес Борбордук Азия аймагындагы жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк, заманбап талаптарга жооп берген, билим менен илимдин борборуна айланууга умтулууга аракет кылып келишкен. Бирок, экономикалык жактан өзүн-өзү каржылоо, киреше булагы катары мурунку советтик мезгилдеги таржрыйбанын жоктугунан улам эгемендиктин алгачкы он жылында студенттерди контрактык негизде окутууга кабыл алуу негизги булак катары эсептелгендигин байкоого болот. Чет өлкөлөрдөн келген инвестициялардын басымдуу бөлүгү накталай валюта түрүндө эмес, окуу процессине керектелүүчү каражаттар, академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу ыкмасында берилген. Мисалы, Ош мамлекеттик университетинде (ОшМУ) 1993-жылы Түркия мамлекетинин “Түркия Дианет Вахфы” келишиминин негизинде теология факультети ачылып, жылына 60 студент кабыл алына баштаган. 1-2 курстан кабыл алынган студенттер Анкара университетинде билим алышкан. Аталган факультетке 2 млн АКШ доллары инвестиция тартылган. Бул каражатка окутуучулар үчүн 6 квартира, 160 орундуу жатакана курулган. Факультетке 67 миң АКШ долларына барабар окуу каражаттары берилген. [17, с.163]

1994-жылы ОшМУ Портленд мамлекеттик университетинин (Орегон штаты АКШ) 300 миң АКШ доллары көлөмүндөгү грантын алган. Гранттын негизинде 11 мугалим, 4 студент аталган университетте стажировкадан өтүп

келишкен. Гранттык долбоордун негизинде ОшМУда менеджмент жана бизнес факультети ачылып, компьютерлер, китептер менен камсыз кылынган. [17, с. 161-162]

Мамлекеттер аралык каржылоо дагы абдан чоң кызыкчылыкты туудурат. Мисалы, Кыргыз-Россия Славян университетинин (КРСУ) каржылануусу Кыргызстан менен Россиянын бюджеттеринен жүргүзүлөт. Россиянын университеттин бюджеттик каржылоодогу үлүшү 1999-жылы 139 миң АКШ долларын түзгөн, ал эми Кыргызстандын үлүшү 115 миң АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандын Өкмөтү КРСУга 274 миң АКШ долларына бааланган имараттарды өткөрүп берген. Техникалык каражаттардын жабдуусу да үзгүлтүксүз толукталып турат. 1999-жылдын аягында жабдуулардын баланстык баасы 201 миң АКШ долларын түзгөн, анын ичинде компьютердик техниканын баасы 78 миң АКШ долларын түзгөн. КРСУнун илимий китепканасы 84 миң нускадан турат, анын ичинде 37 миң нуска окуу китептери бар[106, с. 14-15].

Жогорку окуу жайлардын Эл аралык фонддор менен дагы кызматташтыгы жолго коюулган. Мисалы, түзүлгөн учурдан тартып Кыргызстан эл аралык университети (МУК) билим берүү процессин өнүктүрүү үчүн гранттарды жана башка донордук жардамдарды тартууга багытталган саясатты жүргүзгөн. 1993–1998-жылдар аралыгында МУК ар түрдүү эл аралык фонддордон жалпы суммасы 353 миң АКШ доллары болгон 4 максаттуу грант алган. Профессордук-окутуучулук курамдын чет өлкөгө командировкалары жана стажировкалары үчүн – 187,5 миң АКШ доллары, эл аралык конференцияларга жана семинарларга катышуу үчүн – 50 миң АКШ доллары, конференцияларды жана семинарларды (анын ичинде эл аралык деңгээлдеги) уюштуруу жана өткөрүү үчүн – 121,2 миң АКШ доллары, студенттердин чет өлкөдө билим алуусу үчүн – 84 миң АКШ доллары, окуу китептерин жана маалыматтык колдонмолорду иштеп чыгуу жана басып чыгаруу үчүн – 20,3 миң АКШ доллары, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн – 41 миң АКШ доллары бөлүнгөн[106, с.71].

1994-жылдан баштап Кыргызстанда 1993-жылы АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) тарабынан каржыланып түзүлгөн "Евразия" фонду иш алып бара баштаган. Бул фонд негизинен экономикалык профилдеги билим берүүгө колдоо көрсөтүүгө багытталган жана чакан гранттарды бөлүп берүү менен ишмердүүлүгүн жүргүзгөн. "Евразия" Фондунун жылдык гранттык бюджети болжол менен 17 млн АКШ долларын түзгөн. "Евразия" Фондунун өнөктөштөрү катары Ачык Коом Институту (Сорос Фонду), Дүйнөлүк Банк, Форд Фонду, Старр Фонду жана Пью Кайрымдуулук Фонду эсептелет.

1998-жылы "Евразия" Фонду Нарын мамлекеттик университетине (НМУ) "Аксакалдар соту" долбоорун ишке ашыруу үчүн грант бөлүп берген. Бул долбоордун максаты аксакалдар сотун жаңы коомдук өзүн-өзү башкаруу институту катары түзүү болгон. 90-жылдардын экинчи жарымында "Евразия" Фондунун Борбор Азия өлкөлөрүндөгү билим берүү тармагын өнүктүрүүгө бөлгөн гранттарынын жалпы суммасы боюнча Кыргызстан үчүнчү орунду ээлеген (таблицаны караңыз) [106, с.73].

**Таблица 2.1. – "Евразия" Америка фондунун Борбордук Азиядагы регионалдык өкүлчүлүгү тарабынан бөлүнгөн гранттардын жалпы суммасы**

| **1995-жыл апрель – 1998-жыл июнь (АКШ доллары)** | |
|---|---|
| **Өлкө** | **Гранттын суммасы** |
| Өзбекстан | 1,748,021 |
| Казакстан | 1,128,091 |
| Кыргызстан | 731,339 |
| Тажикстан | 366,224 |
| Түркмөнстан | 189,534 |
| **Жалпы:** | **4,163,209** |

1994-жылы мультимиллиардер Жорж Сорос негиздеген Американын Ачык Коом Институту Кыргызстанда өзүнүн филиалын ачкан. 1995-жылдын март айында "Сорос-Кыргызстан" Фонду менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ортосунда билим берүүнү өркүндөтүү боюнча күч-аракеттерди бириктирүү максатында келишим түзүлгөн. Бул кызматташтык билим берүүнүн мазмунун жана окутуу ыкмаларын жаңылоону, мугалимдерди жана окутуучуларды заманбап талаптарга ылайык кайра даярдоону, гуманитардык билим берүү тармагында окуу китептерин жана колдонмолорду жарыялоону жана апробациялоону, ошондой эле инновациялык билим берүү долбоорлорун колдоону камтыган. 1994–1999-жылдар аралыгында "Сорос-Кыргызстан" Фонду билим берүү тармагында төмөнкү программаларды иштеп чыгып, ишке ашырган: "Гуманитардык билим берүүнү жаңыртуу", "Жогорку билим берүүнү колдоо", "Англис тили", мугалимдер, балдар жана алардын ата-энелери үчүн билим берүү программасы "Кадам артынан кадам".

Бир гана 1998-жылы "Сорос Кыргызстан" фонду билим берүү максаттарына 1,860 миң доллардан ашуун грант бөлгөн. Фонд тарабынан гранттык каржылоонун көлөмү жыл сайын өсүп турган (караңыз: Таблица 2.2.) [106, с. 74].

**Таблица 2.2.**

**"Сорос-Кыргызстан" фонду тарабынан 1994-1998-жылдары Кыргыз Республикасында ар кандай долбоорлорду ишке ашырууга бөлүнгөн гранттардын жалпы суммасы (АКШ долларында)**

| **Жылдар** | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сумма** | 216318 | 2577958 | 4068279 | 4226612 | 4579104 | 15668271 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, фонд тарабынан бөлүнгөн каражат жылдан-жылга көбөйгөн жана төрт жыл ичинде дээрлик 20 эсеге өскөн.

Диссертациялык ***изилдөөнүн предмети*** Кыргыз Республикасынын эгемендик мезгилдеги жогорку окуу жайларынын экономикалык ишмердүүлүгү.

Өлкөдөгү экономикалык кризис жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Натыйжада мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жаңы форматтары түзүлүп, уюштурула баштаган. Совет доорунда негизинен жогорку кесиптик окуу жайлар борбордо – Фрунзеде топтолуп, ал эми аймактарда бирин-серин болгон. Мисалы Бишкекте – 7 жогорку окуу жайы болсо, Ош областында – 1, Ысык-Көл областында – 1, окуу жай болгон. Мындан тышкары аймактарда борбордогу окуу жайлардын филиалдары, бөлүмдөрү уюштурулган.

Анын ичинен жогорку окуу жайларындгы билим берүүнүн форматына дагы бир катар өзгөрүүлөрдүү, жаңылануууларды таңуулаган. Тарых илимдеринин доктору,  саясат таануучу А. Акунов белгилегендей “Кыргызстан өзүнүн мамлекеттик көз карандысыздыгын жарыялагандан кийин башталган билим берүү системасындагы кризистик өзгөрүүлөрдүн өбөлгөлөрү саясий жана экономикалык кайра куруулардын себептеринен” [55, 778 б.] айырмаланган. Бул жогорку окуу жайлардын санынын өсүшү, анда окуган студенттердин контингентинин көбөйүшү менен түшүндүрүлөн. Республикада 1990-жылы – 9 жогорку окуу жайы болсо, 1995-жылы алардын саны 32ге жеткен, ал эми 2001-жылы – 48, 2005-жылы – 51, 2010-жылы – 56га жеткен. Ал эми анда окуган студенттердин санына токтолсок: 1990-жылы Кыргызстандын жогорку окуу жайларында окуган студенттердин саны 58,8 миң болсо, 1995-жылы – 64,6 миң, 2001-жылы – 207,4 миң, 2005-жылы 231,1 миң, 2010-жылы – 230,4 миңге жеткен. [55, 778 б.] 2001-жылга карата мамлекеттик жогорку окуу жайлардын аймактарда 40 филиалы ачылган. [131]

Изилдөөгө алынган хронологиялык алкакта жогорку кесиптик билим берүүнүн кызмат рыногу атаандаштык менен өнүгүүнүн үстүндө болуп келгендиги изилдөөдө белгилүү болду. 2012-жылга карата 31 мамлекеттик, 21 мамлекеттик эмес, менчик, о.э. 3 мамлекеттик өзүн-өзү каржылоо шартындагы жогорку окуу жайлар иштеген. [1, 19 б.] Айрыкча рыноктук, атаандаштыктын шартында жогорку окуу жайлардын мамлекеттин бюджетинен тышкары, кошумча кирешелерди табуу аракетиндеги атаандаштык байкалат.

Кыргыз өкмөтү 2003-жылы кабыл алынган 2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясында мамлекет билим берүү мекемемелерин толугу менен каржылай албай тургандыгын белгилеп, билим берүү мекемелерин укуктук-нормалык мыйзамдардын чегинде бюджеттик эмес киреше булактарын тартууну сунуш кылган. [131]

Кошумча тышкы кирешелерди табууда дүйнөлүк геосаясий абал өзүнүн таасирин тийгизген. Эл аралык донор уюмдардын, өлкөлөрдүн постсоветтик аймакка болгон кызыгуусунан жогорку окуу жайлардын дээрлик баардыгында өзүнүн каржылык кызматы менен таасир тийгизишкен.

Эгерде 2008-2009-окуу жылдары жогорку окуу жайларында жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен кызматташуунун алкагында 14749дан ашык чет өлкөлүк студент окуса, алардын саны 2009-2010-окуу жылында 18281ге жеткен. [1, 21-22 б.]

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкты алгандан кийинки жогорку кесиптик окуу жайларынын алдындагы эң негизги маселелердин бири Кыргызстандык жогорку окуу жайлардын дипломунун дүйнөлүк таануусуна жетишүү болгон. Ошондуктан мезгил-мезгили менен жогорку окуу жайлар билим берүүнүн дүйнөлүк жогорку кесиптик билим берүү талаптарына ылайык Болон системасына кире башташкан.

Эгемендиктин алгачкы жылдарынан башталган Кыргызстандын билим берүүсү каржылоодогу саясий-экономикалык багыты бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мурунку салттуу бюджеттик окуу формасы менен бирге акы төлөп окуу формасы киргизилген. Акы төлөп окутуу формасы жогорку окуу жайлардын бардык түрүнө киргизилген (Кыргыз-Түрк “Манас” жана Кыргыз-Кувейт университеттеринен бөлөк). Акы төлөп окуунун мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларындагы айырмасы биринчисинде контракт бөлүмүндөгүлөр мамлекеттик окуу жайдын окутууга кетирген чыгымынын бир бөлүгүн гана төлөйт. Ал эми мамлекеттик эмес окуу жайларда алар окуу жайдын кетирген чыгымдарын толугу менен төлөйт жана айрым жогорку окуу жайларда киреше дагы алып келет. Экономиканын мыйзамы

менен алганда албетте бул калыссыздык. Бирок, мамлекеттик окуу жайлардын өлкөнүн, улуттун коомдук өнүгүшүндө жана турмушундагы милдеттеринин болгондугунда.

Жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтык жана тышкы экономикалык ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын **“Билим берүү жөнүндө”** Мыйзамынын VII главасында да так аныкталган. [7]

Бул багыттагы ишмердүүлүктө өлкөнүн жогорку окуу жайлары дүйнөлүк жогорку кесиптик билим берүү алкагына тартылууда 1997-жылдын 11-апрелинде Европа аймагындагы жогорку билим берүү боюнча Лиссабон Конвенциясындагы белгиленген квалификацияларды таанууга жетишүүнү көздөгөн. [131]

Жогорку окуу жайлардын каржылык өсүүсүндө Эл аралык финансы институттарынын көмөгүндөгү гранттык-кредиттик механизмди тартуу приоритеттүү багыттардан болгон. О.э. жогорку окуу жайлардын кирешелүү булактарынын катарына билим берүү инфраструктурасынын кызматтарына акы төлөө каралып, Конвенцияда белгиленгендей 2005-жылга карата толугу менен өтүү белгиленген. [131]

Жогорку окуу жайлардын коомдук өнүгүүнүн этаптарындагы талаптар менен шарттарга жараша заманбап иштөөсүндө менеджменттик сапаттуулук артыкчылыкка ээ боло баштаган. Жогорку окуу жайларында илимий, илимий-техникалык жана инновациялык иш-чаралар билим берүү ишинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана жогорку билим берүү тармагында илимий, окуу жана өндүрүштүк ишмердүүлүктү интеграциялоо максатында жүзөгө ашырылган. Жана жогорку окуу жайларындагы приоритеттүү бул багыт бүгүнкү күндө дагы маанилүү болуу менен жогорку окуу жайлардын каржылык кирешесин аныктамакчы.

Университеттер, академиялар, институттар тарабынан илимий жана илимий-техникалык иш-чаралардын өндүрүшү милдеттүү болуп саналат. Студенттердин билим алуусундагы академиялык мобилдүүлүк билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык процесстердин натыйжалуулугуна оң таасирин

тийгизе турган эң маанилүү индикативдик факторлордун бири болуп саналат. Билим берүүнүн экспорттолушунун өсүшүндө дагы бул фактор таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан диссертациялык изилдөө ишинде эл аралык донорлор тарабынан жүргүзүлгөн жогорку окуу жайлардын студенттери менен окутуучуларынын академиялык мобилдүүлүгү жана четтен келип окуган студенттердин өсүүсүнө дагы шарт түзгөн.

Эл аралык кызматташтык, билим берүү боюнча гранттарды тартуу аркылуу чет өлкөлүк окуу жайлардын филиалдары, биргелешкен жергиликтүү жана чет өлкөлүк окуу жайлар, жогорку окуу жайларындагы бөлүмдөр, факультеттер уюуштурулуп, иштей баштаган.

Эл аралык АЙРЕКС, АКСЕЛС, ПРООН, ЮСИС, ЮСИА, ЮСАИД, ДААД, ДААНИДА, KOICA ж.б. билим берүү программаларынын, Сорос, Евразия, ОПЕК, ЕС, Джайка, фондору менен бирге эл аралык банктардын (МБРР, ЕБРР, АБР, ИБР, ВБ) билим берүү долбоорлору боюнча гранттар алына баштаган. [121, с 8]

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи**

Коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир этаптарына таандык экономикалык мамилелер, экономикалык ишмердүүлүк коомдук өнүгүүдөгү ажырагыс процесс катары тарых илиминин изилдөө объектиси боло алаарын белгилүү советтик тарыхчы И.Д. Ковальченко “Методы исторического исследования” деген эмгегинде белгилеген. [78, с. 55]

Изилдөөнүн методологиялык негиздерин тарыхыйлык принциби, илимий объективдүүлүк, тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык методдор түздү.

1991-2010-жылдар аралыгындагы Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын мурунку совет дооруна таандык “университет”, “институт” деген статустар менен бирге “академия”, “улуттук” деген статустар дагы киргизилип, түздөн-түз экономикасы менен байланышкан мамлекеттик, менчик жана эл аралык статустагы жогорку окуу жайлар иштей баштады.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап жүргүзүлгөн саясий, экономикалык жана социалдык реформалар жогорку билим берүү чөйрөсүн дагы кучагына алып, тармактагы радикалдуу өзгөрүүлөр менен коштолгон. Билим берүү, анын ичинде жогорку билим берүүнү жөнгө салган жаңы мыйзамдык, укуктук-ченемдик базалар түзүлдү. Жогорку билим берүү тармагын камтыган мыйзамдык, укуктук-ченемдик актыларда жогорку окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүктөрү дагы аныктала баштаган. Экономикалык ишмердүүлүктүн жаңы мазмуну жогорку окуу жайлардын түзүлүшүндө, мазмунунда өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна алып келгендигин белгилейбиз.

Билим берүүдөгү реформалар жогорку окуу жайларга таасирин тийгизип, анын мазмунун, формасын жана багыттарын өзгөрттү. Ошондуктан биз маселени изилдөөдө мына ушундай тарыхый мааниге ээ болгон коомдогу учурду конкреттүү процесс катары иликтөөгө мүмкүнчүлүк берген тарыхыйлык принцибин колдондук. Анткени, аталган принцип тигил же бул тарыхый окуяларды мааниге жана убакытка карап өзгөрүп турган конкреттүү процесс катары изилдөөгө негиз болмокчу. Анткени тарыхый процесстерди, окуяларды илимий жактан изилдөөдө жыйналган таасирдүү фактылар жана окуялар да бири-биринен өзүнчө турганда илим боло албайт жана илимий изилдөө талап кылган нормаларга жооп бере албайт. Ал эми чогултулган, ыраатталган фактылар бизди өткөндөн азыркыга алып келген конкреттүү, ireттүү жана үзгүлтүксүз процессти туюндурган окуялардын бирдиктүү курамын түзөт. Демек, тарыхыйлык принциби тарыхый окуялардын үзгүлтүксүз процессин, иретин жана конкреттүүлүгүн талап кылат. Ошондуктан, биз изилдөөгө алган хронологиялык мезгилдеги Жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын билим берүү чөйрөсүндөгү экономикалык ишмердүүлүкө байланышкан тарыхый шарттар, учур чакырыктарын аныктап, жыйынтык чыгарууда тарыхыйлык принциби изилдөөнүн негизги методологиялык инструменти катары кызмат кылды. Анткени биз изилдөөгө алган 1991-2010-жылдар аралыгы Кыргызстандын эгемен доорундагы конкреттүү тарыхый мезгил

катары Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын дүйнөлүк мазмунга жооп беришине алгылыктуу иштер аткарылган жана бүгүнкү жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк атаандашуусуна чыйыр салган мезгили катары эсептесек болот.

Тарыхыйлык принцибин окумуштуулар өткөн жана болуп жаткан ар кандай кубулуштардын гана себептерин аныктоого жардам бербестен, келечек тууралуу негиздүү божомол айтууга жана келечектеги социалдык өзгөрүүлөрдүн стратегиясын иштеп чыгууга да өбөлгө болоорун айтышат. В. В. Деркач "Тарыхыйлык принциби конкреттүү өз ара байланыштардын негизинде келечектеги өнүгүүнүн моделин түзүүгө да мүмкүнчүлүк берет"[66], -дейт. Демек, жогорку окуу жайлардын заманбап, дүйнөлүк билим берүү тармагына ыңгайланышып өнүгүүсүнө тарыхыйлык принциби сакталган илимий талдоолор керек.

Ошондой эле тарыхыйлык нерсени жана көрүнүштү алардын калыптануусунда жана өнүгүүсүндө, аларды пайда кылган шарттар менен органикалык байланышта таанып билүү принциби болуп саналат. Ал көрүнүштөрдүн пайда болуусун, андан ары өнүгүү багыттарын изилдейт. Бул алкактан алып караганда жогорку окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүктөрүндөгү өзгөрүүлөргө, жаңылануларга алып келген тарыхый, геосаясий кырдаалдар менен коомдогу социалдык-экономикалык, маданий шарттарды жана өбөлгөлөрдү да талдоого мүмкүнчүлүк берди.

Тарых илиминде кеңири талап кылынуучу илимий ыкмалардын бири илимий объективдүүлүк принциби. Жогорку окуу жайлардын биз изилдөөгө алган мезгилдеги экономикалык ишмердүүлүгүнө илимий баа берүүдө аталган принциптин ролу чоң. Тарыхый булактык базалар менен илимий эмгектердеги маалыматтарда, окумуштуулардын көз караштарында плюралисттик мүнөз бар. Плюралисттик мүнөзгө ээ болушу дагы мыйзам ченемдүү. Анткени, билим берүүнүн коммерцияланышы, рыноктук мамилелердин кириши, калыптанган советтик классикалык (модель УНИВЕРСИТЕТ 2.0) моделин жактоо, ошол эле учурда дүйнөлүк жогорку билим берүүгө интеграциялануу чакырыктарын

киргизүүнү, жогорку окуу жайлардын мазмунуна бир беткей сындар же өтө эле идеялаштыруу сыяктуу ойлор орун алган. Изилдөө ишинде бул өңүттө кездешкен маалыматтарга анализ кылууда илимий объективдүүлүк принцибисиз мүмкүн эместигин танбашыбыз керек.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы тарыхый изилдөө ыкмалары болгон салыштырма талдоону, хронологиялык, тарыхый-системдик ыкманы жана жалпылоо ыкмалары колдонулду. 1991-2010-жылдар аралыгын камтыган конкреттүү тарыхый аралыктагы жогорку окуу жайларынын өнүгүү динамикасындагы экономикалык ишмердүүлүктү талдоодо салыштырма талдоо (компаративдик) илимий методу кеңири колдонулду.

Тарыхый–салыштырмалуу ыкма – бири-бири менен салыштыруунун жардамы аркылуу ар түрдүү өлкөлөрдүн жана элдердин өнүгүүсүндөгү, жалпы эле адамзаттын өнүгүүсүндөгү жалпылыкты жана өзгөчөлүктөрдү табуу болуп саналат. Бул ыкма коомдук өнүгүүнү мезгилдерге бөлүп кароого мүмкүндүк берет жана ал ар түрдүү коомдордун өнүгүүсүн салыштырууда жана баа берүүдө теориялык негиз болуп саналат. Бул ыкма изилдөө проблемасынын хронологиялык мезгилдерин, ЖОЖдордун ортосундагы экономикалык ишмердүүлүктөрдүн артыкчылыктары менен натыйжаларын аныктоодо көмөк бермекчи.

Тарыхый–салыштырмалуу ыкма биз изилдеген жогорку окуу жайлардын эл аралык аренага чыгуусун, чет өлкөлүк инсвестицияларды тартуусун, эл аралык деңгээлдеги абройлуу жогорку окуу жайлар, ири фонддор, долбоорлор, атайын программалар менен иштешүү жараянын чагылдырууда да колдонулду десек болот.

Хронологиялык-тарыхый (системалык) ыкма тарыхый изилдөөлөрдө кеңири колдонулуучу ыкмалардан. Изилдөө ишинин объектиси менен предметине ылайык, коюлган милдетти жүзөгө ашырууда хронологиялык ирээттүлүк мааниге ээ. Жогорку билим берүүнүн рыноктук шарттагы экономикалык ишмердүүлүгүнүн функциялары канчалык ырааттуу, туруктуу

жана сапаттуу ишке ашырышына хронологиялык алкактагы иреттүүлүк менен тарыхый өбөлгөлөрдү эске алуу менен баа берүү мүмкүндүгүн бермекчи.

Бул таризде тарыхый–системалык ыкма – өткөн тарыхый окуяларды проблемалык хронологиялык ырааттуулукта, бирдиктүү тарыхый окуялар катары изилдөөгө: ички жана тышкы байланыштардын өнүгүүсүн, олуттуу өзгөрүүлөрдү, алардын натыйжаларын, ага жараша окуу жайлардын ээлеген ордун жана ролун, ички, тышкы түзүмүн анализдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын экономикалык статусуна жараша (бюджеттик, бюджеттик эмес, мамлекеттер аралык) классификацияларын аныктоодо тарыхый-типологиялык ыкма колдонулду.

Илимий изилдөөлөрдө кеңири колдонулган ыкмалардын дагы бирөө тарыхый–диахрондук ыкма. Бул ыкма өнүгүү жараянындагы тарыхый чындыктын маанисин, тарыхый мезгилин, анын өзгөрүшүн изилдөөгө багытталган илимий ыкмалардын жыйындысы. Белгилүү орус окумуштуусу И. Д. Ковальченко объектти анализдөөдө тарыхый-диахрондук методдун үч вариантын бөлгөн: 1) Сандык жана сапаттык мүнөздөөнүн негизинде ар кандай окуяларды билүү жана баа берүү. 2) Ички өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү жана катаал системалык объекттин жана процесстердин өзгөрүшүнүн сапаттуу баскычын бөлүү, тактап айтканда мезгилдүүлүккө бөлүү. 3) Татаал тарыхый системанын фонунда өнүгүүнүн мүнөзүн ачуу. [78]. Биздин изилдөөбүздө аталган ыкманын үч варианты тең жогорку окуу жайлардын ички жана тышкы өнүгүүсүн изилдөөдө кеңири пайдаланылды.

Дагы бир метод контент–анализ - документтер камтыган маалыматтардын мазмуну, анын ичиндеги маани-маңызы. Бул ыкма архивдик, тарыхый булактык документтерди изилдөөдө, талдоодо, статистикалык жактан иштелип чыккан сандык көрсөткүчтөрдү, маалыматтарды салттуу текстке айлантуу мүмкүнчүлүгү менен байланыштуу. Аталган ыкманын керектиги, анын мааниси, архивдик документтерден, массалык маалымат каражаттарынан, интернет булактардан ж.б. жактардан алынган олуттуу маалыматтарды,

маселелерди, публикацияларды даярдоодо жана анализдөөдө билүү. Контент-анализ ыкмасы изилдөөнүн объектисине тиешелүү болгон саясий-укуктук расмий чечимдерди - токтомдор, жарлыктар, расмий багыттар, концепциялар, пландар ж.б., тиешелүү саясатты жүргүзүүдөгү окуу жайдын конкреттүү иш аракеттерин, алардын мүнөзүн ачууда колдондум. Бул ыкма биздин изилдөөбүздө жогорку окуу жайдын эгемен доорундагы өсүп-өнүгүүсүнө негиз болгон экономикалык ишмердүүлүктөрүнө байланышкан расмий чечимдерди, көп кырдуу документтерди талдоодо маанилүү болоору талашсыз.

**Жыйынтык.** Ар бир илимий изилдөө иш жалпы жана дисциплиналар аралык ыкмаларга таянуу менен жүргүзүлүшү зарыл. Метод (ыкма) конкреттүү фактылардын жаралышын тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөр аркылуу окутуунун аракетин үйрөтсө, методология болсо методдордун жыйындысын үйрөтүүчү тарых илиминин бир тармагы болуп саналат.

Советтик доордогу илимий изилдөөлөрдөн айырмаланып, азыркы мезгилде кандайдыр бир идеологиялык көрсөтмөлөр жок. Изилдөөлөр ар кандай плюралисттик көз караштардын алкагында жүрүп жатат. Учурдагы изилдөөлөрдүн дээрлик көпчүлүгү тарых илиминдеги негизги принциптерге таянып, чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектерине, алар иштеп чыккан илимий ыкмалардын негизинде жүргүзүлүүдө.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө илимий изилдөөнүн жогоруда белгиленген методологиялык, усулдук ыкмалары, негиздери жана комплекстери колдонулду. Тарыхыйлык, обьективдүүлүк принциптери; нарративдүү ыкма; анализ жана синтез ыкмасы; тарыхый генетикалык ыкма; тарыхый салыштырма ыкма; тарыхый диахрондук ыкма; проблемалык хронологиялык же тарыхый–системалык; фактылык материалдарды системалаштыруу, жалпылоо жана аларды илимий айлампага киргизүү, тарыхый-генетикалык (ретроспективный) ыкмаларын кеңири колдонуунун негизинде тарыхый булактык базалардын топтому илимий айлампага киргизилип, тарыхнаамалык эмгектер талдоого алынды.

## 2.2. Изилдөөнүн булактык негиздери

Кыргызстандын эгемен доорундагы Жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөөнүн тарыхый булактык негизин төмөндөгүдөй топторго бөлүп карасак болот:

Тарыхый булактардын биринчи тобуна *Мамлекеттик укуктук актылардын топтому* кирди.

Өлкөнүн билим берүү системасынын жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын , «XXI кылымдын кадрлары» (1995ж.), «Билим» аттуу Улуттук билим берүү программаларынын (1996ж.), Бир нечелеген Билим берүү Доктриналарынын, Билим берүү концепцияларынын, «Аракет» (1998ж.), «Аялзат» (1997ж.), «Жеткинчек» 1999ж.), «Айыл мектеби» (2003ж.), «Жаңы муун» (2001ж.), «Билим-баардыгы үчүн» (2002ж.) сыяктуу расмий документтердин негизинде ишке ашырылган.

Билим берүү боюнча мамлекеттик-укуктук актылар, мыйзамдар, токтомдор өлкөнүн билим берүү жаатындагы саясатын ишке ашырууга багытталган. Ал эми Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында белгиленгендей: “билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат - мамлекеттик билим берүү жаатында толук аныкталган стратегиялык максаттарды жана жалпы мамлекеттик же глобалдуу маанидеги милдеттерди чечүү үчүн билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу максатында ал жүзөгө ашыруучу багыттоочу жана жөнгө салуучу иши. Ал мыйзамдар, жалпы мамлекеттик программалар, өкмөттүк токтомдор, ошондой эле коомдук уюмдарды жана кыймылдарды, кеңири коомчулукту алардын карамагында болгон каражаттар (массалык маалымат каражаттары, коомдук академиялар, кесиптик ассоциациялар, союздар ж.б) аркылуу колдоо көрсөтүү үчүн аларды тартуу жолу менен ишке ашырылат”. [7]

Эгемендиктин алгачкы жылдарынан баштап жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердиктин багыттары өзгөрдү, башкаруу структурасындагы өзгөрүүлөрдү жаратты, билим берүүнүн мазмунун жана масштабын кеңейтти. Реформага ылайык жогорку окуу жайларында рынок экономикасы талап кылган заманбап жаңы адистиктерди даярдоо башталды. Жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк билим берүү стандарттарына ылайыкташтырылган жаңы мыйзамдык жана актылык-ченемдик нормалары түптөлдү. Эгемендик алгандан кийинки алгачкы жылдарда Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" (1992-ж) мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамга ылайык Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык байланыштары жана кызматташуулары активдешти жана масштабы, багыттары кеңейди.

1993-жылы май айында мамлекеттин улуттук валютасы сом киргизилгенден кийин, инфляциялык абалга байланыштуу Кыргыз Респуликасынын Президентинин 1993-жылдын 29-июлунда эмгек акыны, пенсия, пособия жана стипендияны көтөрүү боюнча жарлыгы чыккан ("**О повышении размеров заработной платы, пенсий, пособий и стипендий**).

2002-жылы 29-апрелде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 259 токтому менен Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн 2010-жылга чейин өнүктүрүү боюнча концепциясы кабыл алынган. [131] Концепцияда белгиленгендей билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги багыты "окуу жайларында жаңы информациялык технологияларды колдонуу жана компьютерлештирүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интергрsuccesцияланууну" аныктаган. [131]

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн 2010-жылга чейинки комплекстүү планында Концепцияда белгиленгендей мамлекеттик, мамлекеттик эмес, менчик жогорку окуу жайлардын саны өскөн. 1991-жылы республикада менчик жогорку кесиптик билим берүүчү жай болгон эмес, ал эми мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын саны 2001-жылы 59га жеткен. Бул Жогорку билим берүү системасын реформалоо, ааламдашуусу үчүн шарттарды, Укуктук мыйзамдык нормаларды ыңгайлаштыруу талаптарын койгон. Натыйжада 2003-

жылы 30-апрелде “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамга толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизилген.

2003-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы (№ 92) кабыл алынган. Аталган мыйзамдын II главасында каралган «Билим берүүнүн тутуму» жөнүндөгү бөлүгүнүн 22-беренесинде кесиптик жогорку билим берүү каралган. О.э. Мыйзамдын 32-беренесинде “Билим берүү тутумунун кызматкерлерин социалдык жактан коргоо” каралып тармактын кызматкерлерине эмгек акы жана кызматтык маянасы, эмгек келишимдери боюнча төлөнүүчү акылар менен бирге кошумча төлөмдөр кошумча келишимдин негизинде жүргүзүүлөрү белгиленген. ЖОЖдор беренеде белгиленгендей өздөрүнүн тескөөсүндөгү каражаттардын чегинде “илимдин доктору же кандидаты, философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасы үчүн” жана “5 жылдык педагогикалык иш стажысы үчүн – эмгек акынын он пайызынан аз эмес, 10 жыл үчүн – жыйырма пайызынан аз эмес, 15 жана андан да көп жыл үчүн – отуз пайыздан аз эмес өлчөмүндө” төлөп берүүсү каралган. [7]

Билим берүүнү өнүктүрүүнүн экономикалык негиздери жана каржылоо Мыйзамдын VI главасында каралган. Мында каржылоонун булактары катары: республикалык жана жергиликтүү бюджеттер, жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары, кредиттер, мамлекеттик гранттар, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, ыктыярдуу соопчулуктары[7] ж.б. Кыргыз Республикасынын “мыйзамдарына карама-каршы келбеген дагы башка булактар” [7] аныкталган.

Мыйзамдын 43-беренесинде көрсөтүлгөндөй жогорку окуу жайлардын камкорчулук кеңештерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген финансылык ж.б. материалдык каражаттарды ыктыярдуу негизде тартууга мүмкүнчүлүк берилген. Белгиленген беренеде мамлекеттик бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттарды кимдер аныктаары дагы белгиленген. Бюджеттик каражаттар казналык тарабынан контролдонгону

белгиленсе, бюджеттик эмес каражаттар камкорчулук кеңеши жана коомдук институттар тарабынан көзөмөлгө алынаары аныкталган. [7]

Мыйзамдын 46-беренесинде белгиленгендей жогорку окуу жайлардын “материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү өзүнө бекитилип берилген бюджеттик каражаттардын жана өзүмдүк каражаттардын чегинде” [6] окуу жайлар өздөрү аныкташкан. Ал эми мыйзамдын VII главасынын 50-беренесинде белгиленгендей «тышкы экономикалык иштен алган, менчик укугундагы өзүнө таандык валюталык каражаттарга” ээ болуу менен “алар билим берүү тутумун өнүктүрүүгө жана анын материалдык-техникалык базасын чыңдоого” жумшалаары белгиленген. [6]

Аталган мыйзамда менчик жогорку окуу жайлардын имараттарды, курулмаларды, мүлктөрдү уюштурууга мүмкүнчүлүк берген атайын берене каралган – 47 берене. Анда бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен сатып алынган мүлк жогорку окуу жайлардын өз алдынча тескөөсүндө болоору о.э. жогорку окуу жайдын өзүнүн балансында эсепке алынаары белгиленген.

Аталган беренеде мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин негизинде жер участокторун бөлүп берүү дагы каралган. Эгемен мезгилде мыйзамдын бул беренесине ылайык бир катар окуу жайларга жер тилкелери бөлүнүп берилип, анда окуу жайлардын окуу корпустары, жатаканалары ж.б. керектүү имараттары курулган.

Изилдөөнүн предметине ылайык билим берүүнүн финансылык ишмердүүлүгүндө акы төлөнгөн кызматтарына анализ берүү дагы кирет. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 18-майдагы № 300 чечими менен билим берүүнүн акы төлөөчү кызматтары жөнүндөгү Жобосу – “**Положение о формировании и применении цен на платные образовательные услуги в Кыргызской Республике**” – кабыл алынат. Бул жобо билим берүүдөгү акы төлөнгөн кызмат көрсөтүүчү бирдиктүү укуктук ченемдик документ катары каралат. Акы төлөп билим алуунун кызматынын чекене бааларынын аныкталышы Жобонун IV бабында каралат. Жобонун 6 - пункуту боюнча акы төлөп кызмат көрсөтүүнүн прейскуранты мамлекеттик антимонополия

кызматынын макулдугу менен мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилери белгиленген. [9]

Ошону менен бирге акы төлөнгөн билим берүү кызматы Жобонун 12-пункутунда белгиленгендей ишкердик ишмердүүлүк катары эсептелбейт. Бул окуу жайдын билим берүү процессине кетирген чыгымдарын гана толуктоо болуп эсептелген.9]

Укуктук актылардын топтомуна Кыргыз Республикасы эгемендикти алгандан кийин мүчө болуп кирген Эл аралык уюмдардын билим берүү боюнча келишимдерин дагы кошсок болот.

Тарыхый булактардын дагы бир тобун *архивдик булактар* түзөт. Архивдик булактардын тобуна Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги (КР БМА) 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку кесиптик билим берүүнүн экономикалык ишмердүүлүгүнө байланышкан республиканын Жогорку окуу жайлар боюнча төмөнкү фонддорундагы маалыматтар кирди:

№ 869 - фонд Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин документтери; № 1734 - фонд И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын документтери; № 2682 - фонд Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын документтери; № 2635 - фонд К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин документтери; № 2599 - И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин документтери; № 2566 - И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин документтери; № 2910 - Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин документтери; № 2922 - У. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология жана тоо-кен университетинин документтери; Ош мамлекеттик университетинин маалыматтары камтылган № 228 фонду; Ош мамлекеттик педагогикалык институнун экономикалык ишмердүүлүктөрүн камтыган № 227 фонду; Академик М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин ишмердүүлүгү боюнча № 1; № 1474 фондулары; Батыраалы Сыдыков

атындагы Кыргыз-Өзбек университетинин ишмердүүлүгү боюнча № 1510 фонду. № 2902 - Кыргыз Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын документтери; № 2904 - Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын документтери; № 1582 – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин документтери; Аймактык архивдердеги документтер жана Ош областык мамлекеттик архивиндеги (ООМА) жогорку окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгү жөнүндөгү документтер ж.б.

Мындан тышкары биз изилдөөгө алган тарыхый мезгил аралыгындагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын экономикалык ишмердигин чагылдырган жана жетишкендиктерин көрсөткөн статистикалык жыйнактар да бизге фактологиялык материал катары маанилүү булак болду. О.э. булак катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, бир катар жогорку окуу жайлардын учурдагы архивдик материалдары да пайдаланылды. Массалык маалымат каражаттарынын беттеринде жарыяланган материалдар, интернет булактары жана кээ бир жогорку окуу жайлардын жетекчиликтери менен болгон баарлашуулар да булактык негизди түздү.

# III БАП. МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## 3.1. Мамлекеттик каржылоо

Ааламдашуунун дүйнөлүк маселелери менен тең жарышкан өзгөрүүлөр менен атаандаштык билим берүүнүн жаңы талаптарын коюу менен бирге өзгөртүүлөргө учураган. Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү окуу жайлары коомдук өнүгүүнүн таануулаган көптөгөн өзгөрүүлөрүнө туш келген.

Кыргызстандын XX кылымдын 30-жылдарында башталган Жогорку окуу жайлары өсүп өнүгүүсүндө көптөгөн кыйынчылыктарды басып өткөн. Кыргызстан көз карандысыз мамлекет болуусу менен коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өз алдынча өнүгүүгө бет алган. Республиканын экономикалык тарыхындагы жаңылануулар билим берүү тармагына дагы тийешелүү болгон.

Көз карандысыздыкты алган алгачкы мезгилдери өлкөнүн коомдук өнүгүүсүндө социалдык-экономикалык тартыштык байкалган. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстандын «саламаттыкты сактоо, билим менен илим, маданият жана спорт тармактары эл чарбасынын башка чөйрөлөрүнө салыштырганда оор кыйынчылыктарга кабылган. Анткени, алар мурда толугу менен совет бийлигинин камкордугу алдында болуп, бул тармактар базар мамилелерине азыраак ыңгайлашкан эле».[55, 53 б.]

Экономиканын либералдаштырылган алгачкы баскычы катары белгиленген 1990-1993-жылдар[55, 165 б] аралыгында Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын экономикалык абалы бир кыйла оор абалда болгон. Мамлекеттик толук каржылоонун карамагындагы жогорку окуу жайларды камсыздоо чыгымдарын толук аткара албай калган. Экономиканын базар мамилесине өткөрүү зарылчылыгы 80-жылдардын аягында эле башталган.

Кийин эгемендиктин алгачкы мезгилинде күч алган экономикалык каатчылык жогорку кесиптик окуу жайларды экономикалык жактан толук

камсыздай алган эмес. Ошондуктан, өкмөт билим берүү кызматынын рыногунун, каржы табуу булактарын жакшыртуу максатындагы укуктук-ченемдик мыйзамдарды, чечимдерди кабыл алуу менен жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүүгө интеграцияланышына жол ачып берген.

Кыргызстандын жогорку окуу жайлары 1991-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин чектелген мамлекеттик каржылоонун үстүндө иштөөдө. Мамлекеттик бюджеттен билим берүүгө, анын ичинен жогорку окуу жайларына жумшалган каражаттын көлөмү төмөндөгүдөй болгон: 1991-жылы 5,6 млн. рубль билим берүү багытына берилсе, анын 0,7 миллиону жогорку окуу жайларына бөлүнгөн, 1995-жылы 1064,9 млн. сом билим берүүгө жумшалса, анын 87,5 млн. сому жогорку окуу жайларына жумшалган, бул Ички дүң продукциянын (ИДП) 0,5 %ын түзгөн. 2000-жылы билим берүүгө 2293 млн. сом бөлүнгөн, бул ИДПнын 3,5 %ын түзгөн, анын ичинен жогорку окуу жайларга 337,5 млн. сом жумшалган. Жогорку окуу жайларга жумшалган каражат ИДПнын 0,5 %ын түзгөн. 2005-жылы мамлекеттик бюджеттен билим берүүгө 4917,7 млн. сом бөлүнгөн, ал ИДПнын 4,9 %ын түзгөн. Ал эми жогорку окуу жайларга бөлүнгөн каражат ИДПнын 0,9 %ын түзгөн, же болбосо 930,5 млн. сом бөлүнгөн. 2009-жылы 12541,6 млн. сом бюджеттен билим берүүгө бөлүнүп, ИДПнын 6,4 %ын түзгөн. Анын ичинен жогорку окуу жайларга 1959,2 млн. сом бөлүнүп, ал ИДПнын 1,0%ын түзгөн. [136] 2010-жылга каралган бюджетте билим берүүгө 12822,9млн. сом каралган. Анын 1989,7млн. сому жогорку окуу жайларга бөлүнгөн. [138]

Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасынын (ПРООН) регионалдык бюросунун адамзаттык өнүгүү боюнча отчетунда Кыргызстанда 1990-2001-жылдар аралыгында ИДПдагы билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү 8,3%дан 3,1%га чейин азайганы белгиленет (бул учурда дүйнөлүк орточо деңгээл 4,1%ды түзөт).

Көз карандысыздык жарыялаган 1991-жылы Кыргызстандагы 9 жогорку окуу жайында 58,8 миң студент бюджеттик негизде окуган. [55, 792 б] 1991–2010-жылдар аралыгында жогорку окуу жайларынын саны 6 эсеге көбөйгөн

жана 2009-2010-окуу жылында алардын саны 54кө жеткен. Ошентип, 2010-жылы Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү 54 жогорку окуу жайынан турган тармакты түзүп, алардын ичинен 32си мамлекеттик, ал эми 22си жеке менчик болгон.

**Диаграмма 3.1.**




2010-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында 218 миңден ашуун студент билим алган. Натыйжада, эгерде 1990-жылы республикадагы ар бир 10 миң адамга 130 студент туура келсе, 2010-жылы бул көрсөткүч 410го жеткен. Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү тутумунун ачыктыгы жана ийкемдүүлүгү аркасында өлкөдө чет элдик студенттердин саны кескин өскөн. Ошондой эле, көптөгөн кыргызстандыктар чет өлкөлүк жогорку окуу жайларында, анын ичинде Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) жана Шанхай кызматташтыгы уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин университеттеринде билим алышууда.

Кыргыз Республикасындагы Жогорку билим берүү системасынын андан-ары өнүгүшү жана жогорку окуу жайлар тармагынын кеңейиши, ошондой эле, жогорку окуу жайлардын филиалдарынын жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ачылышы аркылуу, контракттык негизде окуган студенттердин саны жыл

сайын өскөн да, алар жалпы жогорку окуу жайларда окуган студенттердин дээрлик 85%ын түзгөн.

**Таблица 3.1. Мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттердин өсүү динамикасы**[142]

| | **1995** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** | **2002** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Студенттердин жалпы саны (*миң*)** | 57,2 | 121,0 | 146,0 | 174,4 | 192,0 | 199,8 |
| **бюджет** | 38,8 | 33,2 | 33,5 | 34,2 | 32,0 | 30,7 |
| **контракт** | 18,4 | 87,8 | 112,5 | 140,2 | 160,0 | 169,1 |


Таблицада көрсөтүлүп тургандай мамлекеттик жогорку окуу жайларында бюджеттик формада окуган студенттердин санынын жылдан-жылга азайгандыгы жана ошол эле учурда, окуу акысын төлөп окуган студенттердин санынын дээрлик он эсе өскөндүгү көрүнүп турат.

Ошондой эле белгилеп кетүү керек, эгерде 1991-жылы Кыргызстандагы жогорку билим берүү толугу менен мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланса жана студенттердин окуусу да мамлекет тарабынан төлөнсө, 2011-жылы мамлекеттик бюджеттен каржыланган студенттер өлкөдөгү жалпы студенттердин болгону 10,1%ын түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен билим алган бир студентке кеткен орточо жылдык чыгым болжол менен 5000 сомду түзгөн, бирок студенттин билим алуусу үчүн реалдуу каржылык муктаждык бул суммадан эки-үч эсе көп болгон. Мунун натыйжасында жылдан-жылга жогорку билим берүү тутумуна бөлүнгөн мамлекеттик каржылоонун жетишсиздиги сакталып келген. Кээ бир жогорку окуу жайларынын эсептөөлөрүнө ылайык, бул каражаттар адистерди даярдоого керектүү жалпы чыгымдардын болгону 15-20%ын гана жаба алган. Ошондуктан калган чыгымдар атайын каражаттардын эсебинен жабылган. Бул өздүк каражаттары менен окуган (контракттык негизде) студенттердин мамлекеттик бюджеттин эсебинен окуган студенттердин билим алуусун кыйыр түрдө каржылап жатканын билдирет.

Төмөнкү диаграмма жогорку билим берүүнүн каржылоо булактарынын (бюджеттик жана атайын каражаттар) жалпы каржылоого болгон катышын (%) көрсөтөт. 2008-жылдын мисалында.

**Диаграмма 3.2.**

**Жогорку билим берүүнүн каржылоо булактарынын жалпы каржылоого болгон катышы (%) (2008-жыл)**




Диаграммада көрсөтүлгөндөй, жогорку билим берүүнү каржылоодо, бюджеттик каражаттарга караганда атайын каражаттар бир нече эсе жогору болгон.

Муниципалдык бюджеттин эсебинен гана Ош мамлекеттик-педагогикалык институту иштеп турган. Формалдуу түрдө Бишкек мамлекеттик университети дагы муниципалдык университет деп эсептелген, бирок анын муниципалдык статусу толук аныкталган эмес. Контракттык негизде окуу формасы киргизилгенден кийин, жыл сайын бюджеттик негизде окуган студенттердин саны азайып жатат. Контракттык каражаттарды көбөйтүүгө умтулуу менен, жыл сайын төлөмдүү окууга кабыл алынган студенттердин саны көбөйүүдө. Ошол эле учурда, айрым жогорку окуу жайларда контракттык негизде кабыл алуу лицензиялык талаптарга каршы жүргөн. Мисалы,

лицензияда көрсөтүлгөн чектелген контингенттин ордуна (мисалы, 200 студент), кээ бир университеттер 2000 студентке чейин кабыл алышкан.

1990–1997-жылдардагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин (КМУУ) мисалында, жыл сайын бюджеттик негизде окуган студенттердин саны азайып, контракттык негизде окуган студенттердин саны көбөйүп жаткандыгын көрүүгө болот, ал эми атайын каражаттардын бөлүгү өсүүдө. (Төмөнкү таблицаларды караңыз).

**Таблица 3.2.**

**Студенттердин окуунун түрү боюнча сандык өзгөрүшү**

| **КМУУ** | **1990** | **1993** | **1994** | **1995** | **1996** | **1997** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бюджет** | 8703 | 7492 | 6439 | 5429 | 4142 | 3727 |
| **Контракт** | | 1613 | 2135 | 4165 | 8798 | 14520 |

**Таблица 3.3.**


**Каржылоо (миң сом).**

| **КМУУ** | **1990** | **1993** | **1994** | **1995** | **1996** | **1997** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бюджет** | | 3687 | 12691,8 | 8856 | 12642 | 10125 |
| **Контракт** | | 1666,9 | 10153,2 | 24979,7 | 31661,6 | 47638,1 |

Ошондой эле, контракттык негизде окуу формасы киргизилгенден кийин, жогорку окуу жайларында сырттан окуу бөлүмүнө кабыл алынган студенттердин саны көбөйгөн.

2008-2010-жылдардын мисалында, күндүзгү форма боюнча кабыл алуу 2008-жылга салыштырмалуу 2010-жылы 21%га азайган. Муну менен бирге, сырттан окуу бөлүмүнө кабыл алынган студенттердин саны 12%га өскөн, бул билим берүүнүн сапаты боюнча чоң күмөндөрдү жаратты.

**Диаграмма 3.3.**





Диссертациялык изилдөөнүн хронологиялык алкагы камтыган 1991-2010-жылдар боюнча Жогорку билим берүүнүн каржыланышын карап көрсөк, жогорку окуу жайларга жумшалган Ички дүң продукциянын каражатынын пайыздык бөлүгүнүн жогорку чеги 2006-2010-жылдар болгон.

Экономикалык өнүгүүдөгү инфляцияны эске алганда мамлекет тарабынан бөлүнгөн каражат жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнө кеткен чыгашаны толук жаба алган эмес. Жогорку окуу жайлардын рыноктук экономикага туруштук берип иштеп кетиши үчүн, өкмөт аларга либералдык экономикалык абалды киргизүүгө мүмкүндүк берген.

**Диаграмма 3.4.**

**Билим берүү тармагын багыттары боюнча каржылоонун көрүнүшү (2005-2010-жж. мисалында)**




Диаграммада көрүнүп тургандай жалпы билим берүү мекемелерин каржылоодогу мамлекеттик чыгымдардын негизги бөлүгү мектептик билим берүүгө бөлүнгөн. Жогорку окуу жайларында билим берүү көбүнчө контракттык окуу жана башка кирешелердин эсебинен жүргүзүлгөн.

Көз карандысыздыктын алгачкы мезгилинен баштап жогорку окуу жайларды реформалоо иштери аларга берилген статустар менен башталган. Мурун 1 университет, калгандары институт деп аталса, эми жогорку окуу жайлардын дээрлик бардыгы мамлекеттик статусу берилип, ал тургай бир катарлары улуттук статусуна ээ болушкан.

Жогорку окуу жайлардагы өзгөчөлүктөрдүн айырмачылыгы, алардын ишмердүүлүгүндө экономикалык мамилелердин кириши окуу жайдын экономикалык абалын оңдоодо киреше табуунун жолдорун издей башташкан.

Ошондуктан, өкмөт билим берүү кызматынын рыногунун, каржы табуу булактарын жакшыртуу максатындагы укуктук-ченемдик мыйзамдарды, чечимдерди кабыл алуу менен жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүүгө интеграцияланышына жол ачып берген».47]

Алсак, 1992-жылы “Билим берүү жөнүндөгү” кабыл алынган мыйзамдын VI бөлүгүндө билим берүүнү каржылоо жана экономикалык негизи 38-статьясында «финансылоонун негизги булагы республикалык жана

жергиликтүү бюджет» деп белгиленип, каржылоонун кошумча булактарына «ишканалардын, мекемелердин, коомдук уюмдардын жана фонддордун, чет өлкөлөрдүн жана атуулдардын, учредитель жана соучредитель болгон жеке адамдардын каражаттары»[2] кирээри белгиленген. О.э. мыйзамдын аталган статьясы боюнча «окуу үчүн акы төлөө»[2] дагы киргизилген.

Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, 1993-1994-окуу жылына кабыл алууда дээрлик баардык мамлекеттик жогорку окуу жайлар бюджеттик окутуу менен бирге билим алуу үчүн акы төлөп окутууну киргизген. Натыйжада, жогорку окуу жайларда студенттерди акы төлөп окутуу негизинде кабыл алуунун саны өсүп, мамлекеттик жогорку окуу жайлардын экономикалык бекемдүүлүгү, базар экономикасына туруштук берүүсүнө шарт түзүлгөн.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү секторунун жана университеттердин структурасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2000-2005-жылдарда студенттердин санынын жана университеттердин тармагынын кеңейиши, негизинен, мамлекеттик жана жеке билим берүү мекемелеринин ачылышы аркылуу болуп, алар республикадагы бардык облустарда түзүлгөн. Ошондой эле, жогорку окуу жайлардын филиалдарынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн уюштурулуусу аркылуу, контракттык негизде окуган студенттердин саны жалпы жогорку окуу жайларда окуган студенттердин үчтөн биринен көбүн түзөт.

Бирок, бул процесс бир топ башкаруу жана каржылоо маселелерин жараткан. Маселен, 30 университет Билим Берүү жана Илим министрлигинин түзүмүндө, АУПКР – Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына, МУК – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Академия МВД – Ички иштер министрлигине, КММА – Саламаттык сактоо министрлигине, Дипломатиялык академия – Тышкы иштер министрлигине, Бишкек жогорку аскердик окуу жайы – Коргоо министрлигине, Ош мамлекеттик педагогикалык институту – жергиликтүү мамлекеттик администрацияга тиешелүү болгон. Бул уюштуруу структурасынын бөлүнүшү жана айрым ведомстволордун көзөмөлүндө болушу

билим берүү тармагынын интеграциясын жана каржылык тескемесин оорлоткон.

Натыйжада, билим берүү тармагын каржылоо бюджеттен ар кандай мамлекеттик органдар аркылуу жүргүзүлүп келет. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бардык билим берүү чыгымдарынын болжол менен 20% ын көзөмөлдөп, калган 80% гранттар менен Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин кароосуна алынат. Жергиликтүү бюджеттер болсо ушул 20% чегинде катышат. Бул бөлүштүрүү билим берүү тармагындагы фонддордун башкаруусундагы узак мөөнөттүү көйгөйлөрдү жана жетишсиздиктерди көрсөтөт, анткени каржылык ресурстардын тартыштыгы жана бөлүштүрүлүшүнүн айкынсыздыгы билим берүү мекемелеринин эффективдүүлүгүнө түз таасир этет.

Жогорку окуу жайлардын эгемен доордогу экономикалык ишмердүүлүгүнүн алкагындагы каржылоонун жана чарба жүргүзүүнүн көп тармактуулугу орун алган. [55, 793 б.] Илимпоз А. Акунов белгилегендей “оор кризистик абалды башынан кечирип жаткан Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын көп булактуу каржылоо, өзгөчө акы төлөп окутуудан түшкөн каражаттар сактап калган” [55, 793 б.].

Мисалы алып карасак 1991-жылдын 1-сентябрынан баштап Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун даярдоо бөлүмү акы төлөп окутууга өткөн. Окуу акысы, 80 рубль стипендия төлөө менен жана 30 рубль тамак ашка кошулуп, 2500 рубльди түзгөн. Тамак жана стипендия төлөнбөй 1500 рубль болгон. [34, л. 224]

Кыргыз мамлекеттик медицина институту менен республиканын орус тилин окутуу боюнча институтунун келишиминин негизинде Индия мамлекети 1991-жылдын 24-декабрынан баштап даярдоо бөлүмүнүн 6 студентине 120 рубль окуу акысы жана 30 рубль тамак-аш үчүн төлөй баштаган. [35, л.300]

1992-жылы 2-январда Кыргыз мамлекеттик медицина институту (КММИ) менен Индиянын «Менон институтфор стадиз» фирмасы менен түзүлгөн

келишимдин негизинде чет өлкөлүк студенттерди окутуу үчүн даярдоо бөлүмү түзүлгөн.

Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунда 1993-94-окуу жылында акы төлөп билим алуу 1500 сом болгон. Инфляцияга байланыштуу 1994-жылдын 10-мартындагы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун ректорунун буйругу (приказ № 55) менен стипендия төлөөнү эске алуу менен 1975 сомго, стипендия төлөнбөй 1700 сомго көбөйгөн. Буйруктун 3 пункуту боюнча контрактык негизде окуган студенттерди бир ай аралыгында окутуу үчүн 475 сом кошумча төлөнөөрү керектиги белгиленген. [37, л.92] Окуу жайдын 1994-жылдын 20-сентябрына карата берген маалыматында контракта окуган студенттердин саны төмөнкү таблицада берилген[26]:

**Таблица 3.4. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун окуу акысын төлөп окуган студенттеринин саны (1994-ж.)**

| **Факультет** | **Курс** | **Контракт төлөөчүлөр КР** | **Чет элдик студенттер** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|
| Дарылоо | I | 122 | 17 | 139 |
| | II | 58 | 40 | 98 |
| | III | 24 | 58 | 82 |
| | IV | - | 3 | 3 |
| | V | - | 1 | 1 |
| Педиатрия | I | 25 | - | 25 |
| | II | 16 | - | 16 |
| | III | - | 1 | 1 |
| Стоматология | I | 25 | 1 | 26 |
| | II | 16 | 2 | 18 |
| | III | 12 | 2 | 14 |
| Фармацевтика | I | 11 | 1 | 12 |
| | II | 5 | 4 | 9 |
| | III | - | 9 | 9 |
| Сан-гигиеналык | I | 2 | - | 2 |
| | II | 8 | - | 8 |
| **Жалпы** | | **324** | **139** | **463** |

Жогорудагы таблицада жергиликтүү жарандар менен чет элдик жарандар үчүн дагы керектүү адистик дарылоо болгондугу көрүнүп турат, бирок акыркы

үч жыл ичинде чет элдиктердин бул адистикке келиши кескин кыскарып кеткен.

Натыйжада, постсоветтик 20 жыл аралыгында жогорку окуу жайлары үчүн мамлекет бир дагы китеп, компьютер, лабораториялык прибор же реактив, окуу мебелдерин, жатакана үчүн кровать ж.б.у.с. сатып алган эмес. Жогорку окуу жайларынын бир дагы кызматкери мамлекеттин эсебинен илимий иш сапарга барып же өзүнүн квалификациясын жогорулаткан эмес. [47, 55-59 б.]

Ата Мекендик Жогорку окуу жайлардын (ЖОЖ) билим берүү кызматын эки мезгилге бөлүп карасак болот: Биринчи 1991-1995-жылдар аралыгындагы өткөөл мезгил. Бул мезгилге жогорку окуу жайлардын билим берүү кызматынын мазмунунда толук бюджеттик окутуудан акырындык менен акы төлөп окутуунун кире башташы. Мамлекеттик окуу жайларда билим берүү кызматы ички жана тышкы студенттерге келишимдик негизде сатыла баштаган. Келишим окуу жайлардын административдик башкаруусу менен студенттердин ортосунда жүргөн.

Мамлекеттик жогорку окуу жайларда коммерциялык кирешелердин бардык мүмкүнчүлүгү киргизилген. Мисалы окуудан чыгарылган студенттерге кайра “калыбына келтирүү үчүн” акы салынган. Буга мисал келтирсек, 1994-жылы КММИнин ректорунун “Об изменении платы за восстановление в студенты КГМИ на 1993-94 уч.год” деген № 56 буйругу чыккан. Буйрука ылайык 1993-94-окуу жылынын 2 семестринде окууга калыбына келтирүү үчүн, стипендия төлөнбөгөн 850 сом көлөмүндө акча каражаты төлөөсү киргизилген. [37]

Мамлекеттик айрым жогорку окуу жайларда контрактык негизде окуган студенттерге стипендия каралган. Мисалы, КММИнин ректорунун 10-май 1993-жылдагы бекитүүсүү боюча 1993-94-окуу жылдарындагы контрактык бөлүмүндөгү студенттердин стипендиясынын көлөмү төмөндөгүдөй бекитилген: жетишүүсүнө байланыштуу социалдык стипендия – 1160 руб (5 сом 80 тыйын); канааттандыраарлык жана аралаш баа алгандар – 2120 руб (10 сом 60 тыйын); жакшы баага окугандар – 2440 руб (12 сом 20 тыйын); жакшы

жана эң жакшы баага окугандар – 2600 руб (13 сом); эң жакшы баага окугандар – 2760 руб (13 сом 80 тыйын). Мындан тышкары контрактык окуу акысы – 785 сом болгон. [29] КММИнин студенттери контрактык окуу акысын стипендиясы жок төлөөсү дагы каралган. Мисалы КММИнун ректору тарабынан бекитилген контрактык негизде окуган студенттердин 1994-95-окуу жылы үчүн окуу акысында: стипендия менен 3630 сом, стипендиясы жок 3100 сом белгиленген. [31]

Ошол эле учурда студенттерди окутууга кеткен жогорку окуу жайлардын чыгымына токтолсок. Ошол эле КММИде 1993-жылкы смета боюнча 4811 студентке, капиталдык ремонт жана керектүү жабдууларды алууну кошпогондо, 630834,8 миң руб. кеткен. Б.а. 1 студент үчүн кеткен чыгаша 131123 руб. түзгөн. Институттун материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн каралган (ар бир студенттин контрагына) кошумча каражат 26224 рубльди түзгөн. Эгерде материалдык-техникалык базаны чыңдоого кеткен 20% чыгымды кошо эсептегенде студенттерге жумшалган жалпы каражат – 157347 рубльди түзгөн. [29]

1993-жылдын 20-майына карата бекитилген КММИнин штаты 1538,5 орун эсептелип эмгек акысынын бир айлык фонду 44240 сомду түзгөн. Окуу жайдын ректорунун айлыгы – 123,6 сомду түзгөн: 96 сому ээлеген кызматы, 9 сом кошумча айлык, 9 сом дарылаганы, 9,6 сом эмгек сиңирген врач наамы үчүн төлөнгөн. [33]

Ошондой эле 1993-жылы Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлиги тарабынан КММИге кошумча бөлүнгөн каражаттын жалпы суммасы 120522,0 рубльди (I квартал - 20280,0; II кв. – 33311,0; III кв. -34891,0; IV кв. – 32040,0) түзгөн, бул эмгек акы менен стипендияларды көтөрүүгө жумшалган. [20]

Мединституттун 1993-жылга түзүлгөн сметасы боюнча чыгашалардын суммасы – 13303,0 миң рубльди түзгөн. Студенттерге билим берүүгө кеткен каражат оборудование жана капиталдык ремонтту эсепке албаганда 43870,5 миң рубльди түзгөн. [29, л.294] КММИнин контрактык негизде студенттерге

билим берүү боюнча бекитилген штатта 14 профессордук-окутуучулук курам иштеген жана алардын орточо айлыгы 11778 рубль болгон. Бир айга бекитилген айлык акынын фондусунун суммасы 164892 рубльди түзгөн. Окуу-көмөкчү кызматы 7 штаттык орун болуп, орточо айлык акысы 4527 рубльди түзүп, бир айлык фонду 31689 рубльди түзгөн. Админстративдик-чарбалык кызмат 7 штаттан турган орточо 4674 рубль айлык акы менен, бир айлык фондусу 32718 рубльди түзгөн. [13. л.298] 1993-жылдын башына карата контрактык негизде 57 студент окуган, 1-снтябрга 100 студент кабыл алуу пландаган. [13, л.303]

КММИнин контрактык бөлүмүндө окуган студенттеринин окуу акысы 1994-1995-окуу жылы үчүн окуу жайдын ректору тарабынан төмөндөгүдөй суммада бекитилген: 3630 сом стипендия менен, 3100 сом стипендияны кошпогондо. [14, л.36] Ал эми, клиникалык ординатурада окуунун акысы 2500 сом стипендия кошулбай, 4900 сом стипендия менен бекитилген. [14, л.39] Контрактык негизде окуган студенттердин саны 454 болгон: 1 курс – 187; 2 курс – 154; 3 курс – 82; 4 курс – 31. [14, л.46] Чет өлкөлүк студенттердин саны 134, даярдоо бөлүмүндө 8 адам окуган. Ал эми клиникалык ординатурада 160 киши окуган. [14, л.46]

КММИнин контрактык бөлүмүндө окуган студенттеринин окуу акысы 1995-1996-окуу жылы үчүн төмөндөгүдөй болгон [30, л.138]:

**Таблица 3.5.**

**Медициналык институттун 1995-1996 –окуу жылындагы окуу төлөмүнүн суммасы**

| **Факультет** | **Стипендиясы жок** | **Стипендия менен, стипендиянын 1 айлык көлөмү 60 сом** |
|---|---|---|
| Дарылоо | 3500 | 4350 |
| Педиатрия | 3500 | 4350 |
| Санитардык-гигиеналык | 3500 | 4350 |
| Фармацептика | 3500 | 4350 |
| Стоматология | 3850 | 4700 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 1995-1996-окуу жылында стипендиясы жок жана стипедиясы менен окуу төлөмүнүн ортосундагы айырмачылык өтө чоң болгон эмес.

Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунда 1996-1997-окуу жылы үчүн контрактык бөлүмүндө окуган чет өлкөлүк жана Кыргызстандык студенттеринин окуу акысы окуу жайдын ректорунун буйругу менен төмөндөгүдөй суммада бекитилген: 5390 сом стипендия менен, 4520 сом стипендияны кошпогондо жана чет өлкөлүк жарандар үчүн 500 АКШ доллары өлчөмүндө.

КММИнин 1996-1997-окуу жылындагы контрактык бөлүмүндө окуган студенттеринин саны жана окуу акысы төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн [41, л. 37]:

**Таблица 3.6. КММИнин 1996-1997-окуу жылындагы контрактык бөлүмүндө окуган студенттеринин саны жана окуу акысы**

| Факультет | 1 курс | 2 курс | 3 курс | 4 курс | 5 курс | контракт стипендия менен сом | контракт стипендия жок сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дарылоо** | 200 | 130 | 107 | 76 | 60 | | |
| контракт | 182 | 11 | 88 | 41 | 15 | 5390 с. | 4520 с. |
| чет өлкө | 18 | 19 | 19 | 35 | 45 | | 500 $ |
| **Педиатрия** | - | - | 15 | 7 | 1 | | |
| контракт | - | - | 15 | 7 | - | 5390 с. | 4520 с. |
| чет өлкө | - | - | - | - | 1 | | 500 $ |
| **Стоматология** | 37 | 29 | 20 | 12 | 15 | | |
| контракт | 34 | 27 | 19 | 9 | 12 | 5740 с. | 4870 с. |
| чет өлкө | 3 | 2 | 1 | 3 | 3 | | 500 $ |
| **Фармацевт** | 16 | 8 | 9 | 10 | 10 | | |
| контракт | 16 | 7 | 5 | 4 | - | 5740 с. | 4870 с. |
| чет өлкө | - | 1 | 4 | 6 | 10 | | 500 $ |
| **Сан-гигиена** | 1 | 3 | 2 | 4 | - | | |
| контракт | 1 | 3 | 2 | 4 | - | 5390 с. | 4520 с. |
| чет өлкө | - | - | - | - | - | | 500 $ |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, студенттердин санынын өсүшү ырааттуу эмес экендиги байкалат, эгерде Дарылоо жана Стоматология факультеттеринде өсүш жыл сайын болсо, өзгөчө Дарылоо факультетинде, ал эми Педиатрия жана Сан-гигиена факультеттеринде тескерисинче. Ал түгүл Педиатрия факультетине акыркы эки жылда бир дагы абитуриент тапшырбаганы көрүнүп турат.

КММИнин 1997-1998-жж. клиникалык ординатурада окуу акысы [39, л.146]: 1-жылга 550 АКШ доллары, 2-жылга 400 АКШ доллары стипендиясыз бекитилип, окуу акысы сом менен Улуттук банктын төлөгөн күндөгү курсу боюнча жүргүзүлгөн.

1995-жылга докторлук диссертацияларды коргоого – 3515 сом, кандидаттык диссертацияларды коргоого 2305 сом каралган. [32, л.40]

Улуттук валюта – сом киргизилгенден кийинки экономикалык инфляцияга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын жарлыгына байланыштуу (О повышении размеров заработной платы, пенсий, пособий и стипендий 29.07.1993.) студенттердин стипендиясына өзгөртүүлөр кирген. Мисалы КММИнин ректорунун № 197 буйругу (24.08.1993) менен окуу жайдын аспиранттарынын, студенттеринин стипендиясы минималдуу айлык акыга жараша 1993-жылдын 1-августунан баштап 28 сом; 1993-жылдын 1-октябрынан баштап 32 сом болуп бекитилген. [36, л.96] Ушул эле буйруктун 2-пункуту боюнча нан жана нан азыктарынын кымбатташына байланыштуу 1 - августтан баштап кыргыз өкмөтүнүн чечимине ылайык студенттерге 5 сом көлөмүндө компенсация төлөө каралган. [36. л.96]

**Таблица 3.7.**

**КММИнин 1997-жылдагы киреше чыгашасы боюнча маалымат төмөндөгүдөй болгон** [27, л. 37; 39]**:**

| **Статьялардын аталышы** | **Статьянын №** | **Студенттин окуу акысы** | **Даярдоо бөлүмү** | **Калыбына келтирүү** | **Чет өлкөлүк студент** | **Клиникалык ординатура** | **жатакана төлөмү** | **Атайын совет** | **КРСУ(келишим боюнча окутуу)** | **Канд. миним тапшыруу** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Киреше** | | 3604,0 | 189,1 | 344,0 | 2197,4 | 1300,5 | 473,0 | 29,7 | 73,1 | 16,9 |
| **Чыгаша** | | | | | | | | | | |
| Эмгек акы | 1.1 | 972,7 | 53,2 | 155,0 | 851,0 | 344,2 | - | 13,4 | 0,6 | 10,6 |
| соцфонд 36,5% | 1.2.1.1. | 355,6 | 18,4 | 53,5 | 321,6 | 118,7 | - | 4,7 | 0,2 | 3,6 |
| жалпы чыгаша | | 3604,0 | 189,1 | 344,0 | 2197,4 | 1300,5 | 473,0 | 29,7 | 73,1 | 16,9 |

Мамлекеттик бюджеттен өлкөнүн билим берүү тармагын каржылоого бөлүнгөн каражат, республиканын билим берүүсүнө гана эмес, тармактардын

ичинде дагы туура эмес бөлүштүрүлүп келген. Мисалы, мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражат тартыш болгондуктан, анын дээрлик баардыгы тең өлкөнүн билим берүүсүнүн өнүгүүсүнө эмес, анын утурумдук чыгашаларын эптеп жаап турууга багытталган. Башкача айтканда, мектепке чейинки билим берүү тармагына бөлүнгөн каражаттын 68,7%ы окутуучу-тарбиячылардын эмгек акысын төлөгөнгө жумшалса, ал эми жалпы орто билим берүүчү мектептерге бөлүнгөн каражаттын 78,3%ы окутуучу-мугалимдер менен кызматкерлердин эмгек акысын төлөгөнгө чегерилет. Мындай көрүнүш өлкөнүн жогорку билим берүү тармагына өзгөчө мүнөздүү. Бул тармакка бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттин каражатынын дээрлик баардык бөлүгү эмгек акы төлөөгө жана студенттердин стипендиясына бөлүнгөн. Мисалы, К. Скрябин атындагы Айыл чарба институтунун 1992-жылдагы финансылык ишмердүүлүгүнө көңүл бурсак, бөлүнгөн каражаттын басымдуу бөлүгү айлыка, анан студенттердин стипендиясына кеткен [21, л.49-54]:

**Таблица 3.8. Айыл чарба институтунун 1992-жылдагы Сметасынын аткарылышы**

| **Чыгашанын түрү** | **Смета боюнча** | **Факт** | **Айырма** |
|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 22157,0 миң рубль | 22157,0 миң рубль | |
| Эмгек акыга которуу | 8419,1 | 7660,6 | - 758,5 |
| Чарбалык чыгымдар | 4071,0 | 4663,7 | + 592.7 |
| Командировка | 21,6 | 28,3 | + 6,7 |
| Окуу чыгымдары | 2999,0 | 3172,5 | + 173,5 |
| Стипендия | 12682,5 | 13373,4 | + 690,9 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Айыл чарба институтунун 1992-жыл үчүн сметада каралган каражатынын 80 %дан ашыгы стипендия менен чарбалык чыгымдарга кеткен.

Кыргыз Техникалык Университетинин (КТУ) финансылык-коммерциялык ишмердүүлүгүнө токтолсок. Мисалы Фрунзе Политехникалык институтунда (ФПИ) 1991-1992—окуу жылындагы студенттердин окуудагы эң жакшы жетишкендиктери үчүн жогорку стипендиянын көлөмү 2500 рублди түзгөн.[18, л.298]

Кыргыз Техникалык университетинин 1994-1995- окуу жылына кабыл алынган студенттер, контрактык билим берүү  формасында адистиктердин багыттары боюнча 2000 сомдон 4500 сомго чейин окуу акысын төлөгөн. КТУнун контрактык бөлүмүнө  25 июндан 20-августка чейинки  кабыл алуусу боюнча  31 адистик боюнча 610 студент кабыл алынган. [16] 1994-жылдын 17-октябрына карата кабыл алынган студенттерден окуу жайдын кассасына 1054775 сом киреше түшкөн. [38] Ал эми ушул эле окуу жайдын котрактык окуу боюнча бөлүмүнө, 1995-1996-окуу жылы үчүн 636 студент кабыл алынган. Окуу жылдын башына карата 1 курска кабыл алынган студенттерден түшкөн каражаттын көлөмү 1425906 сомду түзгөн. [22]

Окуу жайдын казынасында (счетунда) 1998-жылдын 1-январына карата калган калдык – 548,9 миң сом болгон. 1999-жылдын акыркы күнүнө чейин смета боюнча түшүүчү киреше – 24380,6 миң сомду түзө турган болсо, иш жүзүндө – 18048,7 миң сом гана (74 %) түшкөн. Контрактык негизде окутуудан – 12694,3 миң сом киреше кирген (сметада каралганы боюнча контрактык окуутудан 14789,9 миң сом түшмөк). Контрактык окуутунун төлөмдөрү 85,8 % аткарылган. Факультеттер боюнча аткарылышы: ФБМ – 4547,7 миң сом; ФФН – 3074.7 миң сом; Сырттан окуу бөлүмү – 2670,6 миң сом; Энергофак – 1111,9 миң сом; Техникалык факультет – 568,3 миң сом; Мехфак – 493,3  миң сом; ЦОКЭ – 23,6 миң сом; ЦДП – 204,2 миң сом. Өндүрүштүк-коммерциялык ишмердиктен 5354,4 миң сом киреше кирген. [40, л. 118-120]

1998-жылы КТУнун чыгашалары төмөндөгүдөй болгон: жалпы чыгаша 16561,0 сомду түзгөн. План боюнча 24142,1 сом каралган. Анын ичинен эмгек акыга 7864,1 сом кеткен, план боюнча 8223,6 сом каралган. Бул жалпы кирешенин 43,7 % түзгөн. Соцфондго 2862,5 миң сом которулган. 895,7 миң сомго капиталдык ремонт жасалган , план боюнча капиталдык ремонтко 1407 миң сом каралган. 830,0 миң сом канцеляриялык, типографиялык ж.б. материлдарды алууга жумшалган. 331,002 миң сомго 2 автомашина алынган. Окуу процесси жана компьютерлердин кооперативдик сети үчүн 864,2 миң сом жумшалган. Мамлекеттик бюджетте каралган коммуналдык тейлөөлөргө 2226

миң сом которулган. Жалпысынан мамлекеттик бюджет боюнча 10249 миң сом пландаштырылган, факт жүзүндө 9585,8 млн. сом же 93,5 % гана алынган. [40, л. 118-120]

1999-жылга КТУ илимий изилдөө иштерин финансылоо боюнча 865,5 миң сом бюджеттик негизде Билим Берүү министрлиги менен келишим түзгөн. Ушул келишимдин алкагында 60 миң сом өлчөмүндө Кыргызэнергохолдинг менен өндүрүштүк келишим түзүлгөн (проф. Рахимов К. Р.), келишим боюнча трансформатордун жаңы опуттук үлгүсү иштелип чыккан.

Илимий изилдөө иштерине гранттык негизде алынган каражаттар да колдонулган. Мисалы, ЮСАИДден алынган 44 миң АКШ долларына Ф. З. Бостонкулова "өндүрүштүк журналистика" адистигин ачкан. [28, л. 118-120]

Жогорку окуу жайлардын эмгек жамааттарынын айлык акылары өлкөнүн экономикалык реформаларынын негизинде, инфляцияны эске алуу менен белгиленип турган.

Мисалы, профессор-окутуучулардын айлык акысы Ош Мамлекеттик Университетинде (ОшМУ) 1993-жылы төмөндөгүдөй болгон: илимдин кандидаты-профессордун орточо айлыгы 9000 рубль, илимдин доктору-профессордуку 10400 рубль, илимдин кандидаты -доценттер 7200 рубль, ага окутуучулар 6400 рубль, окутуучулар 5120 рубль айлык акы алышкан. Жалпы штатта 622 профессор-окутуучу иштеп, жылдык айлык акы 47838240 рубльди түзгөн. Профессордук-окутуучулук курамдын орточо айлык акысы 3986520:622 = 6409,19 рубльди түзгөн. [24, л.26-47]

1994-жылдын 1-январына карата бюджеттен финансылоонун көлөмү 62592 сом болсо, жылдын аягына чейин 55151 миң сом алган. Жыл башында капиталдык ремонтко бюджеттен 2 046 073 сом каралса, ал жыл аягында 3672237 сомду түзгөн. [23, л.3]

ОшМУнун 1995-жылдагы чыгымына токтолсок: айлык акы үчүн казнадан (казначействодон) 4279,5 сом сметада каралса, иш жүзүндө чыгым 4280,6 сомду түзгөн. [23, л.4]

1995-96-окуу жылында ОшМУда окуп жаткан студенттердин саны 4208 адам болгон, ал эми профессор-окутуучулук курамдын штаты 611 адамды түзгөн. Профессордук-окутуучулук курамдын эмгек акысы (без почасовой и прочих видов) 2383,2 сомду түзсө, административдик жана жардамчы окуу кызматында – 730 адам эмгектенип алардын айлык акысы 1304 сомду түзгөн. [23, л.7] Жылдык киреше 12502 844 сом болсо, анын ичинен 28 300 сом бюджеттик финансылоодон, 491 614 сому атайын каражаттан (за счет специальных стредств), спонсордук киреше – 737 422 сомду түзсө, контрактык окуудан түшкөн каражат 245 508 сом болгон. [23, л.8]

1996-жылдын 1-январына карата ОшМУнун структурасында 9 факультет, 46 кафедра жана 500гө жакын профессордук-окутуучулук курам иштеген. Студенттердин жалпы саны 5184 болуп, анын ичинен 4189 студент күндүзгү бөлүмдө, 995 студент сырттан окуу бөлүмүндө окуган. [23, л.17]

Эгемендиктин алгачкы 10 жылындагы өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына байкоо салсак, ИДПдагы билим берүүнүн көсөткүчү төмөндөгүдөй: 1991-жылы – 6,0% түзсө, 1995-жылы – 6,6 %, 1997 – жылы – 4,9 %, 1999-жылы – 4,1 %, 2001-жылы – 3,9 % ды түзгөн. [142] Билим берүүнү мамлекет тарабынан каржылоонун мындай абалы ЖОЖдор эле эмес жалпы билим берүү системасынын тутумундагы кызматкелердин эмгек акыларына таасирин тийгизген, эмгек акы күнүмдүк керектөөгө кетүүчү каражаттан эки эсе аз болгондугун белгилегибиз келет. Мындай оор абал албетте билим берүүнүн сапатына кедергесин тийгизбей койбойт. Натыйжада билим берүү тармагындагы тажрыйбалуу кызматкерлер, анын ичинде жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучулук курамынын бир катарлары адистиктерин алмаштырышкан жана чет өлкөлөрдөн иш издөө менен кетишкен.

1991-1996-жылдар аралыгындагы өлкөдөгү инфляциянын жогорку темпинен улам жогорку окуу жайларды каржылоонун жетишсиздигинен жогорку кесиптик билим берүүчү жайлар экономиканын рыноктук мамилелерине тартылган. Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын негизги кирешесин акы төлөп билим алуу түзгөн.

Өлкөдөгү экономикалык каатчылыкка карабастан, мамлекет тарабынан жогоку билим берүү окуу жайларын каржылоо иштери тынымсыз жүрүп келген. Мисалы, 2001-жылы мамлекеттик бюджеттен жогорку окуу жайларга кеткен чыгым мамлекеттик чыгымдын 17,2 %ын же 489,6 млн. сомду түзгөн. [139]

**Таблица 3.9.**

**Мамлекеттик Жогорку окуу жайлардын финансылык кирешелеринин өсүү динамикасы (бюджет, млн. сом)** [142]

| | **1991** | **1992** | **1993** | **1994** | **1995** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Каржылоо жалпы Билим Берүү** | 5554,9 | 37342,0 | 227184,0 | 730765,0 | 1064901,0 |
| **Жогорку окуу жайлары** | 700000 | - | - | - | 87,5 |
| **Жалпы Билим Берүүдөгү ИДПнын %дык көлөмү** | - | - | - | - | - |
| | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** |
| **Каржылоо жалпы Билим Берүү** | 1222830,0 | 1514035,0 | 1681599,0 | 1991278,0 | 2293036,0 |
| **Жогорку окуу жайлары** | 166,7 | 238,4 | 322,9 | 319,9 | 337,5 |
| **Жалпы Билим Берүүдөгү ИДПнын %дык көлөмү** | - | - | - | 4,1 | 3,5 |
| | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** |
| **Каржылоо жалпы Билим Берүү** | 2847580,5 | 3350426,8 | 3753551,6 | 4361258,4 | 4917667,9 |
| **Жогорку окуу жайлары** | 489,6 | 657,3 | 747,3 | 984,3 | 951,1 |
| **Жалпы Билим Берүүдөгү ИДПнын %дык көлөмү** | 3,9 | 4,4 | 4,5 | 4,63 | 4,49 |
| | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** |
| **Каржылоо жалпы Билим Берүү** | 6315746,4 | 9176.5 | 11136,3 | 12541.6 | 12822,9 |
| **Жогорку окуу жайлары** | 1135,2 | 1439,4 | 1827,6 | 1959,2 | 1989,7 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы Билим Берүүдөгү ИДПнын %дык көлөмү** | 5,5 | 6,5 | 5,9 | 6,2 | 5,8 |

Бул таблицада, мамлекеттик бюджеттен жалпы билим берүүгө ошонун ичинде жогорку окуу жайларына бөлүнгөн каражаттардын жылдан-жылга өсүп тургандыгы көрүнүп турат. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен билим берүүгө кеткен чыгым 2006 – жылга салыштырмалуу 2010-жылы эки эсеге өскөн. Акыркы беш жыл ичинде республиканын мамлекеттик бюджетинин чыгымдары, билим берүүгө багытталган чыгымдардын үлүшү боюнча өзгөчө басымдуу болуп, орточо 19 дан 26га чейинки пайызды түзгөн. Ошону менен бирге эле, эгерде 2006 – 2007-жылдарда чыгымдардын ырааттуу өсүшү белгиленсе, акыркы үч жыл ичинде анын төмөндөй баштаганы көрүнгөн. Ички дүң продукцияга (ВВП) карата билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү 2006-жылдагы 5,5 пайыздан 2010-жылга 5,8 пайызга өскөндүгүнө карабастан, ал 2007-жылга салыштырмалуу 0,4 пайыздык көрсөткүчкө төмөндөгөн. Билим берүүгө кеткен чыгымдардын негизги бөлүгү, орточо алганда 60 пайыз - орто билим берүүгө жана 16 пайыз – жогорку кесиптик билим берүүгө туура келет. [50]

**Таблица 3.10. Кыргыз Республикасынын ИДП жана бюджетинин билим берүүгө жумшалган бөлүгү** [137]

| | **1995** | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПнынББ жумшалган каражаты % | 7,1 | 5,4 | 5,2 | 5,2 | 4,4 | 3,7 | 4,2 | 4,5 | 4,3 | 4,6 | 4,5 |
| ИДПнын ЖОЖго каражаты % | 0,54 | 0,71 | 0,82 | 0,99 | 0,71 | 0,49 | 0,72 | 0,96 | 0,85 | 0,94 | 0,98 |
| Бюджеттин ББгө бөлүнгөн каражатынан ЖОЖдорго | 8,2 | 13,6 | 15,7 | 19,2 | 16,1 | 14,7 | 17,2 | 21,4 | 19,8 | 20,5 | 20,1 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| бөлүнгөн % | | | | | | | | | | | |

ЖОЖдордун экономикалык ишмердүүлүгүндө окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин эмгек акылары менен бирге техникалык-окуу жабдууларын финансылоо бюджеттен бөлүнгөн каражаттар менен бирге окуу жайлардын кошумча финансылоодон тапкан каражаттарынын негизинде жүргүзүлгөн.

Билим берүү тармагында иштеген окутуучулардын эмгек акысы аларды дайыма эле канааттандырып келген эмес. Профессордук-окутуучулук курамдын орточо эмгек акысы, республикалык бюджеттин эсебинен, орточо 1611,4 сомду түзгөн (2002). [142]

**Таблица 3.11.**

**ЖОЖдордогу профессордук окутуучулук курамдын сапаттык көрөткүчү:** [142]

| | **1992** | **1995** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** | **2002** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы штатык бирдик | 5104 | 4950 | 7710 | 8383 | 9946 | 10534 | 10209 |
| илимдин докторлору | 142 | 191 | 303 | 311 | 401 | 488 | 475 |
| илимдин кандидаттары | 2063 | 1631 | 1765 | 1819 | 2102 | 2406 | 2287 |

Кыргыз Республикасынын Жогорку билим берүү системасынын Болон системасына кирүүсүндөгү алгачкы кадам «Темпус» билим берүү программасынын ишке кириши болгон (1994). [111, с. 78] Программанын алкагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Билим Берүүсүндө төмөнкү долбоорлор ишке ашырылган:

- Кыргызстандагы жогорку экономикалык билим берүүнү реформалоо;

- Айыл чарба университетинде, айыл чарбасынын экономикасы адистиги боюнча окуу программасын рефармалоо;

- Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо областында магистратуралык программаны өнүктүрүү;

- Борбордук Азиядагы туризмдин бакалавриат программасын өнүктүрүү;

- Геодезия жана геоинформатика сферасындагы билим берүү программасын ишке киргизүү;

- Социалдык-экономикалык сферадагы магистрдик программаны ишкер киргизүү;

- Информатика жана социология боюнча кош (двойной) магистирдик программаны түзүү жана өнүктүрүү;

- Айлана чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу боюнча магистрдик программаны өнүктүрүү;

- Кыргызстанда айыл чарба сферасын түзүү жана өнүктүрүү боюнча бакалавриат программасы. [111, с. 78-79]

Бул программалар Ата Мекендик жогорку окуу жайлардын Европалык жогорку окуу жайлар менен кызматташуусуна шарт түзгөн.

2012-жылдан баштап жогорку окуу жайлар эки тепкичтүү жогорку билим берүү системасына өткөн.

Жогорку окуу жайлардын иштеп кетүүсү менен алардын финансылык жактан күчтөнүшүнө финансылоонун так концепциясы керек болгон.

Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын бюджеттен каржыланышы эгемендиктин алгачкы жылдарында өтө жупуну болгон. 1991-1993-жылдарда КМУУну финансылоо 3 эсе төмөндөгөн. [102, с.45]

Мамлекеттик жогорку окуу жайлар акча табуунун жолдорун гана эмес, аны кантип таап, эмнеге жумшай тургандыгын да үйрөнө башташкан. Ички контрактык окутуудан, коммерциялык негиздеги илимий-өндүрүштүк ишмердүүлүктөн, социалдык программалардан түшкөн каражаттарды окуу жайдын өнүгүүсүнө туура колдонуу негизги милдеттерден болгон.

Жогорку окуу жайлардын ичиндеги эң алгачкы чет өлкөлүк грант, АКШнын билим берүү, илим жана маданият линиясында берилүүчү ЮСИАнын 900 000 миң АКШ доллары көлөмүндөгү гранты. Бул грант 1993-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине берилген. АКШнын Небраска-Линкольн

университети менен КМУУнун кызматташуусунун негизинде Кыргыз-Америка факультети негизделген. [102, с.47]

Улуттук университет 1993-1998-жылдар аралыгында 10 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү чет өлкөлүк инвестицияны тарткан. [102, с.47]

Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине 1999-жылы мамлекеттик бюджеттен 16877,2 миң сом бөлүнгөн. Бөлүнгөн финансылык каражат айлык акыны, стипендияны жана коммуналдык чыгымдарды гана жапкан. [15, л.4]

1998-жылы Кыргыз Техникалык университетинин финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүндө 17499,8 миң сом киреше түшкөн. Анын ичинен 14788,9 миң сом окуу акысынын төлөмүнөн түшкөн, бул Кыргыз Техникалык университети бир жылда тапкан кирешенин 85,8 % түзгөн. Жалпы ар кандай кызматтардан 1254, 0 миң сом түшкөн, анын ичинен 385,3 миң сом арендадан түшкөн кирешени түзгөн. [19]

**Таблица 3.12. 2005-жылы Жогорку Билим Берүүнү финансылоого мамлекеттик бюджеттин жана атайын чыгымдардын кетирген бөлүгү % менен**

| | **Бюджеттен** | **Атайын каражаттан** |
|---|---|---|
| Айлык акы | 23,2 | 76,8 |
| Социалдык фонд | 23,2 | 76,8 |
| Командировкалык чыгымдар | 0,2 | 99,8 |
| Тех. каражаттарды алуу | 2,6 | 97,4 |
| Тамактануу | 73,9 | 26,1 |
| Стипендия | 97,3 | 2,7 |
| Суу менен камсыздандыруу | 0,8 | 99,2 |
| Электр энергиясы | 2,3 | 97,7 |
| Жылуулук | 10,6 | 89,4 |
| Байланыш | 0,8 | 99,2 |
| Башка сатып алуулар, кызматтар | 2,9 | 97,1 |
| Капиталдык ремонт | 1,1 | 98,9 |
| Транспорт | 0,4 | 99,6 |
| **Жалпы** | **24,0** | **76,0** |

Маалыматта берилгендей айлык акынын 76,8% бюджеттик эмес, 23, 2 % бюджеттик каражат жапкан. Билим берүүгө керектүү каражаттар, ремонт, коммуналдык кызматтар, транспорт ж.б. чыгымдардын басымдуу бөлүгүн бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен аткарылган. Мамлекеттик жогорку окуу жайларда окуу акысы Антимонополиялык комитет тарабынан белгиленген. [128, с.41]

2000-2010-жылдар аралыгында мурунку он жылдыкка караганда жогорку билим берүүнү каржылоонун абалы бир кыйла жакшырган. Мамлекеттик каражаттын бөлүнүшү дагы бир кыйла өскөндүгүн байкайбыз. Бул мамлекеттик жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү тармагына интеграцияланышы менен дагы байланышта болгон. Жогорку окуу жайлар кошумча киреше табуу булактарын өз алдынча жүргүзө баштаган.

2005-жылы мамлекеттик бюджеттен, мамлекеттин бюджетинин жалпы чыгымдарынан жогорку окуу жайларга бөлүнгөн бөлүгү 4,9 % ды түзүп, муркунку жылдарга караганда алда канча өскөн. Жогорку окуу жайлар мамлекеттик бюджеттин 20,1%ын колдонгон , бул 1995-жылга салыштырганда 11,9 % га өскөндүгүн көрсөтөт. [128, с. 41]

**Таблица 3.13. Бир студентке бөлүнгөн каражаттын көлөмү**[128]

| | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** |
|---|---|---|---|---|---|
| Жогорку билим берүүгө кетирген мамлекеттин чыгымы (окууга төлөнгөн акыны кошпой) *миң сом* | 130388,6 | 133584,5 | 189513,3 | 166810,0 | 237170,0 |
| Бюджеттик негизде окугандардын саны | 34204 | 31835 | 30065 | 25092 | 24932 |
| 1 студентке кеткен каражат, *сом* | 3812,4 | 4196,2 | 5000 | 5000 | 5000 |

2005-жылга карата жогорку билим берүүгө бюджеттен 1 студентке 5000 сом бөлүнгөн, бул ошол мезгилдеги курс боюнча 120 АКШ доллары болгон. Билим берүү үчүн кеткен жылдык акы орточо 15000 сомду түзгөн (375 АКШ доллары). [128, с. 147]

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 18-апрелиндеги № 91 "О дальнейших мерах по обеспечению качества образования и совершенствованию управления образовательными процессами в Кыргызской Республике" Жарлыгы боюнча мамлекеттик жогорку окуу жайларды финансылоонун жаңы системасы киргизилген. Аталган Буйруктун негизинде, мамлекеттик жогорку окуу жайларды финансылоо, билим сапатын жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча ишке ашкан. Натыйжада 2002-жылы жогорку окуу жайлардын бюджеттен тышкаркы каржылануусу өтө эле жогору болуп, 84,6 % ды түзгөн. [108]

Өлкөнүн билим берүү тармагын каржылаган **биринчи булак** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен бөлүнгөн акча каражаттары болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоодо анын 20 %ын Билим жана илим министрлиги аркылуу ишке ашырылса, 60 %ы өлкөнүн каржы министрлиги аркылуу жүргүзүлүп, 20%ы жергиликтүү бийлик өкүлчүлүгүнүн бюджетинен чегерилип келген. Республиканын билим берүү тармагын мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоо маселелерине сарэсеп салып, карап чыгуу менен, бул багыттагы иштер боюнча эгемендүү Кыргызстан чет өлкөлөрдөгү окуу жайлардан анча деле артта калбаганын байкоого болот. Ал гана эмес, акыркы жылдары билим берүү тармагына мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражат жылдан жылга көбөйүп бара жатканы белгилүү. Мисалы, 2003-жылы бул тармакка мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражат 3млрд. 752, 7 млн. сом болсо, 2010-жылы 12 млрд., ал эми 2012-жылы 18 млрд. сомдон көп каражат каралган. Ал эми 2014-жылга карата 19 млрд. 89 млн. сом каралууда. Башкача айтканда, 2003-жылы өлкөнүн билим берүү тармагын каржылоого мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражат өлкөнүн ички дүң продукциясынын (ИДП) 4,5%

түзсө, 2012-жылы 6,7% түзүп калган. Бирок, мындай көрүнүшкө карабастан, өлкөнүн билим берүү системасын каржылоого бөлүнгөн мамлекеттик каражат абдан эле аздык кылат. Мындай көрүнүш, билим берүүгө жумшалган мамлекеттик бюджеттин каражаты өлкөнүн ички дүң продукциясынын (ИДП) 6,7% түзүп, көп көрүнгөнү менен анын накталай көлөмү башка өлкөлөргө караганда кыйла аз экендиги менен түшүндүрүлөт. Анткени, башка мамлекеттерге салыштырганда Кыргыз Республикасынын ички дүң продукциясынын (ИДП) көлөмү аз. Ушуга жараша, билим берүүгө жумшалган 6,7% дагы аз. Алсак, Кыргызстандын ИДПсы 6млрд. АКШ долларын түзүп, бул көрсөткүч боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичиндеги эң арткы орунда турат. Мисалы, ИДПнын көлөмү боюнча КМШ өлкөлөрүнүн арткы орундарында турган Тажикистандын ИДПсы 6,7 млрд. АКШ долларын түзгөн. [47, 55-59-б.]

Жогорку билим берүүдөгү мамлекеттик субсидия социалдык-экономикалык жактан ар түрдүү абалдагы абитуриенттердин жогорку окуу жайларга өтүшүнө шарт түзгөн. Өкмөт жогорку билим берүүнү каржылоодо төмөнкү максаттарды көздөп келген “1) жогорку билим берүүнүн керектүү көлөмүн сактоо (макроэффективдүүлүккө жетишүү); 2) каржылоону мамлекеттин кызыкчылыгына жараша бөлүштүрүү; 3) бардык социалдык-экономикалык катмарлар үчүн жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү”. [117, с.28]

Экономикалык либерализмдин арты менен Кыргызстандын жогорку окуу жай тармагында каржылоонун жана чарба жүргүзүүнүн көп тармактуулугу орун ала баштаган. Оор абалды башынан кечирип жаткан Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын дал ушул көп булактуу каржылоо, өзгөчө акы төлөп окутуудан түшкөн каражаттар сактап калган. Эгер, мамлекеттик бюджеттин каржылоосу менен окугандардын саны Кыргызстандык студенттердин 17-18% гана түзсө, өз каражаттары менен окуган студенттердин саны 82-83 %ды түзөт. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары мындан башка дагы бир нече кошумча каржы булактарын пайдалануу менен окуу жайлардын каржылык абалын чыңдоого, окутуучулардын материалдык абалын

жакшыртууга мүмкүнчүлүк алган. Мисалы, жогорку билимди экспорттоо, башкача айтканда, чет өлкөлүк студенттерди окутуудан эле Кыргызстандын жогорку окуу жайлары жылына 1,5-2 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү пайда таап турат. Билим берүү тармагындагы экономикалык либералдаштыруунун негизинде Кыргызстанда жеке менчиктеги, коомдук менчиктеги, акционердик жана трансулуттук менчиктеги жогорку окуу жайлары пайда болуп, үзүрлүү иш алып барышууда. [47, 28-29-б.]

Эгемендиктин экинчи он жылдыгында Кыргызстандын жогорку окуу жайларына студенттерди кабыл алууда  республикалык жалпы тестирлөө эрежеси киргизилген.

Билим деңгээли жогору абитуриенттерди Жалпы республикалык тестирлөө жолу менен тандап алып, аларды Мамлекеттик гранттын (бюджеттин) эсебинен окутуу 2002-жылы эксперимент катары кирип,  андан соң 2003-жылы биротоло киргизилиши,  ал эми 2012-жылы  окутуунун баардык формалары боюнча (бюджеттик, контрактык, дистанттык) жогорку окуу жайларына  кабыл алуу Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча гана жүргүзүлүшү жогорку билим берүүдөгү сапат жана акыйкаттуулук маселелерин жакшыртууга  чоң салымын кошкон. [47, 36-б]

Мамлекеттик жогорку окуу жайларды кошумча каржылоо экстенсивдүү факторлорго негизделип, мамлекеттер аралык КТУ Манас, БААУ, КРСУ сыяктуу окуу жайларга салыштырмалуу, окуу акысынын өтө төмөн экендиги көрүнүп турат. Мисалы, мамлекеттик жогорку окуу жайлардын окуу төлөм акысы (контракт) БААУга караганда 10 эсе, ал эми  КРСУга караганда 2-2,5 эсе аз болгон. [48]

**Таблица 3.14.**

**Жогорку кесиптик окуу жайлардын санынын өсүшү, студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн саны** [81, 287-288-б.]:

| ЖОЖ | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| жалпы | 47 | 49 | 50 | 54 | 56 |
| мамлекеттик | 32 | 33 | 31 | 32 | 33 |
| менчик | 15 | 16 | 19 | 22 | 23 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **студенттердин жалпы саны (миң)** | 236,9 | 250,5 | 253,0 | 233,6 | 230,3 |
| мам. ЖОЖ | 216,1 | 225,6 | 227,4 | 207,3 | 202,5 |
| менчик ЖОЖ | 20,8 | 24,9 | 25,6 | 26,3 | 27,8 |
| **Студенттерди кабыл алуу жана бүтүп чыгуусу (миң)** | **2006-2007-окуу ж.** | **2007-2008-о/ж.** | **2008-2009-о/ж** | **2009-2010-о/ж** | **2010-2011-о/ж.** |
| кабыл алынган | 53,9 | 55,4 | 46,2 | 47,4 | 45,1 |
| мамлекеттик | 49,5 | 49,1 | 40,3 | 41,7 | 39,8 |
| менчик | 4,4 | 6,3 | 5,9 | 5,7 | 5,3 |
| адистердин бүтүрүп чыгуусу (миң) | 30,8 | 26,4 | 33,5 | 38,1 | 38,0 |
| мамлекеттик | 27,9 | 23,7 | 30,5 | 34,2 | 33,8 |
| менчик | 2,9 | 2,7 | 3.0 | 3,9 | 4,2 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, беш жыл ичинде мамлекеттик жогорку окуу жайы 1ге, ал эми менчик жогорку окуу жайлар 8ге көбөйгөн. Студенттердин санынын өсүшү да мамлекеттик жогорку окуу жайлардын пайдасына эмес, ушул эле мезгил ичинде мамлекеттик жогорку окуу жайлардагы студенттердин саны 14 миңге азайса, менчик жогорку окуу жайлардын студенттеринин саны 7 миңге көбөйгөн. Кабыл алынгандардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сандык көрүнүшү да ушундай эле.

Акы төлөнгөн билим берүү кызматы Жободо белгиленгендей ишкердик ишмердүүлүк катары эсептелбейт. Бул окуу жайдын билим берүү процессине кетирген чыгымдарын кана толуктоо болуп эсептелген Жобонун 12 пункутунда. [9] Билим берүү тармагы ИДПнын 2006-жылы 25.0% түзсө, 2007 - 22,3 %, 2008-ж. – 21,4 %, 2009-ж. – 19,6%, 2010-жылы 17,4 % ды түзгөн. [111, с.70]

Каражат табуунун **экинчи булагы.** Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын экономикалык абалын жакшыртуудагы бирден-бир кирешелүү тармак бул билим берүүнү сыртка ташуу болгон. Өзгөчө, акыркы убакта билимдин глобалдашуусуна ылайык билим тармагындагы экономикалык

карым-катнаштардын күч алышы билим экспортуна алып келди. Алсак, Кыргыз Республикасынын Билим Концепциясына ылайык, республиканын ички дүң продукциясында (ВВП) билим берүү тармагы тарабынан башка мамлекеттин жарандары үчүн билим берүүнү сыртка ташуунун механизмдерин иштеп чыгууну күчөтүү маселелери каралаган. Мамлекет деңгээлинде каралып жаткан мындай иш-чаралар билим тармагынын базар экономикасы шартындагы кирешелүү булакка айланып бара жаткандыгы жана буга байланыштуу жогорку окуу жайларда билим берүүнүн максат-милдеттеринен баштап, мазмун жана натыйжага чейинки компоненттеринин бардыгын модернизациялоо талабын коюп жатат.

Алгач билим берүүнү экспорттоо боюнча АКШ, Улуу британия өлкөлөрүнүн тажрыйбасы чоң болгон. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап жогорку билим берүүдөгү бул тажрыйба дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө кеңири тарай баштаган. Алсак, 90-жылдардын аягында австралия университеттеринин алдына чет өлкөлүк студенттердин эсебинен кирешени жогорулатуу боюнча милдет коюлган. Ал эми, Лондон экономикалык мектебинде 2010-жылы чет өлкөлүк студенттердин саны 60 % ды түзгөн. [85]

Медалдын эки жагы бар дегендей эгерде улуттук статистикалык комитеттин жумушсуздук боюнча маалыматына таянсак, анда жогорку кесиптик адистиги бар адамдардын көрсөткүчү дагы жогорулай баштаган. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын иш менен камсыз кылуу органдарына 4 миңге чукул жогорку кесиптеги адистер кайрылган. [142]

Жумушсуздардын саны билими боюнча: 2009-жылы жалпы жумушсуздардын 8,8 %ын жогорку кесиптик билими барлар, 6,9 %ын бүтпөгөн жогорку кесиптик билими барлар түзсө, 2010-жылы 10,2 %ды жогорку кеиптик билими барлар, бүтпөгөн жогорку кесиптегилер 6,4 %ды түзгөн. [81, 184-185-б.]

Мамлекеттик окуу жайларда акы төлөп окутуу бир жагынан жогорку билим берүү жайларынын кирешесин арттыруу менен каржылоо абалын жакшыртса, экинчи жагынан жогорку адистиктеги кадрлардын айрым

тармактар боюнча рыноктогу талабынан ашыкча даярдалышына түрткү берген. Ансыз да бечел абалында турган республиканын эл чарбасында кээ бир тармактар боюнча жогорку билимдүү адистердин кыскартылышы, өлкөдөгү жумушсуздуктун өсүшүнө алып келген. Контрактык негизде даярдалган кээ бир адистиктер дээрлик бардык жогорку окуу жайларда ачылган. Мисалы, Кыргызстанда экономика, менеджмент адистигин даярдабаган окуу жайлар[68, с.135] бир-серин эле болгон.

Дагы бир терс маанидеги өзгөчөлүк, Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын кошумча каржылоо үчүн коомчулуктун каражатын көбүрөөк тартуу максатында экстенсивдик факторлорго негизделген демпингдик окуу акылары кеңири колдонулуп келе жатканы. Башкача айтканда, Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагында арзан акы төлөп, сапатсыз билим алууга макул болгон көп сандагы студенттердин каражатынын эсебинен каржылоо иши үстөмдүк кылган. Мисалы, Казакстан менен Өзбекистандын жогорку окуу жайларындагы окуу үчүн төлөмдөр орто эсеп менен 50 миң сомду түзсө, Тажикистанда 27 миң сомго жеткен. Ал эми Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы окуу үчүн төлөмдөрдүн орточо көлөмү 22 миң сомго араң жеткен. Кошумча белгилеп кете турган нерсе, Кыргызстандын айрым мамлекеттик жогорку окуу жайларындагы окуу акысынын орточо баасы 22 миң сомдон дагы төмөн болуп, республикадагы чет өлкөлүк жана транс улуттук жогорку окуу жайларга караганда дагы демпинг баалар менен студенттерди кабыл алып, окутушат. Алсак, Американын Борбордук Азиядагы университетиндеги орточо окуу акы 221480 сомду, “Ала Тоо – Ата Түрк” университетинде 63 280 сомду жана Кыргыз-Россия Славян университетинде 34 375 сомду түзгөн.

**Үчүнчү булак билим берүү мекемелери өзүлөрү иштеп тапкан каражаттардан куралат.** Постсоветтик жылдардын бай тажрыйбасы көрсөткөндөй, Кыргыз республикасынын билим берүү тармагын толук кандуу каржылоо үчүн мамлекеттин жана коомчулуктун каражаты жетишсиз экен. Бул маселени жакшыраак чечиш үчүн билим берүүнү каржылоонун үчүнчү булагы

катары билим берүүчү мекемелер өзүлөрү иштеп, тапкан каражаттарды дагы кеңири пайдалануу сунушталат. Мындай талап мамлекеттик каражаты чектелүү болгон Кыргызстанга эле мүнөздүү нерсе эмес. XX кылымдын аягында жүргүзгөн Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) адистеринин ар тараптуу изилдөөлөрүнүн негизинде дүйнө өлкөлөрүнүн билим берүү системаларын мындан ары толук кандуу каржылоо үчүн мамлекеттик жана коомдук каражаттар жетишсиз экендиги аныкталып, бул кырдаал илимде "Билим берүүнүн концептуалдуу кризиси" деген аталышта белгилүү болгон. Мындай маселенин оптималдуу чечилиши учун Бириккен Улуттар Уюмунун адистери билим берүү мекемелери өзүлөрү иштеп тапкан каражаттарды дагы кеңири пайдалануу керектигин айтышкан. Бул өңүттөгү дүйнөлүк тажрыйбага кайрылсак, АКШнын жогорку окуу жайларынын мамлекеттик бюджеттен сырткаркы чогулткан каражаттарынын 20-25%ы гана окуу акысы үчүн алынган каражаттар түзөөрүн көрүүгө болот. Ал эми калган 75-80%ы болсо ар кандай жолдор менен жогорку окуу жайлары өзүлөрү иштеп тапкан каражаттардан тураары белгилүү.

Албетте, кошумча каражаттарды иштеп табуу мүмкүнчүлүгү Кыргызстандын билим берүүнүн баардык эле тармактарынын колунан келе койбойт. Бул өңүттөгү жакшы потенциал окуу-өндүрүштүк курамдарды, технопарктарды жана жамааттык ар кандай коммерциялык чакан ишканаларды ачып, иштетүү мүмкүнчүлүгү бар баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү тармактарда гана бар. Бирок, бул тармактардын дээрлик баардык окуу жайларында мамлекеттик каражатка жана студенттердин окуу төлөмдөрүнөн түшкөн коомдук каражаттарга басым жасалып, ошолордун гана эсебинен иш жүргүзүүгө ыңгайлашкан. Тагыраак айтканда, бул маселенин жакшы чечилишине бир жагынан мамлекеттик бийлик, анын тиешелүү уюмдарынын терс иш-аракеттери, туура эмес жана зыяндуу мүнөздөгү нормативдик-укуктук документтер, мыйзамдар сыяктуу факторлор тоскоол болсо, экинчи жагынан, олуттуу тоскоолдукту билим берүү ишканаларынын (колледж, университет) жетекчилеринин туура эмес ыкшоо позициясы жаратып

келүүдө. Натыйжада, айрым окуу жайлардын абдан чоң жана жөндөмдүү интеллектуалдык, финансылык, материалдык потенциалдары окуу жайынын өзүнүн керектөөсү үчүн кошумча каражат иштеп табуу максатында жакшы пайдаланылбай келе жатат. Мисалы, банктык депозиттен пайда көрүүгө мүмкүнчүлүк жок болгондуктан айрым жогорку окуу жайлардын бир топ акча каражаттары бир нече айлап, ар кандай банктарда “өлүү жүк” болуп жатат. Банкта жаткан бул акчанын пайдасын жогорку окуу жайы жана мамлекет көрбөстөн, банктар көрүшөт. Айтор, Кыргызстандын билим берүү системасын кошумча каржылоо ишиндеги бул маселе али ордунан козголо элек.

**Төртүнчү булакты** чет өлкөлөр менен айрым эл аралык уюмдар тарабынан берилген ар кандай гранттык каражаттар түзөт. Мисалы, Англия, Голландия, Швеция, Венгрия сыяктуу өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын бюджетинин 11-16%ы бизнес-корпорациялар, ар кандай фонддор жана гранттардан түшкөн каражаттардан турат. Кыргыз Республикасында болсо билим берүүнү кошумча каржылай турган жергиликтүү бизнес жана соода корпорациялары менен фонддор дээрлик эле жок. Себеби, Кыргызстанда бул нерсени стимулдаштыра турган, ал гана эмес мындай иштерге шарт жана мүмкүнчүлүк түзүп бере турган укуктук-нормативдик актылар жок. Ал эми чет өлкөлөр менен эл аралык уюмдардан келген гранттар жөнүндө толук жана системалаштырган маалымат табуу кыйын.

Республиканын Эсептөө палатасынын маалыматтарына (2011ж.) таянуу менен өлкөнүн билим берүү тармагына болгон эл аралык уюмдардын салымы Кыргызстандын билим берүү системасын каржылоого жумшалган жалпы каражаттардын 5%ын түзөөрүн айтсак болот. Өлкөнүн билим берүү тармагын кошумча каржылоо үчүн орто эсеп менен жылына 4 млрд. сомго жакын чет өлкөлүк гранттык жана кредиттик каражаттар тартылып, бул көрсөткүч мамлекет тарабынан өлкөнүн билим берүү тармагын каржылоого иш жүзүндө жумшаган каражаттарынан 3-4 эсе көп болгон. Негизинен, республиканын билим берүү системасынын айрым маселелерин чечүү үчүн тартылган чет өлкөлүк гранттар эки багыт менен жүргүзүлгөн. Биринчи багытты мамлекет

аркылуу, мамлекеттин кийлигишүүсү жана кепилчилиги менен келген гранттар түзгөн. Булар негизинен өлкөнүн жалпы орто билим берүү (мектеп) тармагы менен алгачкы кесиптик билим берүү тармактарынын көйгөйлөрүн чечүүгө пайдаланылган.

Мисалы, 2005-2006 жылдары Кыргыз өкмөтү менен Билим жана илим министрлигинин эл аралык уюмдарга кайрылуусунан улам Бүткүл дүйнөлүк банк менен Азия өнүктүрүү банктары билим берүү жаатындагы 4 проекти каржылоо үчүн 47 млн. АКШ долларын бөлүп берген. Ал эми Алгачкы кесиптик билим берүү тармагын кошумча каржылоо үчүн мындан 5 жыл мурда Азиялык өнүктүрүү банкы 10 миллион АКШ долларын бөлүп берсе, 2013-жылы "Кесиптик билим берүүнү жана жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү" деген экинчи долбоорду каржылоо үчүн 20 миллион АКШ долларын берүүдө. Жалпысынан, каралып жаткан жылдары, Кыргызстандын Алгачкы кесиптик билим берүү тармагы Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (ПРООН), Швейцариянын Хельветас уюму, Германиянын эл аралык кызматташтык коому (GIZ), Европалык Билим фонду сыяктуу 20дан ашык ар кандай эл аралык уюмдар менен кызматташып, кошумча каражат алып келген.

Мамлекеттик уюмдардын кийлигишүүсү менен уюштурулуп, багытталып, бөлүштүрүлүп жана өздөштүрүлүп тургандыктан бул багыт менен келген гранттар бир жагынан көп учурларда толук өздөштүрүлбөй калып, экинчи жагынан коррупциялык абалга көбүрөөк дуушар болгондуктан өзүлөрүнүн натыйжалуулугун төмөндөтүп жиберишкен. Мисалы, абдан тартыш болуп жаткан мектеп окуу китептерин чыгаруу максатында 2004 жылы Азия өнүктүрүү банкынан алынган бир жылдык кредитке басмаканадан 7 млн. окуу китебин чыгаруу керек болсо, болгону 1 млн. гана китеп басылып чыгарылган. Кредит бир жылдык болгондуктан анын өздөштүрүлбөй калган бөлүгү жөн эле "күйүп" кеткен.

Экинчи багытты мамлекеттик уюмдардын кийлигишүүсүз эле өз демилгелери менен тартып келген гранттык каражаттары түзгөн. Тилекке каршы, Кыргызстандын билим берүү системасын каржылоо үчүн тартылган

гранттар жана кредиттер жалан гана чет өлкөлүктөр жана эл аралык уюмдар тарабынан берилип келген. Бул өңүттө бир дагы ата-мекендик  ишкерлердин жана коомдордун кайрымдуулук аракетин жолуктурууга болбойт. Ал эми Түркияда болсо, тескерисинче, мамлекеттик эмес окуу жайлар негизинен жеке адамдардын (студенттердин) каражатынын эсебинен эмес, өлкөнүн ичиндеги ар кандай фонддордун каражаттары  аркылуу каржыланып турат.

## 3.2. Жергиликтүү  жана жеке менчиктик каржылоого негизделген жогорку билим берүү

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүүсүнүн алдында турган эң маанилүү маселе - адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу. Андыктан, Кыргызстандагы жогорку окуу жайларды шарттуу түрдө “борбордук” жана “аймактык” кылып бөлүп изилдөөнү туура көрдүк.

Аймактык жогорку окуу жайлар Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин уюшулган. Алардын ачылышы негизинен бир гана орчундуу себеп менен байланышкан. Көпчүлүк жогорку окуу жайлар республиканын борборунда жайгашып, калктын социалдык-экономикалык абалынын төмөндүгүнөн улам окууну каалаган жаштардын борборго келүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу менен шартталган. Советтер Союзунун тушунда Кыргыз ССРинин жогорку окуу жайлары республиканын борбору Фрунзеге топтолуп, Ош областынын борбору Ош шаарында Ош мамлекеттик педагогикалык институту, Фрунзе политехникалык институтунун кечки факультети, Ысык-Көл областынын борбору Пржевальск шаарында Пржевальск педагогикалык институту гана болгон. Ал учурда жалпы Советтер Союзунун жогорку окуу жайларынан билим алууга кыргыз жаштарынын да мүмкүнчүлүгү болгондуктан, союздук республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда, адистерди даярдоонун улуттук саясаты жүргүзүлгөн эмес. Жогорку билим берүү негизинен орус тилинде гана ишке ашырылган.

Эгемендүүлүккө ээ болгон соң, Кыргызстан бул жаатта өз саясатын жүргүзө баштады. Калктын социалдык-экономикалык абалын эске алуу менен аймактарда бир топ жогорку окуу жайлар ачылды. Бул кадам адегенде борбордогу жогорку окуу жайлардын бөлүмдөрүн ачуу менен башталган. Мында, жогорку окуу жайлар биринчи орунга өздөрүнүн каржылык кызыкчылыктарын койгондуктан, областтык гана эмес, райондук борборлордо, а түгүл кээ бир айылдарда да "баланча ЖОЖдун бөлүмү" ачылып, окутуунун сапатына алгылыктуу көңүл бурулбаган, алардын ишмердүүлүгүн тескөө да жакшы жолго коюлган эмес. Бул бөлүмдөрдүн көпчүлүгү юридикалык, экономикалык жана педагогикалык багыттагы адистиктер боюнча кадр даярдоого белсенишкен эле. Мезгил талабына ылайык аларды тескөө күч алып, билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө чамасы келбей калган бөлүмдөр жабылууга аргасыз болушту, себеби мында материалдык-техникалык база, потенциалы негизги ролду ойнойт эмеспи. Алар билим алуу үчүн келген жаштардын заманбап муктаждыгын канааттандыра албагандыктан, тапшырган абитуриенттердин саны да кескин кыскарып кетти. Анткени, калктын материалдык жана социалдык абалы бир аз жакшырып, мүмкүнчүлүгү кеңейип, абитуриенттер сапаттуу билим берүүчү жогорку окуу жайларды тандай башташты.

Эгемендиктин экинчи он жылдыгында өлкөдөгү мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны өскөн, аймактык жогорку кесиптик билим берүү жайлары дээрлик бардык областарда түзүлгөн.

Ошол жылдары адегенде филиал же окуу-консультациялык пункт катары пайда болгон аймактык окуу жайлардын арасынан Нарын мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университети жана Талас мамлекеттик университети өздөрүн жогорку окуу жай катары таанытууга кудурети жетип, бүгүнкү күндө билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келатышат. Булардын жогорку окуу жай катары жашап кетишине төмөндөгү негизги факторлор өбөлгө болду:

- материалдык-техникалык базанын заман талабына ылайык чыңдалышы;

- профессордук-окутуучулар курамынын түзүмү жана алардын сапатын арттыруу, б.а. илимий даражага жана наамга ээ болуусу үчүн аларга материалдык жана моралдык жактан үзгүлтүксүз колдоонун көрсөтүлүшү;

- аудиториялык фондунун жетиштүүлүгү жана алардын талаптагыдай жабдылышы;

- каражаттын үнөмдүү жана максаттуу сарпталышы;

- эл аралык байланыштар чыңдалып, ар түрдүү эл аралык Фонддор каржылаган программалардын алкагындагы долбоорлорго катышып, инвестициянын тартылышы;

- даярдалып чыккан адистердин ишмердүүлүгүн такай көзөмөлдөп, алардын мыкты жетишкендиктери тууралуу маалыматтын эл арасына таркатылышы;

- аймактык жогорку окуу жайларга деле кадимкидей коомчулуктун ынанышы.

Аймактык болуп эсептелген Нарын Мамлекеттик университети (НМУ), Баткен Мамлекеттик университети (БатМУ), Ысык-Көл Мамлекеттик университети (ЫМУ), Талас Мамлекеттик университети (ТалМУ) сыяктуу жогорку окуу жайлардын бүгүнкү абалына илимий изилдөө жүргүзүүдө төмөндөгүлөр аныкталды.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети 1996-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын айыл чарба техникумунун, К. Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайынын, облустук мугалимдердин билимин жогорулатуу институтунун жана Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун Нарын филиалынын базасында ачылган. 2009-жылы НМУга Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылган. НМУ жогорку билим берүү жаатында тез эле оозго алынып, инновациялык технологияларды окуу процессине кийирүүдө, эл аралык байланыштарды чыңдап, эл аралык Фондулар долбоорлор менен иштөөдө мыкты ийгиликтерди жаратты. Университеттин эл аралык байланыштар бөлүмү негизделгенден бери 100дөн ашык кызматкерлер жана студенттер 20дан ашык Европа өлкөлөрүндө,

Россияда, Америка Кошмо Штаттарында, Түштүк Кореяда, Кытай Эл Республикасында, Түркия, Индия жана Малайзия өлкөлөрүндө билим алууга мүмкүнчүлүк алышты.

1998-жылы "Евразия" Фонду Нарын мамлекеттик университетине "Аксакалдар соту" долбоорун ишке ашыруу үчүн грант бөлүп берген. Бул долбоордун максаты аксакалдар сотун жаңы коомдук өзүн-өзү башкаруу институту катары түзүү болгон.

НМУ 2004-жылдан бери Европа Биримдигинин тармагын модернизациялоо процессин колдоого багытталган Темпус программасынын өнөктөшү. Учурда TUNING TUCAHEA, CANQUA, EDUCA, DoQuP, HONOR, MAPREE эл аралык долбоорлору демилгеленип ишке ашууда. Ар бир окуу жылында Erasmus Mundus программасынын алкагында НМУнун студенттери, профессордук-окутуучулук жана административдик курамы 1 айдан 36 айга чейин билимин өркүндөтүүгө, илимий изилдөө боюнча тажрыйба топтоп келүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

2010-жылы НМУ Европалык Бизнес "Европалык сапат" эл аралык сыйлыгына татыктуу болгон. Университетке Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы да ыйгарылган.

Баткен мамлекеттик университети ( БатМУ) Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 2000-жылдын 25-июлундагы ОшМУ менен М. Адышев атындагы Сүлүктүдөгү филиалдарынын, И.Арабаев атындагы консультативдик борбордун базасында ачылган. Башка “федералдуу” мүнөзгө ээ: түзүмдүк бөлүмдөрү Баткен, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында жайгашкан. Анын курамына Кызыл-Кыя (КГПИ), Кызыл-Кыя экономика, укук жана технология институту (КЭУТИ), Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту (СГЭИ) кирет. Университет түрдүү багыттагы кадрларды даярдоо боюнча эл арасында кадыр-баркка ээ боло алды. Институттар өз алдынча түзүмдүк бөлүм катары жашап иштеп келе жатат. Кийинчерээк БатМУнун ар бир түзүмдүк бөлүмдөрү кесиптик орто билим берүүчү колледждерди ачууга да жетишти.

Университет иштей баштагандан илимий-изилдөө иштери жакшы жолго коюлуп, илимий даражалуу кадрларды даярдоо жаатында мыкты ийгиликтерге жетишти. Мында айрыкча КГПИнин (Кызыл-Кыя) жасаган секиригин белгилөөгө болот: 15 жыл ичинде түрдүү багыттар жана адистиктер боюнча 2 илимдин доктору, 20дан ашуун илимдин кандидаттары өсүп чыкты.

1999-2000-окуу жылында К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде (ЫМУ) 498 студент контракт бөлүмүндө, 375 студент бюджетте окушкан. 1999-2000 - окуу жылында университеттин Экология жана жаратылышты пайдалануу Институту Сорос-Кыргызстан фондусунан 69 миң АКШ доллары көлөмүндөгү окуу каражаттарын алган. Ушул эле жылы Институттун кызматкерлери 20 миң АКШ доллары көлөмүндөгү грантты, ушул эле фонддон утуп алышкан. [67]

Сорос-Кыргызстан фондусунун «Илим жана айлана чөйрө» программасынын негизинде К. Тыныстанов атындагы Ыссык-Көл МУ «Комплексный экологический мониторинг природных систем Прииссык-Куля» илимий долбооруна 10 000 АКШ доллары көлөмүндөгү грант алган. [143, с.64] Алынган грант илимий изилдөөнүн жабдылышына, Жайкы экологиялык мектепти каржылоого, илимий басылмаларды чыгарууга жумшалган.

Ошондой эле Ысык-Көл мамлекеттик университетинин китепканасына 3 000 АКШ доллары көлөмүндө грант берилген. [143, с.86]

Талас мамлекеттик университети 2000-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен – И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филиалынын, Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин филиалынын, Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин филиалынын, Кыргыз агрардык академиясынын филиалынын жана Талас айыл чарба техникумунун базасында ачылган. ТалМУ да аймактык ЖОЖ катары Талас облусунун табиятын, экологиясын, экономикасын, тилдик жана фольклордук өзгөчөлүгүн изилдөөнү илимий-изилдөө багыты катары тандап алган. Университет жогорку окуу жай катары калыптанууда материалдык, финансылык жана кадрдык маселелер

боюнча бир топ кыйынчылыктарды баштан кечирди. ТалМУ азыркы күндө өзүн жогорку окуу жай катары тастыктоого жетишип, кадрларды калктын талабына ылайык даярдоо үчүн зарыл болгон адистиктер боюнча окутуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.

ТалМУнун өзгөчөлүгү катары Бишкектеги ЖОЖдор менен тыгыз байланышта иштеп жаткандыгын белгилөөгө болот.

2002-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен түзүлгөн Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда 2008-2009-окуу жылы үчүн бекитилген окуу акысынын төлөмдөрүнүн көлөмүн төмөндөгү таблицадан көрүүгө болот25, л. 6]:

**Таблица 3.15.**

**Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун адистиктер боюнча окуу төлөмүнүн көлөмү (2008-2009-окуу жылы)**

| **Шифр** | **Адистик** | **КР жарандары үчүн** | | **КМШ өлкөлөрүнүн жарандары үчүн** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Күндүз | Сырттан | Күндүз | Сырттан |
| 521501 | Билим берүү системаларынын мекемелеринин менеджменти | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540605 | Педагогика жана баштапкы билим берүүнүн методикасы | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540602 | Биология | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540603 | География | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540403 | Тарых | 15200 | 13200 | 18240 | 15840 |
| 521902 | Дене тарбия мугалими | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540304 | Чет тили (Англис) | 16000 | - | 19200 | - |
| 540304 | Чет тили (Кытай) | 16000 | - | 19200 | - |
| 540301 | Кыргыз тили | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540201 | Математика | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540203 | Информатика | 15300 | 13200 | 18360 | 15840 |
| 570001 | Коомдук-маданий сервис жана туризм | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540701 | Музыка мугалими | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 511101 | Экология | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 521101 | Социалдык иш | 15000 | 13000 | 18240 | 15600 |
| 540602 | Мектепке чейинки педагогика жана психология | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 540101 | Химия | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |
| 520703 | Китепкана иши жана библиография | 15000 | 13000 | 18000 | 15600 |

Таблицада көрүнүп тургандай Ош мамлекеттик педагогикалык институтундагы окуу төлөмдөрү адистик боюнча алып караганда сандык ажырымы анча чоң эмес, болгону 200 сомдон 1000 сомго чейин айырма бар. Ал эми КМШ өлкөлөрүнүн жарандарынын окуу төлөмдөрүнүн айырмасы, адистиктердин баардык түрү боюнча күндүзгү окууда 3000 сомду, сырттан окууда 2600 сомду түзгөн.

Ушул эле окуу жайдын 2004-2005-окуу жылынан 2007-2008-окуу жылына чейинки төрт жыл ичиндеги  окуу төлөмдөрүнүн көлөмүнүн (адистиктердин баардык түрү боюнча) жылдан-жылга өзгөрүшү төмөндөгүдөй болгон:

**Таблица 3.16.**

**ОМПИнин адистиктер боюнча окуу төлөмүнүн төрт жыл ичинде өзгөрүүсү**

| **Факултет** | **II курс 2007-2008** | | **III курс 2006-2007** | | **IV курс 2005-2006** | | **V курс 2004-2005** | | **VI курс сырттан окутуу** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүү системаларынын мекемелеринин менеджменти | 5800 | 4700 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 4500 |
| Педагогика жана баштапкы билим берүүнүн методикасы | 5800 | 4700 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 4500 |
| Биология | 6000 | 4900 | 5700 | 4700 | 5700 | 4700 | 5700 | 4700 | 4700 |
| География | 5800 | 4700 | 5700 | 4700 | - | - | - | - | |
| Тарых | 6000 | 4900 | 5700 | 4700 | 5700 | 4700 | 5700 | 4700 | 4700 |
| Дене тарбия мугалими | 5200 | 4200 | 5000 | 4000 | 5000 | 4000 | 5000 | 4000 | 4000 |
| Чет тили (Англис) | 9500 | - | 9000 | | 9000 | | 9000 | | |
| Чет тили | 9500 | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| (Кытай) | | | | | | | | | |
| Орус тили жана адабияты | 6300 | 4900 | 6000 | 4500 | 6000 | 4500 | 6000 | 4500 | 4500 |
| Кыргыз тили | 6000 | 4800 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 4500 |
| Математика | 5800 | 4700 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 4500 |
| Информатика | 6000 | 4900 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 5500 | 4500 | 4500 |
| Коомдук-маданий сервис жана туризм | 5800 | 4700 | | | | | | | |
| Музыка мугалими | 4500 | 3500 | 4500 | 3500 | 4500 | 3500 | 4500 | 3500 | 3500 |
| Экология | 5800 | | | | | | | | |
| Социалдык иш | 6000 | 5000 | | | | | | | |
| Мектепке чейинки педагогика жана психология | 5500 | 4500 | | | | | | | |
| Химия | 5700 | 4700 | | | | | | | |
| Китепкана иши жана библиография | 5200 | 4200 | | | | | | | |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, акыркы төрт жылда ОМПИде адистиктер боюнча окуу төлөмдөрүнүн көлөмү анча чоң өзгөрүүгө учураган эмес, болгону 200 сомдон 500 сомго чейин өсүш болгон. Бирок, окуу жай 2008-2009-окуу жылы адистиктердин баардык түрү боюнча окуу төлөмдөрүнүн көлөмүн үч эсеге көтөргөн (жогорку таблицаны караңыз, 3.16.).

Аймактык жогорку окуу жайлардын артыкчылыгы - алар уюшулгандан бери ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө жашап кетүү мүмкүнчүлүгүн арттыруунун үстүндө такай эмгектенгендиги. Алар алгач ачылганда кадрлардын жетишсиздиги, окутуучулардын начар сапаттык курамы, материалдык-техникалык базанын чабалдыгы, студенттер контингентинин төмөндөп кетүү тенденциясы сыяктуу бир катар жагымсыз жагдайлар болгон. Мына ушулар менен күрөшүүдө аймактык жогорку окуу жайлар өзүнүн ички потенциалын гана жумшай ала тургандыгына көзү жетип, ар тараптуу аракеттерди жасоого белсенишкен.

Педагогикалык билим берүүнүн бүгүнкү абалын жана жогорку окуу жайлардын иш практикасын талдоо көрсөткөндөй, жакынкы жылдарда жогорку билим берүү системасы Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык жана рыноктук мамилелердин өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша келип чыгуучу маселелерге туш келди:

- жогорку билим берүү тармагында келишимдик негизде окуган студенттердин санынын азайышы;

- айрым жогорку окуу жайларда билим берүү чөйрөсүнүн толук калыптанбагандыгынан жана окуу-методикалык, материалдык-техникалык базанын чабалдыгынан, окутуучулар менен студенттердин төмөн деңгээлинен улам окутуу сапатынын төмөндөшү;

- орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн санынын тышкы миграциядан жана башка себептерден улам кескин азайышы.

Мына ушундай маселелерди чечүү үчүн жогорку окуу жайларда окутуунун сапатын башкарууну өркүндөтүү зарыл болгон. Бул жаатта жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучулар жамааты демилге көтөрүп, алгылыктуу аракеттерди көрүүдө. Бирок окуу жайлардын көптүгүнө байланыштуу аларга мектептен алган билими начар, окууга жөндөмсүз абитуриенттер да студент болуп кирүүдө. Бул жогорку окуу жайларында мыкты адистердин даярдалышына тоскоолдук кылат.

Бүгүнкү аймактык жогорку окуу жайларда келечектүү багыттардын бар экендигине карабастан, аларда олуттуу карама-каршылыктар да кездешет: окууга умтулгандардын санынын өсүшү жана гранттык орундардын кыскарышы; адистердин квалификациясына коюлуп жаткан жаңы талаптар жана окуу-нормативдик базанын артта калышы; адистерди чыгаруу көлөмү менен алардын жумушка орношуусундагы кыйынчылыктардын болушу ж.б.

Ошентип, жогорку окуу жай илимий изилдөөнүн олуттуу объектиси болуп саналат. Ал эми окуу процессин өнүктүрүүдө анын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, айрыкча, аймактык жогорку окуу жайлар үчүн өтө зор мааниге ээ экендиги шексиз.

Бишкек шаарында биринчилерден болуп жеке менчик тил колледжи ачылып, ал бат эле Чүй университети болуп кайра түзүлдү. Ошондой эле Эл аралык инновациялар технологиялар университети, Адам, Азия медициналык институту, ИСИТО сыяктуу жождорду атай кетсек болот. Балыкчыдагы Укук жана социалдык өнүгүү институту сыяктуу конкуренцияга жарабай жабылып калгандары да болду. Ошол убакта билим берүү жана илим министри Чынара Жакыпова жогорку окуу жайларды чаржайыт эле ача берүүгө макул болбой, кызматынан кетти. Бирок А. Акаевдин администрациясы региондордун өнүгүшү үчүн университеттер керек деген сунуштарды колдоп Ч. Жакыпованын ордуна билим берүү министрлигине академик Аскар Какеевди дайындады. Анын көз карашында өлкөдө завод-фабрикалар иштебей калып, массалык жумушсуздук шартында жаштар эч болбосо бир жогорку окуу жайда окуп, кесип ала бергени туура, болбосо окубай көчө таптап калган жаштар “коомдук тартипти бузууга бет алат” деген.

**Жыйынтык.** Кыргызстандын 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы экономикалык ишмерүүлүгү мурунку совет доорундагыдан бир кыйла айрмаланган. Жогорку билим берүүдө бюджеттик жана контрактык негизде окутуу системасы калыптанган. ЖОЖдодун негизги кирешесин контрактык окутуунун негизинде түшкөн каражаттар менен толукталган. Албетте, дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануу процессинин алкагында чет өлкөлүк гранттарды тартуу иштери жүргүзүлө баштаган. Чет өлкөлүк, эл аралык мекеме, уюмдардын жогорку окуу жайларына тартылган гранттары негизинен окутуучулардын жан студенттердин тышкы мабилдүүлүктөрүнө, стажировкаларынан турган.

# IV БАП. ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК ФОРМАСЫНДАГЫ ЖОЖДОРДУН ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## 4.1. Мамлекеттик жана чет өлкөлүк каржылоо

Борбордук Азияга тездик менен келген коомдук-саясий өзгөрүүлөр аймака болгон өлкөлөрдүн көп тармактуу кызыгууларын шарттаган. Кыргызстандын эгемендик мезгилиндеги чет мамлекеттер менен түзүлгөн келишимдердин, кызматташтыктын негизинде жогорку кесиптик билим берүү тармагында жаңы эл аралык үлгүдөгү окуу жайлар ачыла баштаган: Кыргыз-Россия Славян университети (КРСУ), Борбордук Азиядагы Америка университети (БААУ / АУЦА), Кыргыз-Түрк “Манас” университети (Манас), Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети, Кыргыз-Кувейт эл аралык университети (ККЭАУ) ж.б.. Эгемендиктин алгачкы 20 жылындагы Жогорку кесиптик билим берүүчү мамлекет аралык окуу жайлар позициясын постсоветтик доордо пайда болгон «Манас» Кыргыз-Түрк университети, Кыргыз - Россия Славян университети сыяктуу айрым трансулуттук ири жогорку окуу жайлары ээлешет. [47, 31-б]

**Кыргыз-Россия Славян университети** 1993-жылды Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы өз ара кызматташуунун алкагында түзүлгөн. 1993-жылы университетке алгачкы 200 студент кабыл алынып, 1997-жылы алгачкы бакалаврларды чыгарышкан. 2004-жыл окуу жайга КР Президентинин жарлыгы менен Россия Федерациясынын биринчи президенти Б. Н. Ельциндин ысымы берилген.

КРСУну каржылоо эки өлкө тарабынан тең жүргүзүлгөн. Россия Федерациясынын каржылоосу 1999-жылы 139 миң АКШ долларын түзсө, Кыргыз өкмөтү 115 миң АКШ долларын бөлгөн. Кыргыз өкмөтү окуу жайдын балансына 274 миң АКШ доллары көлөмүндөгү имараттарды берген. 1999-

жылдын аягына карата окуу жайдын балансындагы каражаттардын баасы 201 миң АКШ долларына жеткен. [106, с. 14-15]

Мамлекеттер аралык окуу жайларда илимий изилдөө иштерине дагы көнүл бурулуп келинген. Алсак, КРСУда 1999-жылы 310 миң АКШ доллары көлөмүндө каржылоонун негизинде илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Изилдөө иштерин жүргүүзү максатында төмөндөгүдөй илимий борборлор ачылган: Илимий-изилдөө борбору; Информациялык-эсептөө борбору; «Перспективные технологии и материалы» илимий-өндүрүштүк борбору; Жаңы технологиялар жана долбоорлордун илимий-инженердик борбору; Илимий-информациялык «Арал» борбору; Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү боюнча Комиссиянын илимий-информациялык бөлүмүнүн борбору ж.б. [106, с.15]

1999-жылы КРСУда РФ билим берүү министрлиги тарабынан 7,9 миң АКШ доллары, КР ББММ тарабынан 10 миң АКШ доллары көлөмүндө каржыланган илимий программа иштеген. [106, с.15]

**Кыргыз-Түрк «Манас» университети**: Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан 1995-жылы, 30-сентябрда Измир шаарында кол коюлган «Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ачуу боюнча эл аралык келишимдин», 1997-жылдын 24-октябрында Анкара шаарында «Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк университетинин ачылышына байланыштуу Келишимдин»[83] негизинде ачылып, 1997–1998-окуу жылынан тартып, студенттерге билим бере баштаган.

Окуу жайдын каржы булактары университеттин уставынын 25-беренесинде көрсөтүлгөндөй «университеттин каржы булактары Түркия жана Кыргыз Республикаларынын көрсөткөн жардамдары менен биргеликте, студенттерден алына турган окуу үчүн төлөм акыларынан, демөөрчүлөрдөн келип түшкөн акча-каражаттарынан жана университеттин өз алдынча ишкердүүлүгүнүн натыйжасында түшкөн акчалай каражаттардан» [83, 17 б] түзүүлөрү белгиленген.

Окуу жайдын бюджети «ректорлук тарабынан даярдалып, Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилет». Уставдын 27-беренесинде о.э. Камкорчулар кеңешинин макулдугуусуз, бюджетке өзгөртүү киргизүүгө болбой тургандыгы каралган. [83. 18-б]

Түркия Республикасынын өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин андан аркы иши жөнүндө келишиминин 5-беренеси боюнча университеттин Камкорчулар кеңеши 8 адамдан, эки өлкөдөн төрттөн кишиден туруп 1ден төрага жана 3 мүчөсү Президенттин, Премьер-министрдин жана Билим берүү министринин макулдугу менен дайындалаары каралган. [83] Ал эми аталган келишимдин 6-беренесинде кеңеш 4 жылдык мөөнөткө дайындалаары белгиленген.

Эр аралык окуу жайларда студенттер менен профессордук окутуучулук курамдын академиялык мобилдүүлүктөрү үчүн башка ЖОЖдорго караганада эң ыңгайлуу шарттар болгон. Алсак, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускасында Манас университетинде Профессордук окутуучулук курамдын академиялык ишмердүүлүктөрүн баалоо жана шыктандыруу дагы каралган. [83, 30-45-б] Нускаманын 7-беренесинин 2-пунктунда шыктандыруучу төлөмдөр окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталаары белгиленген. О. э. төлөмдөрдүн көлөмү профессорлорго – 100%, доценттерге – 90 %, доценттин м.а. – 80 %, ага окутуучуларга – окутуучуларга, кенже илимий кызматкерлерге – 70 % каралган. [83, 35-б]

Эл аралык окуу жайларда профессордук-окутуучулук курамдын илимий-окутуучулук ишмердүүлүктөрүн колдоо дагы каралган. “Манас” университетинде «жарыяланган обзордук макала» үчүн берилүүчү колдоо каражаттары бар. Q1 категориясындагы макала жарыялагандыгы үчүн 1000 АКШ доллары, Q2 категориясына 800 АКШ доллары, Q3 жана AHCI категориясына 600 АКШ доллары, Q4 категориясына 400 АКШ долларын берүү каралган. [83, 47-б]

**Таблица 4.1.**

**Окуу жай ичиндеги күнүмдүк чыгымдар төмөндөгүдөй болгон (АКШ доллары)** [83, 120-б]

| № | Кызмат орду | Күнүмдүк чыгымдардын суммасы |
|---|---|---|
| 1. | Ректор. Биринчи проректор | 80 |
| 2. | Проректор, декан, жогорку мектептин мүдүрү, институттун мүдүрү, профессор, университеттин башкы катчысы | 60 |
| 3. | Доцент, доценттин милдетин аткаруучу, башкы катчынын орун басары, бөлүмдүн башчысы, юрист-консультант, факультеттин катчысы | 50 |
| 4. | Ага окутуучу, окутуучу, адис, кыймылдуу мүлк эсепчиси, компьютер адиси-инженер | 40 |
| 5. | Башка кызматкерлер | 30 |

Окуу жайдын административдик кызматкерлери менен профессордук-окутуучулар курамы эмгек келишимдин негизинде иштешет. О.э. келишимде Түркия мамлекеттик университети тарабынан жиберилген окутуучулар Түркия Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына ылайык 3 жылга чейин айлыктары сакталаары каралган (11-берене).

«Манас» университети үчүн Түркия жана башка чет өлкөлөрдөн алынып келинген материалдык-техникалык жабдуулар, курулуш материалдары үчүн бажы салыгы жана башкак салык төлөмдөр алынган эмес. [83, 3-б] Жогоруда аталган келишимдин 12-беренеси.

Кыргыз өкмөтү келишимдин 13-беренесине ылайык окуу жайдын «имараттары менен бирге, кампус жана окуу-өндүрүштүк чарба курууга ылайык болгон жер тилкелер менен камсыз» кылуусу каралган. Ушул эле берене боюнча Кыргызстан тарабынан бөлүнүп берилген жер тилкесине университеттин имараты, «оңдоо, материалдык техникалык камсыздоо жана

башкага керектөөлөр үчүн» Түрк мамлекети тарабынан акча каражаттары бөлүнүп берилери каралган. [83, 3-б]

**Таблица 4.2.**

**1997-2010-жылдардагы "Манас" университетинин факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнүн саны** [145, с.39]

| **Факультеттер** | **Кыргызстан** | **Түркия** | **Башка өлкөлөр** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|
| Гуманитардык | 275 | 134 | 27 | 436 |
| Экономика жана башкаруу | 445 | 176 | 73 | 694 |
| Инженердик | 223 | 99 | 20 | 342 |
| Коммуникация | 256 | 47 | 27 | 330 |
| Чет тилдердин Жогорку мектеби | 125 | 3 | 9 | 137 |
| Туризм жана гостиницалык иштер | 275 | 4 | 11 | 290 |
| Кесиптик жогорку билим | 32 | 0 | 0 | 32 |
| **Жалпы** | **1631** | **463** | **167** | **2261** |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, университетти бүтүп кеткендердин жарымын эки гана Гуманитардык менен Экономика жана башкаруу факультетинин бүтүрүүчүлөрү түзөт экен.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде студенттерге билим берүү, окуу университеттин уставында белгиленген акы төлөө аркылуу билим берүү каралса дагы, [83, 47-б] бул процесс окуу жай уюштурулган күндөн баштап акы төлөөсүз ишке ашырылууда. Ар тургай студенттерге ар түрдүү категориялардын түрү боюнча стипендия берүү дагы каралган. [83, 61-64-б]

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри К. Ж. Садыков 2014-жылдын 9-апрелиндеги ЖК депутаттарына берген маалыматында «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин жылдык бюджети 51млн. АКШ долларын түзөөрүн билдирүү менен анын 92%ы (49 млн. 297миң) Туркияга, ал эми Кыргыз өкмөтүнө 8 %ы (888 миң ) бөлүнгөнүн маалымдаган. Окуу жайдын түзүлгөнүнөн баштап Түркия 363 млн. АКШ долларында салым

кошконун, анын 212 миллиону окуу жайдын окуу ж.б. имараттарынын курулушуна кеткенин билдирген. [129] Жалпы аянты 85 га болгон Университеттин территориясына 91110,09 кв.м. курулуш курулган. Бир студентке 16,06 кв.м окуу аянты туура келген.92]

2017-жылы “Манас” университетинин ректору Себахаттин Балджинин Анадолу түрк агенттигине берген маалыматында окуу жайда 13 мамлекеттин 5383 студенти билим алып жатканы менен бирге университетти 6869 бүтүрүүчү бүткөнүн билдирип, окуу жайдын ишмердүүлүгүнө Түркия 398 млн. АКШ долларын бөлгөнүн маалымдайт. [147]

«Манас» университети билим берүүгө жумшалган Түркия мамлекетинин эң чоң инвестициясы болуп эсептелет.

Түрк мамлекети тарабынан уюштурулган экинчи жогорку окуу жай – Эл аралык **Ататүрк Ала-Тоо университети** 1996-1997-окуу жылы алгачкы студенттерди кабыл алган. Бул окуу жай Бишкек шаарынын чыгыш районунда 2002-жылы 27-октябрда өзүнүн жаңы имаратын куруп бүткөн. Бул курулушка 1 миллион 200 миң АКШ доллары сарпталган. [90, 97-б]

Бул университет Кыргызстандагы алгачкы менчик эл аралык окуу жайы болгон, ал жогорку билимге ээ болууну каалаган жана ага умтулган жаштарды конкурстук негизде тандап алган. Университетте замандын талабына ылайык уюштурулган: жаңы технологиялар, социология жана гуманитардык илимдер, экономика жана башкаруу факультеттери бар. Адистиктердин даярдалышы боюнча маалыматтарды төмөндөгү таблицадан көрө алабыз.

**Таблица 4.3.**

**Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинде адистиктер боюнча даярдоо** [90, 98-б]

| № | Бөлүм | 1-курс | 2-курс | 3-курс | 4-курс | 5-курс | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Менеджмент | 45 | 41 | 51 | 60 | 47 | 244 |
| 2 | Финансы жана кредит | 100 | 71 | 83 | 66 | 43 | 363 |
| 3 | Эл аралык байланыш | 94 | 77 | 66 | 60 | 47 | 344 |
| 4 | Электроника жана микроэлектроника | 18 | 12 | 6 | 15 | 4 | 55 |
| 5 | Информатика жана эсептөө техникасы | 31 | 33 | 31 | 27 | 15 | 137 |
| 6 | Колдонмо математика жана | 14 | 15 | 6 | 7 | 25 | 67 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | информатика | | | | | | |
| 7 | Чет тили | 29 | 39 | 49 | 27 | 36 | 180 |
| 8 | Филология (Түркология) | 18 | 18 | 17 | 22 | 16 | 91 |
| 9 | Дүйнөлүк экономика | 29 | 40 | 45 | 44 | 0 | 158 |
| 10 | Лингвистика жана өз-ара маданий коммуникация | 45 | 30 | 34 | 26 | 0 | 135 |
| 11 | Инженер-менеджер | 14 | 25 | 27 | 0 | 0 | 66 |
| 12 | Кытай тили жана адабияты | 30 | 26 | 41 | 0 | 0 | 97 |
| 13 | Америкаведения (америка ж-дө) | 16 | 10 | 0 | 0 | 0 | 26 |

Таблицада көрсөтүлүп тургандай университетте окуп жаткан студенттердин дээрлик жарымын үч гана адистикте билим алып жаткан студенттер түзгөн.

2007-жылдын 8-февралында Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин кезектеги окуу имараты пайдаланууга берилген. Гуманитардык-педагогикалык факультетине бөлүнгөн окуу имаратында 600 орундуу конференц-зал, 400 орундуу китепкана, 39 окуу аудиториясы, 3 компьютердик кабинет, 4 мультимедиялык аудитория, 450 орундуу студенттик ашкана жана башка иш бөлмөлөрү жайгашкан. Бул имараттын курулушуна 1,5 миллион АКШ доллары жумшалган. [90, 103-б]

Өлкөдөгү өзгөрүүлөр, тарыхый кырдаал «өзгөрүү толкуну билим берүүдө жаңы идеяларды жаратып, натыйжада 1993-жылы Бишкектеги Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин (КМУУ) курамында Кыргыз-Америка мектеби» [126] (КАМ) түзүлгөн. КАМ ушунчалык чоң өсүшкө ээ болгон, ошондуктан ал мындан ары КМУУнун ичиндеги мектеп бойдон кала алган эмес жана көз карандысыз мекеме болууга даяр болгон. 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Кыргыз-Америка мектеби (КАМ) **Кыргызстандагы Америка университети** (КАУ) болуп, башкаруучу орган катары көз карандысыз эл аралык Камкорчулар кеңеши түзүлгөн. [126] Кийин бул окуу жай Борбордук Азиядагы Америка университети болуп аталган.

**Кыргыз-Кувейт университети**. Эгемен доорундагы ЖОЖдордо чет тилдери боюнча жогорку кесиптеги адисттерди даядоого көнүл бурула

баштаган. «Кыргызстанда араб тилин үйрөтүүчү атайын окуу жай Кувейт мамлекетинин жараны Абдуллатиф Рамадан Аль-Хажерийнин демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият минстрлигинин № 145 чечими менен 1999-жылы» [89, 97-б] Кыргыз-Кувейт университети ачылган. Университеттин алгачкы ректору тарых илимдеринин доктору, профессор Асан Сулайманович Ормушев болгон жана окуу жайдын ачылышына чоң салым кошкон. Окуу жайдын учредители «Smart Generation» коомдук фонду болгон. Окуу жай 2004-жылдан баштап Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети деп аталган.

Окуу жайга Кувейттеги кайрымдуулук фондусунун каржылоосу менен «Араб тилинин бакалавры» (540300) адистигине 75 студент кабыл алынган. [89, 41-42-б] Университеттин алгачкы ректору А. С. Ормушевдин билдирген маалыматы боюнча окуу жайда «студенттерге сөзсүз түрдө араб тилин үйрөтүү менен, интеллектуалдык рынокто атаандаш болууга жарай турган, кырдаалга ылайык иштеп кетүүгө жөндөмдүү жаш адистерди даярдоо максатын»[89, 42-б] көздөгөн. Ушул жерде белгилей кетүүчү маанилүү маалымат – Кувейт университети түзүлгөн күндөн 2010-жылга чейин студенттерин окуу төлөмү жок (бекер) окуткан. Университеттин ректору А.С. Ормушевдин сөзүнө караганда дал ушул мезгилде университетке эң мыкты окуган абитуриенттер келишкен жана окууну ийгиликтүү аяктап кетишкен.

Эл аралык Жогорку окуу жайларында, жылдан жылга окуу жайдагы студенттердин санынын өсүү динамикасын байкасак болот. Мындай көрүнүш Кыргыз-Кувейт университетинде да жок эмес.

**Таблица 4.4.**

**Кыргыз-Кувейт университетинин студенттеринин санынын өсүү динамикасы**

| № | Окуу жылы | Студенттердин саны | Магистратура | Даярдоо бөлүмү | Тил курсу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 1999-2000-жж. | 75 | - | - | - |
| 2. | 2001-2002-жж. | 150 | - | - | 20 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. | 2002-2003-жж. | 300 | - | - | 25 |
| 4. | 2003-2004-жж. | 325 | - | 33 | 25 |
| 5. | 2004-2005-жж. | 398 | - | - | 30 |
| 6. | 2005-2006-жж. | 390 | - | - | 30 |
| 7. | 2006-2007-жж. | 420 | 9 | - | 35 |
| 8. | 2007-2008-жж. | 425 | 3 | - | 35 |
| 9. | 2008-2009-жж. | 470 | 10 | | 40 |
| 10. | 2009-2010-жж. | 485 | 2 | 40 | 46 |
| 11. | 2010-2011-жж. | 568 | - | 24 | 30 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргыз-Кувейт университетинде 1999-2000-окуу жылы араб адистиги боюнча 75 студент кабыл алынса, 2010-2011-окуу жылына карата студенттердин саны 600кө жеткен, башкача айтканда студенттердин саны бир нече эсеге өскөн [89, 64-б]:

Билим берүүнүн сапатын жакшыртууда, окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамындагы атайын чет өлкөлөрдөн чакырылып келинген окутуучулардын салымы да көп. Алсак, Кувейт университети билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында жогорку квалификациялуу адистерди Иордания, Сирия, Египет, Судан, Марокко, Ирак, Мавритания өлкөлөрүнөн чакырышкан. [89, 44-б]

**Таблица 4.5.**

**Окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамынын сапаты**

| **Жылы** | **Окутуучулар, ага окутуучулар** | **Илимдин кандидаттары** | **Илимдин докторлору** | **Жалпы саны** |
|---|---|---|---|---|
| 1999-2000-жж. | 11 | 4 | - | 15 |
| 2000-2001-жж. | 15 | 4 | 1 | 20 |
| 2001-2002-жж. | 17 | 5 | 3 | 25 |
| 2002-2003-жж. | 17 | 12 | 7 | 36 |
| 2003-2004-жж. | 28 | 12 | 5 | 45 |
| 2004-2005-жж. | 32 | 12 | 5 | 49 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2005-2006-жж. | 26 | 19 | 6 | 51 |
| 2006-2007-жж. | 40 | 17 | 5 | 62 |
| 2007-2008-жж. | 44 | 18 | 6 | 68 |
| 2008-2009-жж. | 44 | 18 | 6 | 68 |
| 2009-2010-жж. | 42 | 16 | 6 | 64 |
| 2010-2011-жж. | 44 | 16 | 8 | 68 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргыз-Кувейт университетинин профессордук-окутуучулук курамынын сапаты көрсөтүлгөн жылдар ичинде төрт эсеге өскөн.

Эл аралык окуу жайлардын окуу процессин жакшыртуудагы артыкчылыктардын бири бул окуу имараттары менен, окуу процесстерине керектүү техникалык, окуу каражаттары менен жабдылышы болуп эсептелет.

2003-жылдын 11-октябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен окуу жайдын алдында кыздардын «Давха» мектеп-интернаты ачылган. Жалпы аянты 1127,36 кв.м. түзгөн мектеп интернат 400 окуучуга билим берүүгө ыңгайланышкан. [89, 67-б]

Кыргыз-Кувейт университети 2008-жылы 4 кабаттуу (жер төлөсү менен бирге) эки окуу корпусунун курулуш иши аткарылып, ишке берилген. [89, 60-б] Окуу корпустары заманбап материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыз кылынган. Окуу жайда 40 орундуу 2 компьютердик кабинет, 2 лингафондук, 1 криминалисттикалык иш жүргүзө турган, банк кызматын, үн жазуу, тасмага тартуу студия ж.б. заманбап окуу процессине ылайыктуу шарттар түзүлгөн. [89, 60-б] О.э. изилдөөгө алган аралыкта 75 орундук кыздардын, 80 орундук балдардын жатаканасы курулган. [89, 61-б]

Окуу жайдын алгачкы 10 жылында Кувейттеги Эл аралык кайрымдуулук фонддун Генералдык директору Абдуллатиф Аль-Хажерийнин колдоосу жана ОсОО «Бристольдун» президенти Хассан Ясиндин салымы менен эки окуу имаратынын жана анын жабдылышына 3000000 доллардын тегерегинде каражат жумшалган. [89, 61-б]

Эгемендик мезгилде ачылган, жогорку кесиптик билим берүү системасындагы мамлекеттер аралык окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгү боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

- Кыргызстандагы Эл аралык жогорку кесиптик окуу жайлардын ачылышы республиканын эгемендүүлүктү алышы менен чет өлкөлөр менен түзүлгөн эл аралык кызматташтыктын алкагында, экономикалык жактан бир кыйла өнүккөн АКШ, Россия, Түркия сыяктуу мамлекеттердин жаңы геосаясий кырдаалдагы атаандаштыгынын негизинде Кыргыз-түрк «Манас», Эл аралык Ата-Түрк Ала Тоо университети, Кыргыз-Россия Славян университети, Борбордук Азиядагы Америка университети, Кыргыз-Кувейт ж.б. эл аралык университеттери негизделген.

- Мамлекеттер аралык эл аралык окуу жайлардын ичинен Кыргыз-Россия Славян университетинен бөлөк окуу жайлар атайын окуу кампустарын курушуп, окуу процессине керектүү каражаттар менен студенттерди толук камсыз кылууга аракет кылышкан.

- Эл аралык окуу жайларында билим берүү Кыргыз-Түрк «Манас», Кыргыз-Россия Славян университеттеринде бюджеттик негизде жүргүзүлөт. Ошол эле учурда дээрлик баардык окуу жайларда социалдык, окуудагы жетишкендиктери үчүн жеңилдиктер (толук, жана % менен) берилет.

## 4.2. Жогорку кесиптик окуу жайлардын эл аралык экономикалык ишмердүүлүгү

Жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын эл аралык мамилелеринде кошумча чет өлкөлүк каржылык каражаттарды тартуу аркылуу ишке ашыруу жагы Кыргыз Республикасынын тийешелүү мыйзамдык, укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлөт. 2003-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын 50-беренесинде төмөндөгүдөй белгиленген: “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн

борбордук жана региондук мамлекеттик башкаруу органдары, билим берүү уюмдары, билим берүү тутумундагы ишканалар жана уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тышкы экономикалык ишин өз алдынча жүзөгө ашырышат. Мамлекеттик билим берүү уюмдары, ишканалары жана билим берүү тутумундагы уюмдар тышкы экономикалык иштен алган, менчик укугундагы өзүнө таандык валюталык каражаттарга ээ. Алар билим берүү тутумун өнүктүрүүгө жана анын материалдык-техникалык базасын чыңдоого жумшалат”. [6]

Кыргызстандын жогорку окуу жайлары өлкөнүн көз карандысыздык мезгилинин биз изилдөөгө алган алгачкы 20 жылында дүйнөлүк билим берүү тармагынын интеграциялануусуна катышуу мүмкүнчүлүгүн алган. Изилдөө ишинде белгилүү болгондой мамлекеттик ЖОЖдор үч деңгээлдеги интеграциялануга катышкан: 1) Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги жана ЕврАзЭС алкагындагы , постсоветтик аймактагы жогорку кесиптик билим берүү доктриналарынын негизинде иш алып барышкан. 2) Аймактык деңгээлдеги интеграциялануусу, бул багыттагы жогорку көрсөткүчү болуп Шанхай кызматташтык уюмунун аймактагы 53 жогорку окуу жайы кирген «ШКУ универститеттер» системасынын ишке ашырылышы. 3) Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын интеграциялануу процессинин дүйнөлүк билим берүү багыты менен интеграциялануусу. Бул интеграциялануунун алкагында натыйжа болуп Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын  Болонь процессине кирүүсү. 2011-жылы Кыргызстандын 14 жогорку окуу жайы Болонья процессинин Генералдык хартиясына кол коюшкан.

Жогорку окуу жайларына өлкөдөгү коомдук-башкаруунун өнүгүүсүндөгү демократиялаштыруунун натыйжасында эл аралык катнаш жаатындагы эркиндиктер менен мүмкүнчүлүктөр көп берилген. Натыйжада, жогорку окуу жайлардын ар кандай эл аралык уюмдар, фонддор менен бирге дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жогорку билим берүүчү окуу жайлары менен кызматташуусу башталган.

Дүйнөлүк, эл аралык мамилелердин негизиндеги жогорку окуу жайлардын кызматташуусу окуу жайдын демилгеси менен өз алдынча, эркин, көп тармактуу жүрүшү мамлекеттин колдоосуна ээ болгон.

Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмунун 1999-жылдагы маалыматы боюнча Дүйнөлүк билим берүүнүн, билим берүүнү экспорттоо кызматташтыгынын негизинде, б.а. чет өлкөлүк студенттердин төлөөчү контрактык акысынын негизиндеги кирешеси 30 млн. АКШ долларына жеткен.[59, с. 26]

1994-жылдан баштап Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун тарифтер жана соода боюнча генералдык келишимине жогорку билим берүү дагы киргизилип, 2005 -жылга чейин аталган уюмга мүчө-өлкөлөр студенттердин мобилдүүлүгү, билим берүү ресурстары боюнча келишимге келүү белгиленген. О.э. чет өлкөлүк жогорку окуу жайларды, колледждерди түзүү дагы каралган. [59, с.26]

Билим берүүдөгү экономикалык (базар) мамилелердин өнүгүүсүндө Бүткүл дүйнөлүк соода уюму  төрт багытты караган: 1) Билим берүү тармагындагы экспорттук кызмат; 2) Интернет жана атайын цифралашкан техникалар аркылуу атайын курстарды «Эл аралык жеткирүү»; 3) «Коммерциялык катышуу» - чет өлкөлүк фирмалар жетектеген менчик мектептерди, билим берүү борборлорун ачуу; 4) Чет өлкөлүк окутуучулардын билим берүүгө катышуусу. [59. С.27; 141]

1994-жылдын апрелинде Бишкекте маданий кызматташуу боюнча Кыргыз-герман биргелешкен комиссиясынын сессиясы Гремания мамлекетинин Кыргызстандагы элчиси В. Холик менен Германиянын маданият жана билим берүү министрлигинин стат-катчысы Ф. Беттин катышуусунда өткөн.  Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы өнөктөштүк байланыштарды жөнгө салуучу негизги кызмат көрсөтүүчү уюм катары DAAD (Академиялык алмашуулардын Германиялык кызматы) сунушталган. О.э. жаш, 40 жашка чейинки, окумуштуулар үчүн  А. Гумбольд атындагы фонддун гранттары да белгиленген.

Кыргыз Республикасы менен Германия өкмөттөрүнүн ортосунда билим берүү тармагындагы кызматташуу келишими түзүлгөн. Кыргызстан менен Германиянын билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуусу DAADдын программалары, долбоорлору аркылу жүргөн.

Дүйнөлүк кызматташуунун контекстинде чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен экономиканы жакшыртуу максатында 1959-жылы башталган Эл аралык инвестициялык келишимдер тарыхында Кыргызстандын билим берүүгө инвестициялары эгемедик мезгилде башталган. Эл аралык инвестициялык келишимдер уюмунун өзүнүн тарыхындагы инвестициялык келишимдердин негизги бөлүгү 1990-жылдардан башталгандыгын белгилешет.

1991-2010-жылдар аралыгында инвестицияларды тартуу мамлекеттик жогорку окуу жайлардын экономикалык кирешесине таасир эткен.

Менчик жогорку кесиптик окуу жайларга таандык өзгөчөлүктөрдүн бири студенттерге финансылык колдоо көрсөтүүсү. [62, с.121] Мисалы, БААУда (Борбордук Азиядагы Америка Университети) студенттин ар кандай социалдык-экономикалык факторуна жараша, үй-бүлөлүк абалына (көп балалуу) карата 30-100 % көлөмдө жеңилдиктерди берүү каралат. [62, с.121] Эгерде БААУдагы билим берүүнүн акысы менен мамлекеттик жогорку окуу жайлардагы окутуунун акысын салыштырсак, анда бир студентке берилген 100%дык жеңилдикке бюджеттик жогорку окуу жайларда орточо 6 студент акы төлөп окууга мүмкүнчүлүк алат.

1994-жылдан баштап республикада Жогорку билим берүүчү менчик окуу жайлар иштей баштаган. Менчик окуу жайлардын саны алгачкы 10 жылда 4 эсеге көбөйгөн. 2009-жылы менчик жогорку окуу жайларында 16,4 миң чет өлкөлүк студенттер билим алышкан, алардын 79 % Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги өлкөлөрүнүн жарандары болгон. Анын ичинен Өзбекстандан келгендер - 46 %, Казахстан - 24 %, Таджикстан - 9%, Түркмөнстан - 14 %, Россия Федерациясы - 7 %ды түзгөн. Калган 21 %ды алыскы чет өлкөдөн келген студенттер түзгөн: Турция – 31 %, Пакистан – 27 %, Кытай – 18 %, Индия – 15 %, Афганистан – 2,5 %, Непал – 1,5 %.[87, с.266]

Чет өлкөлүк студенттер үчүн акы төлөө билим берүүнүн чекене баалары 2009-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан кабыл алынган Жобонун («**Положение о формировании и применении цен на платные образовательные услуги в Кыргызской Республике”)** 7-пункутунда белгиленгендей өзүнчө рыноктогу баалар менен билим берүү тармагындагы мамлекеттер аралык келишимдердин негизинде аныкталган. [9]

Акы төлөнгөн билим берүү кызматы окуу жылына келтирилген пландуу чыгашаларга жана адистиктер менен окутуунун формасына карата дифференцияланышы атайын Жободо дагы каралган. [9]

Акы төлөнгөн жогорку окуу жайлардын кызматынын материалдык чыгымдарына окутуу процессине керектүү жабдуулар, инвентарьлар, эмгек акысына кеткен каражаттар кирген. О.э. бул кызматка ремонттун 15 %нан көп эмес бөлүгү, коммуналдык, транспорттук чыгымдардын бөлүгү кирген (Жобонун V бапында каралган). [9]

Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча 2010-2013-жылдарда 1 студентке кеткен чыгым 166,12 АКШ долларынан 223,27 АКШ долларына жеткен. [72, с.19]

2009-жылдын аягында Европа Биримдиги менен 2010-2012-жылдар аралыгында билим берүүгө 5,5 млн. евро көлөмүндөгү келишим түзүлгөн. [72, с.49]

**Таблица 4.6.**

**2006-2010-жылдары келген инвестициялардын КМШ жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн келген көлөмүнүн артыкчылыгы**[81, 129-б]

| **жалпы көлөмдүн %ын түзгөн** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** |
|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрүнөн | 38,6 | 29,4 | 40,5 | 35,1 | 25,1 |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | 61,4 | 70,6 | 59,5 | 64,9 | 74,9 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргызстандын билим берүү тармагына келген инвестициялардын дээрлик 70 %дан ашыгы алыскы чет өлкөлөрдөн тартылган.

1998-жылы октябрда Эл аралык ЮНЕСКО уюму тарабынан Парижде жогорку окуу жайлардын алдындагы глобалдык өзгөрүүлөргө байланышкан проблемаларды чечип, ишке ашыруу максатында жогорку билим берүү боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференция өткөрүлгөн. Конференцияда XXI кылым үчүн Жогорку билим берүү жөнүндө Бүткүл дүйнөлүк декларация кабыл алынган. [127] Декларацияда белгиленгендей жаңы XXI кылымда дүйнөлүк жогорку окуу жайлардын алдына «мурун кездешпеген баалуулуктардын терең кризисин баштан кечирип жаткан коомдо, жалаң экономикалык ой жүгүртүүлөрдүн чегинен чыгып, адеп-ахлак менен руханияттын тереңирээк аспектилерин баамдай алышы үчүн радикалдуу өзгөрүүлөр менен жаңылануулларга» [127] барууну койгон.

Жогорку окуу жайлардын билим берүүдө киреше табышы, тигил же бул адамга (студентке, окутуучуга) пайда алып келүү концепциясынын маңызына: билим деңгээлинин жогорулашы, компетенттүүлүгү; кийинки муунга инвестиция жасоо ж.б. кирет. Бул концепция сапаттуу, кесиптик рынокто керектүү билимдин алышы бүтүрүүчүнүн коомдук-экономикалык өсүүсүндө – жекелик, коомдук, улуттук, мамлекеттик экономиканын өсүүсүндөгү туруктуулукту камсыздоого мүмкүндүк бермекчи. Жогоруда аталган Декларациянын 26 статьясынын 1 пункутунда белгиленгендей ар бир адам билим алууга укуктуу, о.э. жогорку билим берүү баарына жөндөмдүүлүгүнө карай бирдей болушу керек. [59, с.16]

Рынок мамилелерине өтүү шартында жогорку билим берүү системасында дээрлик башка сапаттык деңгээлдеги олуттуу интеграциялык өзгөрүүлөр башталган. Мисалы, Кыргызстандын дээрлик бардык жогорку окуу жайлары, менчиктин түрүнө карабастан Академиялык алмашуулардын Германиялык кызматынын (ДААД) программасынын гранттарын алууга жетишишкен.

Диссертациялык изилдөөнүн хронологиялык алкагында жогорку окуу жайлар билим берүүнүн рыноктук керектөөлөрүн толук аткара алган эмес. Бул жогорку окуу жайлардын эл аралык билим берүүгө интеграцияланышына түрткү берген. 1993-жылы европанын 33 мамлекетинин билим берүү системасы Болон декларациясына өтүшкөн. Болон системасынын негизги максаты жогорку билим берүүнүн европа зонасын түзүү менен дүйнөлүк билим берүүнүн заманбап контекстин аныктоо болгон.

Акырындык менен Кыргызстандын жогорку окуу жайлары дагы дүйнөлүк билим берүүгө интеграциялана баштаган. 2006-жылы Болон декларациясына 45 мамлекет кирген, алардын арасында биздин жогорку кесиптик билим берүү дагы кошулган.

Кыргызстан эгемендикти алгандын алгачкы жылдарынан баштап билим берүүнүн интеграцияланышынын актуалдуулугу туурасында пикирлер атайын билим берүү боюнча серепчилер, билим берүү тармагынын кызматкерлери, окумуштуулар тарабынан көтөрүлүп келинген.

Жогорку билим берүү тармагын интеграцияоо максатында изилдөөгө алынган аралыкта 8 мамлекеттер аралык жогорку окуу жайлары уюштуруланган. Алар: Кыргыз-Россия Славян университети, Кыргыз-Өзбек университети, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Борбордук Азиядагы Америка университети, Кыргыз-Кувейт университети, Кыргыз-Орус билим берүү академиясы, Эл аралык Ала-Тоо университети, Ага-Хан Борбордук Азия университети. Мындан тышкары Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларынын 10го чукул филиалдары ачылган. [87, с. 267]

1992-жылы 15-майда Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине кирген мамлекеттердин ортосунда билим берүү багыты боюнча өз ара кызматташуу келишими кабыл алынган.

1997-жылдын 17-январында Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги өлкөлөрүнүн өкмөтүнүн кеңеши Көз карандысыз

мамлекеттердин шериктештиги аймагында билим берүүнүн бирдиктүү (жалпы) Концепциясын – Билим берүү кодексинин моделин иштеп чыгышкан. [10]

2000-жылы Казахстандын, Кыргызстандын жана Таджикстандын өкмөттөрү Ага-Хандын өзү тарабынан Борбордук Азия университетин (БАУ-УЦА) уюштуруу келишимине кол коюшкан.

1998-жылдын 28-ноябрында Белорус, Казахстан, Кыргызстан, Россия Федерациясы, Таджикстан мамлекеттеринин өкмөттөрүнүн билим берүү, окумуштуулук даража жана наам жөнундөгү документтердин эквиваленттүүлүгү боюнча келишимдин 6-9 статьяларында жогорку билим берүүчү документтердин жана дипломдордун өлкөлөр ортосундагы таанылуусу же эквиваленттүүлүгү каралган. 6 статьяда толук эмес жогорку билим жөнүндөгү дипломдор келишимге кол коюулган мамлекеттерде улантуулусуна мүмкүнчүлүк берсе, 7 статьясында Казахстан, Кыргызстан, Таджикстан республикаларынын адистик боюнча квалификация берилген жогорку билими жөнүндөгү дипломдору мамлекеттер тарабынан таанылган. Ал эми 8 статьяда Казахстан, Кыргызстан, Таджикстан республикаларынын бакалавр дипломдору менен Россия Федерациясынын жогорку кесиптик билим берүүсү жөнүндөгү дипломдору келишимге кол коюшкан өлкөлөрдүн аймагында ишке орношууда таанылган. [146]

Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү экспорт катары изилдөөчүлөр биздин өлкөнүн кыска убакыт ичинде билимди экспорттоочу мамлекетке айлануусун өлкөнүн географиялык абалы, башка өлкөлөргө карата ачыктыгы, демократиялык процесстердин күчтүүлүгү, калкынын толеранттуулугу, жогорку билимдин деңгээлинин жана сапатынын башка чектеш мамлекеттерге салыштырмалуу жогору экендиги менен түшүндүрүшөт. Мунун өзү Кыргызстандагы жогорку билим тармагындагы приоритеттерди аныктоо менен биздин мамлекетке тыштан келип билим алууну каалагандар үчүн өзүнчө билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу жана билимди экспорттоону мындан ары дагы күчөтүү зарыл экендигин билдирет. Бул максатта биздин өлкөгө сырттан келип билим алып жаткандардын социалдык

структурасын изилдөө, алар кайсы өлкөлөрдөн келип жаткандыгын, алар үчүн жогорку билимдин кайсы багыттары артыкчылыкка ээ экендигин, тек гана бизде жогорку билим алуу арзан болгондуктанбы же башка себептер бар экендигин аныктоо менен билим берүүнүн сапатын дагы жогорку деңгээлге көтөрүү маселесин чечүүгө өбөлгө түзөт.

**Таблица 4.7. Бүткүл дүйнөлүк банктын жүргүзгөн изилдөөсү боюнча ЖОЖдордун Борбордук Азия Республикалары боюнча өсүү динамикасы**[128, с.41]

| | 1998 1999 | 1999/ 2000 | 2000/ 2001 | 2001/ 2002 | 2002/ 2003 | 2003/ 2004 | 2004/ 2005 | 2005/ 2006 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Казахстан** | | | | | | | | |
| **жалпы** | | | 170 | 185 | 177 | 180 | 181 | 181 |
| **мамлекеттик** | | | 24 | 59 | 50 | 46 | 51 | 51 |
| **менчик** | | | 146 | 126 | 127 | 134 | 130 | 130 |
| **Кыргызстан** | | | | | | | | |
| **Жалпы** | 41 | 39 | 45 | 48 | 46 | 47 | 49 | 49 |
| **мамлекеттик** | 28 | 26 | 30 | 32 | 31 | 31 | 33 | 32 |
| **менчик** | 13 | 13 | 15 | 16 | 15 | 16 | 16 | 17 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, ушул жылдары Казахстанда мамлекеттик окуу жайлар дээрлик эки эсеге өскөн, ал эми менчик окуу жайлары кыскаруу үстүндө болгон. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эки түрү тең туруктуу өсүштө болгондугу көрүнүп турат.

Дүйнөлүк банктын анализи боюнча жогорку окуу жайлардын күнүмдүк жана капиталдык чыгымдарына, окутуучулардын эмгек акылары менен илимий изилдөө иштерине эң төмөнкү төлөмдөгү чыгым каралып келген. [128] Бул көрүнүш Казахстанда жогорку окуу жайлардын жалпы бюджетинин – 40 %га чукулу, Кыргызстанда 58,2 % жана анын ичинде 5,4% комуналдык тейлөөгө кетет. [128]

1993-жылдан баштап жогорку окуу жайларында көп баскычтуу жогорку билим киргизилген [5]: 1 – толук эмес жогорку билим (2 жыл), 2 – жогорку базалык билим, бакалавриат (4 жыл), 3 – толук жогорку билим, дипломдуу адис ( 5 жыл) жана бакалавриат базасында 2 жылдык магистрдик даярдоо. Жогорку окуу жайларында бул система 2000-жылга чейин иштеген, ал эми 2001-жылы жаңы система киргизилген [4]: бакалавриат (4 жыл), 5 жылдык адистикке даярдоо жана бакалавр базасында магистр даярдоо.

1997-2005-жылдардагы мамлекеттин жогорку окуу жайлардын финансылык чыгымын жабууга кетирген ассигнованиеси Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин башка өлкөлөрүнүкүнө караганда алда канча аз болгон.

Эркин рыноктук экономикада иштөө тажрыйбанын жоктугунан мамлекеттик жогорку окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүндө бир катар мүчүлүштүктөр болгон, бул бүткүл дүйнөлүк банктын берген анализи боюнча. [128]

Билим берүү жана илим министрлигинин 2005-2006-окуу жылы боюнча Кыргызстандагы жогорку окуу жайларга келип окуган чет өлкөлүк студенттердин саны 20 035ке жеткен. Анын ичинен Бишкек шаарындагы ЖОЖдордо 2 715 студент окушкан. Эгемендиктин алгачкы жылдарында коңшу Таджикстандан, Казахстандан, Түркмөнстандан келип окуган студенттердин саны басымдуулук кылса, бара-бара Турция, Пакистан, Кытай, Индиядан келген студенттердин саны өсүүдө. Эгерде 1998-99-окуу жылында Туркия, Кытай, Индия, Пакистандан келип окуган студенттердин саны 164 болсо, 2002-2003-окуу жылында 1183кө жеткен. [128]

Болон окутуу системасына кирүүдөгү шарттардын бири жогорку билим берүүдө дүйнөлүк стандартка кирүү менен бирге чет өлкөдөн студенттердин келип окуусуна ыңгайлуу шарттарды түзүү.

Кыргызстандын Жогорку окуу жайларында окуп жаткан чет өлкөлүк студенттер жөнүндө маалымат (2008-2009-окуу жылы) төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

**Таблица 4.8. Кыргызстандагы Жогорку окуу жайларында окуган чет өлкөлүк студенттердин саны** [132]

| **Жогорку окуу жайлар** | **Өлкө-өнөктөштөр** | **саны** |
|---|---|---|
| Кыргыз-Өзбек Университети | Өзбекстан | 2675 |
| БатМУ | Таджикстан | 1636 |
| И. Арабаев атындагы КМУ | 1025 – Казакстан,<br>69 – Түркмөнстан | 1201 |
| И.Ахунбаев атындагы КММА | 412 – Пакистан,<br>131 – Индия | 1003 |
| ИСИТО | 724 – Түркмөнстан | 730 |
| Б.Ельцин атындагы КОСУ | 415 – Казахстан, 236 – КНР,<br>67 – Таджикстан. | 680 |
| Ж. Баласагын атындагы КУУ | 130 – Туркия,<br>61 – Туркменстан,<br>240 – Өзбекстан,<br>163 – Пакистан. | 644 |
| ОшМУ | | 620 |
| КТУ Манас | 308 – Туркия, 98 – Россия. | 532 |
| Эл аралык Жогорку медициналык мектеп | 347 – Индия, 153 –Пакистан. | 503 |
| К. Карасаев атындагы БМУ | 232 – Кытай, 71 –Турция,<br>104 – Казакстан. | 462 |
| И. Раззаков атындагы КМТУ | 217 – Казахстан,<br>76 – Түркмөнстан. | 418 |
| КМКТАУ | 220 –Түркмөнстан | 220 |
| ЭЛ аралык АтаТүрк Ала Too университети | 121 –Турция | 188 |

Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдагы маалыматына карасак чет өлкөдөн келип окуган студенттердин басымдуу бөлүгү КМШ өлкөлөрүн түзөт, болжол менен 25 миң студент келип билим алган. Алардын 2,3 % бюджетте, 97,7 % контрактык негизде окушкан. Алардын теңинен көбү Кыргызстандын түштүк аймагындагы жогорку окуу жайларында окушкан. Чет өлкөдөн келип окуган студенттердин 91% мамлекеттик жогорку окуу жайларында окушкан.

2008-жылга чейин келип окуган чет өлкөлүк студенттердин ичинен Туркия мамлекетинен келип окугандардын саны көбүрөөк болгондугун белгилей кеткибиз келет. [125]

Жогорку билим берүү системасын толук каржылоого мамлекеттик каражаттын жетишсиздигинен улам, жаңы саясий-экономикалык шарттардан улам жогорку окуу жайлар финансылык жактан колдоо көрсөтүүгө даяр донорлорду чет жактардан издей башташкан. Натыйжада билим берүү боюнча эл аралык мамилелер калыптана баштаган. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинде Тышкы байланыштар бөлүмү түзүлгөн, кийин 1999-жылы бул бөлүм Тышкы байланыштар жана инвестиция боюнча борбор болуп түзүлгөн.  Жогорку окуу жайлардын өзүндө тышкы байланыштар боюнча бөлүмдөр түзүлүп, иштей баштаган.

Жогорку окуу жайларда алгач эл аралык байланыштар студенттер менен окутуучуларды алмашуусу менен башталган. Бир катар окуу жайларда чет мамлекеттердин окуу жайлары менен биргеликте атайын факультеттер, борборлор ачыла баштаган. Мисалы, Кыргыз улуттук университетинде Кыргыз-Америка, Кыргыз-Европа факультеттери ачылган. Кыргыз мамлекеттик курлуш, транспорт жана архитектура университетинде Кыргыз-Орус факультети түзүлгөн. Акырындык менен Эл аралык (БААУ, КТУ, КРСУ ж.б.) жогорку окуу жайлар ачылган.

Батыш Европа өлкөлөрүнүн ичинен жогорку окуу жайлардын Германия мамлекети менен болгон эл аралык жогорку кесиптик билим берүүдөгү

ишмердүүлүгү бир кыйла масштабдуу болгон, башка өлкөлөргө салыштырганда. Эгемендиктин алгачкы мезгилинде эле, 1992-жылы ФРГ менен Кыргыз Республикасынын ортосунда дипломатиялык алакалар түзүлүп, 1993-жылы август айында өкмөттөр аралык келишимге кол коюлган.

Германия менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташуу негизинен Германиянын академиялык алмашуулар кызматы – DAAD прораммасы аркылуу жүргөн. DAAD ар түрдүү профилдеги 230 жогорку окуу жайды, 129 студенттик корпорацияны бириктирген. [54] DAAD программасы студенттерге, жаш окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын мугалимдерине стипендияларды, ар түрдүү багыттагы илимий-изилдөөлөрдү жүргүүзүгө финансылык каржылоолорду жасаган.

Кыргызстандын Эл аралык университети (МУК) 1994-жылдан баштап Академиялык алмашуулардын Германиялык кызматы (DAAD) программасынын алкагында Кельн жана 1996-жылы Ганновер университеттери менен кызматташуусун баштаган. [54]

Германия менен жогорку кесиптик билим берүүдө Кыргыз Мамлекеттик Медицина академиясынын кафедралары кеңири байланыш түзүшкөн. Онкология, Нерв диагностикасы жана Дарылоо кафедрасы Германиялык «Asta Medica AG» медициналык фирма менен шишик оорuларын дарылоодогу препараттарды сыноодон өткөрүү максатында кызматташа башташкан. Ал эми «Гедеон Рихтер» немец фирмасы менен Нерв оорулары жана Нейрохирургия кафедрасы, Адамдын анатомиясы кафедрасы Фрайбург университетинин кардиологиялык клиникасы, Оперативдик хирургия кафедрасы Гейдельберг университети, Терапия кафедрасы Берлиндеги «Chartit Fraz – Volard - Klinik» уюму менен кызматташа баштаган. [54]

1995-1997-жж. Кыргыз Мамлекеттик Медицина академиясынын Анатомия кафедрасынын кызматкери К. Дуйшенова Гейдельберг университетинде, Инфекциялык жана инвазиондук ич ооруулары кафедрасынын доценти К. Беримкулова 1998-ж. Гиссенском университетинде стажировкадан өтүшкөн. 1998-жылы бир жылдык мөөнөткө DAAD

программасы боюнча 4 окутуучу (2- КМУУ, 1- БГУ, 1 – КГПУ) билимдерин өркүндөтүүгө барып келишкен. [106, с.55]

1994-1995-жылы Германияга DAAD программасы боюнча 73 адам барган. Алардын көпчүлүк бөлүгү Гете атындагы институтта немец тили боюнча стажировкадан өтүшкөн. [106, с.50] Ал эми, 1996-1997-окуу жылында 78 адам ар түрдүү мөөнөткө кызматташуунун алкагында барышып, билимдерин өркүндөтүп келишкен. [106, с.55]

Кыргызстандын билим берүүсүнө Эл аралык донолор тарабынан берилген 27 млн. 260 миң АКШ доллары көлөмүндөгү финансылык колдоодо Германиянын жумшаган каражаты 18,5% түзгөндүгүн 1998-жылы майда өткөн Борбордук Азиядагы университеттердин ректорлорунун семинарында айтылган. [84, с.68, 73; 106, с.55]

1996-жылы Кыргыз Техникалык университети Кемнитц-Цивиккау университети жана Митвейда Жогорку мектеби менен келишим түзүшүп кызматташа башташкан. [106, с.51]

1998-жылы Кыргыз-Россия Славян университети Айштат университети менен кызматташууну ишке ашырган. [106, с.51]

1996-жылы Бишкек Гуманитардык университети германиялык «Интер национес» коомунун көмөгү менен 450дөн көп аталыштагы адабияттарды алышкан. [106, с.51]

Кыргызстандын Франция менен болгон билим берүүдөгү расмий кызматташуусу1994-жылы июндагы эки өлкөнүн ортсундагы маданий жана илимий-техникалык кызматташуусу жөнүндөгү келишимдин түзүлүшү менен башталган. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ичинен алгачкылардан болуп 1994-жылы сентябрда Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университети Париждеги Чыгыш тилдеринин жана цивилизацияларынын улуттук институту менен келишим түзгөн. [106, с.56]

1995-жылы Франциянын Кыргызстандагы элчилигинин алдындагы тил жана билим берүү боюнча бюросунунун кызматташуусунун алкагында 100 миң АКШ доллары көлөмүндө билим берүү багытында иш аткарылган. [106, с.56]

1998-жылы TEMPUS / TACIS программасынын алкагында 18 окутуучу стажировкадан өткөн. [106, с.59]

1994-жылдын декабрында Лондондо Кыргызстандын Улуу Британия менен билим берүү, илим жана маданият жаатындагы кызматташуусу боюнча келишимге кол коюлган. 1995-жылы Кыргызстандын Эл аралык университети (МУК) Манчестер университети менен, 1997-жылы Кыргыз Техникалык университети (КТУ) Сандерленд университети, 1998-жылы Кыргыз-Россия Славян университети (КРСУ) Манчестер жана Бирмингем университеттери менен, Кыргыз Мамлекеттик Медициналык академиясы (КММА) Саузхемитон университеттери менен кызматташууларын баштаган. [106, с.61]

1998-жылы Кыргыз агрардык академиясынын ректору Ж. Акималиев TEMPUS программасынын алкагында «Кыргыз агрардык академиясында айыл чарба экономикасы областындагы окуу процессин кайра уюштуруу» боюнча кыргыз-англо-голландык долбоорду ишке ашыруу максатындагы кызматташуу боюнча келишим түзүүгө жетишкен. Долбоорду ишке ашыруу үчүн гранттык негизде 482,5 миң евро (550 миң АКШ доллары) берилген.

Ал эми И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университети (КМПУ) 1996-жылы Нидерландиядан «Аномалдуу балдар, аларды окутуу, тарбия берүү, интеграциялоо жана кайра калыбына келтирүү» программасынын негизинде 7800 АКШ доллары көлөмүндөгү грантты утуп алышкан. [106, с.65]

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык айдыңдагы кызматташуусу көп тармактуу болгон. Бул кызматташуулардын аркасында окуу жайларга болгон финансылык колдоолор көбөйгөн.

Жогорку окуу жайлардын курамында заманбап биргелешкен структуралык бөлүмдөрдүн (институт, факультет, борбор, лаборатория ж.б.) ачылышы, гранттык негиздеги программалардын алкагында профессордук-окутуучулук курам менен студенттердин мобилдүүлүктөрүн ишке ашыруу аркылуу, тажырыйба алмашуу, спонсордук колдоо, окуу процесстерине керектүү жабдуулар менен камсыздоодогу көмөк көрсөтүү ж.б.

Эл аралык кызматташуу окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусуна түздөн-түз салым кошуу менен базар экономикасынын негизиндеги окуу жайлардын экономикалык абалдарын жакшыртуудагы булактардын бири болгондугун белгилейбиз.

Жогорку окуу жайлардын чет өлкөлүк окуу жайлар, финансылык колдоо көрсөтө турган донордук уюмдар, коомдор менен кызматташуусу ири алдыда ЖОЖдордун профессордук-окутуучулук курамынын билим, тажрыйба алмашуусуна, илимий изилдөөлөрүнө көмөкчү финансылык каражаттардын табылышына ыңгайлуу шарт болгон.

Жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусуна өбөлгө түзүү менен окуу жайлардын окуу, илимий-изилдөө иштери менен катар академиялык мобилдүүлүктөрүнө шарт түзгөн.

1997-жылы Кыргыз Улуттук Университетине ар кандай программада бир катар каражат келип түшкөн: TEMPUS программасы 1,2 млн. евро (1,6 млн. АКШ доллары), ушул эле прогрмманын Кыргыз-Европа факультети (КЕФ) долбоору боюнча 890 000 АКШ доллары, TACIS-1 программасы боюнча 1 млн. АКШ доллары, TACIS-2 программасы боюнча 200 000 АКШ доллары, INTAS программасы боюнча 70 000 АКШ доллары, UNESKO 25 000 АКШ доллары, UNDP 60 000 АКШ доллары, EVRASIA 20 000 АКШ доллары, А. Гордун гранты Кыргыз-Европа факультетине 200 000 АКШ доллары, АКШнын универстеттик гранты 100 000 АКШ доллары, Корея Республикасынын TAEBAEC GRUP 1 млн. АКШ доллары, Корея республикасы эки жолу кредит берген( 1 млн. АКШ доллары; 12 млн. АКШ доллары). [102, с. 47] Инвестициялык каражаттардын баары накталай валюта түрүндө келген эмес, гранттардын басымдуу бөлүгү окуу процесстери үчүн каражаттар, компьютерлер, окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн каражаттар, заманбап дүйнөлүк билим берүү стандарттарына туура келген окуу китептер түрүндө берилген жана программалардын ичинде студенттердин академиялык мобилдүүлүгү менен профессордук-окутуучулук курамдын чет өлкөлүк универститеттерден стажировкадан өтүүлөрү каржыланган.

Университет ички кирешелеринин эсебинен социалдык коргоо багытындагы иштерди дагы аткарып келген.

1995-жылы февралда Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин Кыргыз-Америка факультетине АКШнын информациялык агенттигинин 500 000 АКШ доллары көлөмүндөгү гранты берилген. Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университети Америка Кошмо Штаттарынын эки университети (Браун жана Джорджа) жана бир нече мамлекеттик жогорку окуу жайлары менен консорциум түзгөн. [102, с.60]

1995-1998-жылдары Евросоюздун TEMPUS программасынын долбоору боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинде (Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети) Кыргыз-Европа факультети контрактык-коммерциялык негизде экономика жана башкаруу сферасынын багыттарындагы адистерди даярдай баштаган. Долбоорду ишке ашырууда европанын 3 жогорку окуу жайы катышкан: Франциянын Гренобль шаарындагы Pierre Mendes France университети, Сент-Этьен шаарындагы Jean Monnet университети жана Испаниянын Мадрид шаарындагы UNED университети. [111, с.236]

Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин экономика факультетинин бюджетте окуган 1 студентине мамлекеттик бюджеттен 6759 сом кетсе бир жылда, Кыргыз-Европа факультетинин «Экономика жана башкаруу» адистигинде окуган студентке окуу акысы үчүн 11 000 сом бекитилген. [102, с.106] Окутуунун бул акысына мамлекеттик стандарттан тышкары европалык TEMPUS / TACIS окуу программаларынын базасы; 2-курстан кийин Европалык университеттерге которулуусу; 2 европалык тилди өздөштүрүүсү, чет өлкөлүк окутуучуларды тартуу менен; информатиканы терең өздөштүрүү; группада студенттердин саны 10-12ден ашпашы; стдуденттердин даярдануусу үчүн практикалык материалдарды берүү; студенттердин өз алдынча даярдануусу үчүн лингафондук, компьютердик класстарды пайдаланууга берүү каралган.

2002-2007-жылдар аралыгы Өзбекстандын билим берүү системасына эл аралык донорлор аркылуу жалпы көлөмү 1 млрд. АКШ долларынан ашык 122 долбоор ишке ашкан. Анын ичинен жогорку билим берүүгө 4,19 % же 43 738 551 АКШ доллары инвестицияланган. [103]

2010-жылы Европа Биримдигинин Борбордук Азиянын республикаларынын билим берүү системасына TEMPUS программасы боюнча инвестициясын жылына 10 млн. еврого көтөрүү боюнча милдеттенме алган. [144]

1994-жылы Темпустун Кыргызстандын жогорку окуу жайларында JEP пилоттук долбоору киргизиле баштаган. 1994-2009-жж. аралыгында 36 ири долбоор иштеген жана жогорку окуу жайлардын Болон системасына кирүүсү менен байланышкан[144].

Европа Биримдигинин  Erasmus Mundus программасы 2004-жылы бекитилген. 2007-2008 жылдары Борбордук Азия республикаларына программанын алкагында 4 млн. евро бөлүнгөн, анын ичинен 1,3 млн. евро Казакстандын жогорку окуу жайларына, калган 3,1 млн. евро башка постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттеринин жогорку окуу жайларына бөлүнгөн. [144] Erasmus Mundus гранттык долбоору жогорку билим берүү системасындагы академиялык мобилдүүлүккө арналган. 2007-жылы программанын алкагында Кыргызстан, Өзбекстан менен Таджикстанга 39 окутуучу келсе, бул республикалардан 101 окутуучу Европа Биримдигинин жогорку окуу жайларына стажировкага жиберилген. [144]

Эл аралык программалардын алкагындагы студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүктөрү жогорку окуу жайлардын билим берүүсүнүн сапатынын жакшырышына, студенттердин билим алуусундагы стимулдун өсүшүнө таасирин тийгизген. О.э. жогорку билим берүү сферасындагы интеграциялануусуну тездетүүгө, билим берүү стандарттарын жакшыртууга өбөлгө түзгөндүгүн белгилегибиз келет. Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын Жогорку Билим Берүү системасына коюулган милдеттердин негизи дагы ушунда.

2000-жылы англис тилин профессионалдуу окутуу (SPELT) программасы боюнча 3 окутуучу-методист И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университетинин (КМПУ) Дүйнөлүк тилдер институтунда Хелен Привост, Сьюзан Санфлауэр, Ош Мамлекеттик университетинде Алисон Освальд иштешкен. Алардын ишмердүүлүгүнө Сорос фонду 24 802 АКШ долларын окутуучулардын Кыргызстандагы визалык колдоосу, транспорттук чыгымдары, эмгек акысы, күнүмдүк жашоо, командировкалык чыгымдарына төлөгөн. [143, с.63]

1999-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетине TEMPUS / TACIS француздук долбоорунан гранттык негизде 1609,4 миң сом берилип, бул каражатка оргтехника алынган. [15, л.5]

Сорос-Кыргызстан фондусунун «Илим жана айлана чөйрө» программасынын негизинде алынган грант илимий изилдөөнүн жабдылышына, Жайкы экологиялык мектепти каржылоого, илимий басылмаларды чыгарууга жумшалган. Ушул эле гранттык программа боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университети «Экологиялык ресурстук борбор», Ош Мамлекеттик университети «Түштүк экологиялык ресурстук борбору» долбоорлоруна ар бири 2, 500 АКШ долларын алышкан. [143, с.64-65]

«Жогорку билим берүүнү колдоо» программасы боюнча: Кыргыз-Россия Славян университетинин 2 студенти Самаева А., Афанасенко А. Россиянын Смольный колледжинде жарым жылдык стажировкадан өтүү үчүн траснпорттук чыгымдар, жашоо, тамак-ашы үчүн фонддун 4,900 АКШ доллары грантын алышкан. [143, с.76]

Кыргыз-Россия Славян университети Сорос-Кыргызстан фондусунан 2000-жылы «Юридикалык клиника» долбоору үчүн 18 670 АКШ долларын алган. Бул каражат долбоордун алкагында басылмаларды чыгаруу, кереге стол, тренингдерди, жай үчүн аренда, байланыш, компьютердик жана техникалык кызматтар үчүн чыгымдалган. [143, с.76]

Кыргыз Республикасынын Ички Иштер министрлигинин Академиясы аталган фонддон (Сорос-Кыргызстан фонду) 16 000 АКШ долларын «Создание

центра подготовки и повышение квалификации сотрудников правоохранительных органов в области защиты конституционных прав и свобод граждан» долбооруна алышып, жыйнактарды чыгаруу, тегерек стол өткөрүү, тренинг ж.б. кызматтар үчүн жумшаган. [143, с. 76]

Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин, Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультеттеринин окутуучуларын (3) Будапештте өтүүчү билимдерин өркүндөтүүчү курска жиберүү үчүн 2 253 АКШ доллары берилген. [143, с. 81] Кыргыз-Россия Славян университетинин Граждандык жана коммерциялык укук кафедрасынын башчысы Ниязова А. Н. фонддун каржылоосу менен (1 030 АКШ доллары) Будапештте 2000-жылдын июнь-июль айларында өткөн «Клиникалык-юридикалык билим берүү» деген темадагы семинарына катышып келген. [143, с.81]

Фонддун 1 828 АКШ доллары каражатына Кыргызстан Эл аралык университетинин окутуучусу Сыдыков К, Нарын Мамлекеттик университетинин (НМУ) окутуучусу Жумакова Н. Венгрияга билимин өркүндөтүүгө барышкан. [143, с.82]

